**Мамытов У. Ж.**

**Бекмурзаева Г.К.**

# ФИЛОСОФИЯ.

## ЛЕКЦИЯЛАР ЖЫЙНАГЫ



**ОШ-2014-ж.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КООМДУК ИЛИМДЕР КАФЕДРАСЫ**

**Мамытов У. Ж.**

**Бекмурзаева Г.К.**

# ФИЛОСОФИЯ
# ЛЕКЦИЯЛАР ЖЫЙНАГЫ

ОШ-2014-ж.

УДК 327

ББК66.2(2)

Б22

*Ош технологиялык университетинин усулдук*

*Кеңешинин сунушу менен басылды*

**Жооптуу редактор: тарых илимдеринин доктору,**

**профессор Б.А.Нурунбетов**

**Рецензенттер: философия илимдеринин доктору,**

**профессор А.К.Кулназаров**

**Тарых илимдеринин кандидаты , доцент Ч.Сатыбалдиева**

**Мамытов У. Ж. , Бекмурзаева Г.К.**

Философия лекциялар жыйнагы.- Ош., 2014.- 138б

Бул окуу куралы философия боюнча программанын негизинде жогорку окуу жайларынын студенттерине ылайыкталып жазылды.

Философияны кыргыз тилинде окутуунун да, окуунун да кыйынчылыгы бул тилде алгылыктуу окуу китептеринин жана усулдук колдонмолорунун, иштелмелердин жарыкка аз санда чыгуусунда турат. Ошондуктан, философиянын маселелерин, анын өнүгүү жолдорун жана келечегин терең билип түшүнүү үчүн кыргыз тилиндеги адабияттарды басмадан чыгаруу учурдун актуалдуу маселелеринен.

Ош технологиялык университетинин усулдук кеңеши тарабынан басмага сунушталды.

Чоң болгун, кичи болгун баары бирдей,
Жаза өтпөйт тагдыр аткан огу тийбей .
Гений бол аалам сырын ачам деген,
Өтөсүң жүздү билсең, миңди билбей.

***Садык Гавай.***

## Киришүү

Философия изилдеген маселелердин эң орчундуу тарабын дүйнөгө көз караштын өңүттөрү түзөт. Коомдун өнүгүшү менен бирге философиялык көз караш да кубулуп, өзгөрүлүп турат. Философиялык ой жүгүртүүнүн азыркы өткөөл доордо абдан курчуп турушу адамзаттын дүйнөгө көз караштык меселелерине жооп изденүү менен байланыштуулугун далилдөөдө.

Кыргыз коомунун жана аны менен бирге калкынын аң-сезиминин трансформацияланууу (кескин өзгөрүлүү) шартында кыргыз коому тарабынан өзүн аңдап билүү жана жалпы дүйнөлүк цивилизация жараянындагы ээлеп турган ордун сезип түшүнүүнүн зарылдыгы өсүүдө. Бирок, мындай жетишкендикке коомду түзүп турган ар бир жеке инсандын өзүн-өзү андап билүү сезиминин калыптанышынын негизинде гана ээ болуу мүмкүн. Демек, учурдук коомдук текши жаңылануу шартында философиянын мааниси абдан өсүүдө.

Так илимдердеги ой жүгүртүү маданияты жана дүйнө таанымдык принциптер менен бирге философияда аны окутуу да жаңылануда. Анткени жаш муунду жалпы адистик баалуулуктар менен улуттук маданияттын биримдигинин негизинде окутуу зарыл.

Ошондуктан, философия курсун республикада жашаган элдердин тарыхый калыптанган аң-сезимине, рухийлик дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүнө байланышта окутууга талап коюлгандыгын Кыргыз республикасынын билим

берүү, илим жана маданият министрлиги 2004-жылы кабыл алган базалык жогорку билим берүү мамлекеттик стандартынан көрүүгө болот. Аталган стандарттын негизинде Ош технологиялык университетинде дүйнөлүк философиянын тарыхы менен бирге Чыгыш, айрыкча, Борбордук Азия элдеринин, кыргыз элинин философиялык ой жүгүртүүсү өтүлөт.

Философияны окутуунун негизги максаты – студенттердин дүйнөгө гумандуу көз карашын, ой-жүгүртүүлөрүнүн маданиятын, адеп-ахлактык жетилишин, өз ишине чыгармачылык мамиле түзүүнү калыптандыруу, билиминин көлөмүн кеңейтүү, билимге, таанымга өз алдынча умтулууга пайдубал түзүү. Ушуга байланыштуу философияны окутуунун милдетерин төмөнкүлөр түзөт:

- жаратылыштын маңызын, анын өнүгүү жолдорун түшүнүүдө, жаратылышты таануунун усулдарын жана ыкмаларын өздөштүрүүдө, аны менен гармонияда жашоону үйрөнүүдө студенттерге жардам берүү;
- коомдук кубулуштарды, адамдын жаратылыштагы ордун, өзүн өзү өркүндөтүү жана айлана-чөйрөнү жакшыртуунун жолдорун талдоого болочок адистердин жөндөмдүүлүгүн тарбиялоодо көмөктөшүү.

Философияны кыргыз тилинде окутуунун да, окуунун да кыйынчылыгы бул тилде алгылыктуу окуу китептеринин жана усулдук колдонмолорунун, иштелмелердин жарыкка аз санда чыгуусунда турат. Ошондуктан, философиянын маселелерин, анын өнүгүү жолдорун жана келечегин терең билип түшүнүү үчүн кыргыз тилиндеги адабияттарды басмадан чыгаруу учурдун актуалдуу маселелеринен.

**Лекция 1. Адам жана коомдун турмушундагы философиянын мааниси.**

1. Философиялык дүйнө таанымдын өзгөчөлүгү.
2. Философиянын негизги маселеси.
3. Философиянын түзүлүшү жана коомдук кызматтары.

**Философиялык дүйнө таанымдын өзгөчөлүгү.**

Дүйнөгө болгон көз караш адамдын курчап турган дүйнөсүнө, коомго жана өзүнүн өзүнө болгон көз караштарынын системасы. Байыртадан бери эле адамдар практикалык ишмердүүлүктөрүндө, өздөрүнө ченемдүү байлыктарды өндүрүүдө, тынымсыз таанымында алдыларына көп кырдуу суроолорду коюп, ой жоруп, аларга жооп издешкен. Адамдарды кызыктырган негизги маселелер космосту, жаратылышты, коомду андагы адамдардын орду жана маңызын, жашоосун жана келечегин түшүнүүгө багытталган. Адамзаттын өзүн, курчап турган дүйнөнү, анын чексиз предметтерин, кубулуштарын түшүнүүгө, таанууга жана изилдөөгө умтулушунун ачык көрүнүшү катары дүйнөгө болгон көз караш калыптанат. Дүйнөгө болгон көз караш- коомдук жана индивидуалдык аң сезимдин татаал системасы, б.а. реалдуулук тууралуу мифтердин, диний пикирлердин, ишенимдердин баяндамалардын, билимдердин, эрежелердин, идеалдардын же жалпы эле руханий баалуулуктардын бири-бири менен тыгыз байланышкан жыйындысы. Дүйнөгө болгон көз караш менталитет деген түшүнүккө да маанилеш келет. "Менталитет"деген термин француз тилинен которгондо акылдын жыйыны, ой жүгүртүүнүн топтому дегенди билдирет. Менталитет бир элдин же улуттун ой жүгүртүүсүнүн, аң сезимдик ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы, маданиятынын, традициялык үрп-адатынын натыйжасы.[1]

Адамзат цивилизациясынын татаал карама- каршылыктуу өнүгүүсүндө калыптанган дүйнөгө болгон көз караш тарыхый социалдык мүнөзгө ээ жана

---

[1] Нижников С.А. Философия.- М., 2009.21-б.

көп кырдуу билимдердин системасы катары төрт негизги компоненттен турат: а) таанып билүүчүлүк компонент ( реалдуулук жөнүндөгү күнүмдүк теориялык билимдер, профессионалдык пикирлер, илимий эмес көз караштар, ар түрдүү элдердин ойлоо стили, курчап турган чөйрө жөнүндөгү көз караштар); б) баалуулук нормативдик компонент ( табияттык коомдук кубулуштардын, адамдардын, алардын турмушунун баалуулуктардын , каада-салттардын алып жүрүүчүсү катары кабыл алынышы, мындай баалуулуктарды өздөштүрүү аркылуу ар бир атуулдун өз жүрүм- турумун жөнгө салуусу, анын руханий кенчке айлануусу); в) эмоциялык эрктик компонент (дүйнө таанымда адамдар эмоцияга берилет, эрктүүлүккө умтулат, аларда эрктүүлүк, чыдамкайлык, эргүү элементтери калыптанат); г) практикалык компонент ( адамдар кубулуштарды өздөштүрүп эле тим болбостон, аларга активдүү мамиле жасашып, өздөрү катышышат, натыйжада жаратылыш предметтери өзгөрүүгө учурап, маданият жаралат).

Дүйнө, аалам жана андагы адамдын орду, табият, жашоо жана анын маңызы туурасындагы көз караштардын жыйындысы дүйнөгө көз караш деп аталат. XIX кылымдагы орус философу В. Соловьев: «дүйнө тааным – бул акылдын орун алгандыгы»[2]деп белгилеген. Дүйнөгө болгон көз караштыы философия изилдейт. Философия гректердин phileo – сүйүү жана sophia – акылмандуулук деген терминдеринен алынган. Түздөн-түз котормосу «акылмандуулукту сүйүү» дегенди түшүндүрөт. Б. з. ч. VI кылымда «философия» деген терминди грек математиги жана ойчулу Пифагор колдонгон. Ал өзүн философ деп эсептеген. Анткени, мен акылмандуулукту сүйгөн, ага умтулган адаммын деп жазган[3]. Пифагордун пикири боюнча акылмандуулукка, жакшы жашоого умтулган ар бир эркин адам философ боло алат. Демек, байыркы мезгилдерде дүйнөнү таанып билүүгө, өздөштүрүүгө, билим алууга умтулгандарды философтор деп аташкан.

---

[2] СолоповЕ.Ф. Философия . Курс лекций.-М., 1997.8-б.
[3] Немировская Л.З. Философия. Курс лекций.- М., 1995. 11-б.

Ал эми грек окумуштуусу Аристотель «жалпы билимге» ээ болгон адамды философ деп эсептейт, (житейский) жөнөкөй акылдан философиялык акыл өзгөчөлөнөт, айрым предметтер жөнүндө атайын билим албаса да жалпы билимге ээ болгон адам, ал адамдарды таң калтыра алат деп белгилеген. М: айдын абалынын алмашышын, Күн, жылдыздардын жайгашуу өзгөчөлүгүн өзүнүн б. а. адамдын келип чыгышын билет. Анткени анын акылы жалпы билимдерден турат деген[4].

Дүйнө тааным – бул ишеним. Ишенимдин негизги фактору ишенбөөчүлүк (сомнение). Скептистке даяр болуу, ишенбөөчүлүк, билим жана акыйкат аркылуу ишенимге жетүү болуп эсептелет.

Дүйнөгө болгон көз караш төмөндөгү типтерден турат:

**1**.Мифология – гректин miphos – легенда, жомок, logos – сөз, окуу деген сөзүнөн алынып, түздөн-түз котормосу «жомоктор жөнүндөгү окуу» дегенди түшүндүрөт. Коомдук аң-сезимдин бир формасы катары, коомдун алгачкы стадиясына таандык дүйнө таанымдын тиби. Дүйнө жүзүндөгү элдердин бардыгында жомоктор болгон. Байыркы Грециянын жомокторунда дүйнө, кудайлардын жаралышы жөнүндө төмөндөгүдөй мифологиялык көз караштар бар: «Алгач ааламда чексиз, карангы Хаос өкүм сүрүп, анда жашоонун булагы башталат. Чексиз Хаостон – бүт дүйнө жана өлбөс кудайлар жаралган. 1. Хаостон – жер кудайы Гея, алыста коркунучтуу тартар пайда болгон. Ага карама-каршы Хаостон күчтүү, бардык нерсеге жан берген сүйүү – Эрос, түбөлүк жамандык Эреб жана караңгы түн – Нюкта, түн жана жамандыктан түбөлүк жарык Эфир, кубанычтуу күн – Гелир кудайлары жаралып, бири-бири менен алмашып Күн, Түн жаралган деп айтылат. Байыркы Грецияда «Нарсис» жомогунда төмөндөгүлөр баяндалат: Сулуу баатыр Нарсис – өзүнөн башка эч кимди сүйбөгөн, өзүнүн жаңырык үнүн угуп, токойго барат да, өзүнүн көрүнүшүн агып жаткан суудан көрүп калат да, эч нерсе жебей, ичпей бир нече күн өзүнүн сулуулугуна суктанып карап

---

[4] Немировская Л.З. Философия . Курс лекций. - М., 1995.12-б.

олтурат да, дарыянын жээгине жыгылып жатып, алдан тайып өлүп калат. Баатыр өлгөн жерге, өлүмдүн ак гүлү өсүп чыгат. Ал гүлдү Нарсис деп аташат. Демек, адамдын жашоосунун манызын адамдын кебете-кешпиринен, күчүнөн издешкен. Философияда өзүн-өзү сүйүүчүлүк нарцизм деп аталат. [5]

Миф – руханий маданияттын алгачкы формасы. Анда ар бир элдин акылдуулугу, ар түрдүү дүйнөгө болгон көз караштары чагылдырылган. Өтө жөнөкөй болсо да алгачкы адамдар ар түрдүү табияттын кубулуштарына жооп табышкан. Мифтер ар бир улуу окумуштуу акындардын, жазуучулардын чыгармаларынан орун алган.

**2.**Диний көз караш – латын тилинен которгондо religio – ишеним, сырткы күчтөргө ишенүү дегенди түшүндүрөт.

Ишеним – дүйнө, аалам, адам проблемаларын сырткы ыйык, улуу күч (Кудай) менен байланыштырат. Мифологиядан айырмаланып диний көз караш адамдардын бүтүндөй жашоосун, өмүрүн сырткы күчкө, бийик кудуретке ылайыкташтырат да, элдердеги асыл сапаттар, адамзаадалык жашоо образын кудай менен жалгаштырып, культтук системага таянат. Бул көз караште жердеги жана “чыныгы” же түбөлүктүү жашоолор бири бирине карама каршы коюлат, табиятка, адамдарга караганда кудай дүйнөлүк масштабда кудуреттүү, ыйык бийик болмуш (феномен) катары элестетилген. Ушул өңүттө диний көз караштын борборунда чыныгы жогорку баалуулуктарды, жашоодогу акыйкат жолду издөө, аларды абсолюттук критерий менен байланыштыруу турат.

Орто кылымдарда диндин күч алган учурунда ааламдын жаралышында кандайдыр бир кадыр-баркка, чиркөөнүн, мечиттин, кудайдын бардыгына сыйынуудан башташкан. Диндин таасири астында мораль, этика калыптанган б. а. адамды сүйүүгө чыдамкайлыкка, азапты жеңе билүүгө, мээримдүүлүккө тарбиялайт.

---

[5]Немировская Л.З. Философия . Курс лекций. - М., 1995.15-б.

Атеизм бардык динди – обьективдүү идеализм деп күрөшүп келген. Идеализм жана дин адамдын жаралышын – аалам, жашоонун келип чыгышын сырткы күчтөр менен байланыштырып изилдейт, адамдын аң-сезимине, жүрүм-турумуна бирдей таасир этет. Табият алдындагы адамдын алсыздыгынан дин келип чыккан. Азыр Россияда кырктан ашык диний агымдар бар.

Диний көз караштар төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнөт:

1. Дүйнөлүк диндер : христиан, буддизм, ислам.
2. Улуттук диндер: конфуцийчилик, синтоизм, индуизм.
3. Уруулук диндер: анимизм, фетишизм, магия.

**3**.Күндөлүк практикалык көз караш – тарбиядан, алынган билимдердин негизинде келип чыккан көз караштардын системасы. Бул көз караш динге да, илимий фактыларга да таянышы мүмкүн, бирок, ал илимий фактылар илимий версиялар менен шартталбайт. Мисалы, окумуштуулардын, окутуучулардын, акылмандардын, жөнөкөй эле адамдын көз карашы болушу мүмкүн.

**4**. Философиялык көз караш – б. з. ч. VI кылымда грек окумуштуусу Пифагор жогорку акылга, туура жүрүм-турумга умтулган адамдарды «философтор» деп эсептеген. Олимпия оюндарына келген адамдарды Пифагор үч түргө бөлгөн: 1. Соода кылганы келгендер – байлыкка, дүнүйөгө умтулат, алар байлыктын кулу. 2. Даңк алууга умтулгандар, алар даңкты сүйүшөт б. а. даңктын кулу. 3. Акылмандар – байкоолору менен кумарга батат б. а. аларды байлык, атак-даңк кызыктырбайт. Алар акыл үчүн акылман болууга умтулган, эркин адамдар, анын пикири боюнча философия илими эч нерседен көз каранды болбош керек. Ал эркин илим. Философия – мифологиядан, динден айырмасы теориялык жактан калыптанган дүйнөгө көз караш. Аалам, адам, жашоо, табият жөнүндөгү жалпыланган теориялык көз караштардын системасы.

Дүйнөгө болгон көз караш тарыхка ээ, анткени адам жашап келе жаткан доорлордо пайда болуп, өнүгүп өзгөрүп, төмөндөгүдөй тарыхый түрлөргө ээ болгон:

1.Мифологиялык көз караш- дүйнө жөнүндөгү эң алгачкы ой жоруулар, божомолдоолор байыркы доорлорго таандык (осевое время б.з.ч.8-2-к.к.)

2. Космоцентристтик көз караш- биздин доорлордогу байыркы маданияттарга таандык, натурфилософия менен тыгыз байланышта өнүккөн. Классикалык Кытайдагы Дао окуусу жана Антикалык Грециядагы фюсис (табият), логос (илим) пайда болуп, адам, космос жана табият жөнүндө ой жүгүртө башташкан.
3. Теоцентристтик көз караш- бул көз караштын борборунда кудай түшүнүгү турган. Теоцентризм орто кылымдарда үстөмдүк кылган.
4. Антропоцентристтик көз караш- бул пикирдин борборунда Адам орун алган. Антропоцентризм Европада кайра жаралуу доорунда пайда болуп, азыркы мезгилге чейин сакталып келүүдө. Бул пикирдин алгачкы белгилери антикалык Грецияда жаралган, анын авторлору катары софисттер эсептелет. Протогор “ Адам – бардык нерсенин чени “- деп белгилеген.
5. Социоцентристтик көз караш- бул көз караш акыркы мезгилдерде үстөмдүк кыла баштады. Анын борборунда коом, коомдук мамилелер түшүнүгү турат. Коомдук мамилелерсиз философия да өнүкпөйт. Ошондуктан, адамдын жаралып калышына да коомдук мамилелердин да мааниси зор деп эсептеген пикир.




**Схема 1.** философия изилдеген маселелер**.**

Дүйнөгө болгон көз караш мазмуну боюнча илимий- илимий эмес, материалисттик – идеалисттик, атеисттик- диний, революциялык-консерватисттик, прогрессивдүү- регрессивдүү болуп бөлүнөт.

Дүйнөгө болгон көз караш деген түшүнүк илимге немец философу И.Кант тарабынан киргизилген. И.Канттын пикири боюнча дүйнөгө болгон көз караш адамдын аң сезиминин бөлүнгүс атрибуту. Ошондуктан ар бир адам өз көз карашына жана өзгөчө спецификалык сапаттарга ээ деп эсептейт.[6]

Философиянын тили – образдуу эмес, сүрөттөө да эмес, алар категориялар жана түшүнүктөр. Философиялык абал жөн эле бекемделбейт ага жыйынтык чыгарылат, системалык түрдө далилденет, логикалык формада такталат. (1-схеманы караңыз )

[6] ДанильянО.Г. Философия. Учебник. М.2005.10-б.

Эркин ой жүгүртүү – философиялык обьективдүү принцип. Философия диний – мифологиялык аӊ-сезим менен күрөштө калыптанып, рационалдык деӊгээлдеги дүйнөнү түшүндүрөт. (2-схеманы караӊыз)

**2. Философиянын негизги маселеси.**

Философия илим катары өнүгүшү жөнүндө эки пикир жашап келет.

1.Философия илим эмес, ал билимдердин системасы, анткени, төмөндөгүдөй критерийлер жашайт. а) философиялык көз караш – фактылар, байкоолор жана эксперименттер менен тактоого зарыл келбейт б. а. илимий билимдердин критерийлерин канааттандырбайт. б) Философиялык көз караштын эмпирикалык бекемделиши тажрыйбада такталат. в) Философияда эч качан бирдей эреже болгон эмес, ага көз караштардын плюрализми (көп пикирдүүлүк) мүнөздүү, анткени, ар бир окумуштуу көз карандысыз философиялык көз карашын түзөт. г) Философиянын так аныкталган обьектиси жок, усулдары илимий түрдө далилденген эмес, бүткүл илимдердеги изилденип жаткан проблемалардын көз караштарынын системасынан турат.

Философия илим эмес – илимге караганда кенири б. а. билимдердин системасы деп атоого зарыл деп эсептешкен.

2.Философтор – философияны илим деп аташат, анткени, философиянын онтологиялык типтеги аныктамаларына таянышат.

а) Философия – кыймылдын закондору, табияттын, коомдун, ойлоонун өнүгүүсүнүн закон-ченемдүүлүгү жөнүндөгү илим.

б) Философия – адам жана дүйнө жөнүндөгү жалпы илим.

в) Философия – алгачкы нерсенин башаты жөнүндөгү илим.

г) Антропологиялык типтеги аныктама: орус экзистенциалист философу Н. А. Бердяев философияны дух жөнүндөгү, адамдын жашоосунун маӊызы жөнүндөгү илим д. а.

Философия бүтүндөй курчап турган реалдуулукту адамдар менен ажыратпай, алардын өз ара карым катнашын иликтейт. Философия өзүнүн негизги проблемасы катары дүйнө, адам, алардын ар түрдүү жагдайларын изилдөөгө алат. Философияны кызыктырган жана ал изилдеген маселелерден үч типтеги мамилелерди бөлүп кароого болот. 1. Таанып билүүчүлүк мамиле- бүтүндөй адамзат цивилизациясынын өнүгүшү бүткүл адамдардын таанып билүүсүнүн, изилдөөсүнүн жыйынтыгы болуп саналат. 2. Баалуулук мамиле- адамдар тарабынан реалдуулуктагы асылдыктар, кооздуктар жана керемет кенчтер өздөштүрүлөт. 3. Практикалык мамиле- адамдар курчап турган чөйрөдөн предметтерди өзгөртөт, керектөөлөрүнө ылайык, чыгармачылыктын негизинде дүйнө обьектилерин социалдаштырат же “адамдаштырат”[7]

Философиянын негизги маселеси дегенибиз аң-сезимдин материяга , ойлоонун бытиеге, рухтун табиятка, идеялуулуктун материялдуулукка болгон катышы . Философиянын негизги маселесинин эки жагы бар . Биринчи жагы – эмне аныктоочу башталма ; кайсылар аныкталуучу деген суроого жооп берүү менен мүнөздөлөт. Ушул суроону чечмелөөгө байланыштуу философтор карама-каршы эки лагерге бөлүнүшкөн. Материалисттер материяны, бытиени , табиятты аныктоочу деп эсептешип, аң сезимди , ойлоону идеяны алардан туунду , көз каранды катары карашкан. Философиянын тарыхында идеализм эки түрдө өнүккөн. Субьективдик идеализм биринчи орунга адамдардын аң сезимин, ойлоосун коюп, курчап турган дүйнө кубулуштары кишинин руханий дүйнөсүнөн келип чыгат деген бүтүм чыгарган. Обьективдик идеализм аныктоочу иретинде адамзаттан сырткары турган обьектти (Абсолюттук идея, дух) алып, реалдуулуктун бардык көрүнүштөрү, адамдарда ошол обьекттен көз каранды деп эсептеген. Материялдуу жана идеялдуу бири –биринен көз каранды эмес , тең күчтө, байланышпайт дегендер дуалисттер болушкан. Бирок, жыйынтыгында

---

[7] Тогусаков О.А.,Жумагулов М.Ж. Философия. Бишкек,2007-13-б.

дуалисттер өзүнчө багытты түзбөй, же материализмге, же идеализмге ылайыкташкандыгы белгилүү.

Ойлоонун болмушка карата мамилеси.

1.Эмне биринчи?

а) Материяны алгачкы дегендер -материалисттик агым.

б) Идеяны биринчи дегендер- идеалисттик агым.

в) Материя да, идея да бир учурда жаралган дегендер – дуализм д. а.

Философиянын негизги маселесинин экинчи жагы – адамдар дүйнөнү таанып биле алышабы деген суроо менен байланышкан. Чындыгында байыртадан бери эле реалдуу предметтер, кубулуштар кишилердин мээсиндеги адекваттуу (кадимки өзүндөй) чагылабы, же билимдердин, идеялардын, көз караштардын мазмунун материялдуулуга бүтүндөй бытиенин маңызына, мазмунуна туура келеби деген суроо көптөгөн ойчулдарды кызыктыргын. Диалектика –материалисттик позиция боюнча өзүлөрүнүн күнүмдүк ишмердигинде адамдар дүйнөнү таанып билет, өздөштүрөт, аңдап - билиши чексиз . Ал эми кишилер таанып биле алышпайт дегендер же таануу процессине, анын мүмкүндүгүнө чек койгондор агностиктер болушкан

(агностицизм- таааныымды четке каккан же чектеген философиялык агым).

2. Дүйнөнү таанып-билүүгө болобу?

а) Дүйнөнү таанып-билүүгө болот деген окумуштуулар – гносеологдор;

б) Дүйнөнү таанып-билүүгө такыр мүмкүн эмес деген окумуштуулар – агностиктер;

в) Дүйнөнү таанып-билүүгө боло турган жана таанууга мүмкүн болбогон да кубулуштар бар деген пикирдеги окумуштуулар – скептиктер деп аталат.




**Схема 2.** Философиялык билимдин курамы

### 3. Философиянын түзүлүшү жана коомдук кызматтары.

Философиянын түзүлүшү өзү изилдеген проблемалар боюнча төрткө бөлүнөт:

1.Онтология – гректин ontos – нерсе, зат, бар нерсе (сущее) жана logos – окуу, болмуш жөнүндөгү окуу дегенди түшүндүрөт.

2.Гносеология – гректин gnoses – тааным жөнүндөгү философиялык окуу.

3.Праксиология – гректин pracsio – практика – адамдын иш-аракети жөнүндөгү окуу.

4.Аксиология – гректин axios – баалуу – баалуулуктар жөнүндөгү окуу.

Философия дайыма өнүгүп, уламдан –улам байып туруучу чыгармачыл илим, дүйнөгө көз караштын өзүн анализге алчу, анын маңыздуу “ ядросу” катары төмөндөгүй функцияларды аткарат.

- адамды ( субьекти) кайра жаратуучулук функция (философиянын маңызы , анын теориялык, методолигялык жоболорун терең түшүнүү аркылуу ар бир киши дүйнө таанымында , практикалык ишмердигинде өзүн-өзү өзгөртүүгө, социалдык ориентациясын жаңыртууга, жаңыча көз караш менен жашоого багытталат; табияттык жана социалдык чөйрөлөрдөгү атуулдук ордун, маанисин, улуулугун, күчүн сезе алат);
- таанып билүүчүлүк функция ( философиянын предметин , илим ирээтинде өзгөчөлүгүн, проблемаларын өздөштүрүүнүн негизинде адамдар дүйнө кубулуштарын ырааттуу таанып билүүдө алардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн, өнүгүү тенденцияларын өздөштүрүүдө кенири мүмкүнчүлүктөргө ээ болот, реалдуулукка болгон мамилесинде өзүн эркин сезе алат);
- көз караштык функция ( философияны окуп үйрөнүү аркылуу ар бир атуул дүйнөнү бир бүтүндүктө , тынымсыз өзгөртүүдө деп кабылдайт, табияттын, коомдун адамзаттын бытиелери, байланыштары, тууралуу илимий билимдер , ишенимдер пайда болгон);
- Методологиялык функциясы ( философиянын универсиалдуу жоболору,категориялары , түшүнүктөрү , конкреттүү илимдер үчүн эң жалпы методдор , ыкмалар же башкы ориентир болуп саналат);
- Аксиологилык функция (жаратылыштагы, коомдогу жана адамзаттагы баалуулуктарды, асылдыктарды өздөштүрүүдө философиялык илимий көз караш зор мааниге ээ, анын калыптанышынын натыйжасында ар бир адам нерселердеги сулуулуктарды, нарк – насилдерди тез кабылдай , баалай алат);

- Практиалогиялык функция ( ырааттуу философиялык теория жана методологиялык таануучу субьектти чыгармачылыкка , ишмердикке , өздүк реализацияга жана тажрыйбанын топтолушуна шыктандырат);
- Алдын - ала билүү же прогноздук функция ( философиянын ички табияты , түшүнүктөрүнүн, категорияларынын универсалдуулугун окуп үйрөтүүчү закондорунун эң жалпылыгы боло элек кубулушту, бытиени алдын – ала көрө билүүгө, реалдуу чындыкты озуп чагылттууга мүмкүндүк берет);
- Информативдик функция ( философия предметинин терең өздөштүрүүнүн негизинде бытие, анын формалары, өз ара байланыштары, карама – каршылыктары; реалдуулуктардын алкагындагы адамдардын орду, мааниси, жашоосу келечеги тууралуу системалуу информацияларды алууга болот);

Демек, философия бир бүтүндөй реалдуулукту жана адамды таануу боюнча универсалдуу теориялык рефлекциялардын системасы болот да адамдардын (субьектилердин) дүйнө сезүүсүн, дүйнөнү түшүнүүсүн жана аныктыктын көрүнүштөрүнө карата практикалык практикасын туюнтат. Философия илимине (же философиялык көз караашта) төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр таандык экендигин эске салуу зарыл. Биринчиден, универсалдуулук, б.а. философия эң жалпылык, түбөлүктүү дүйнө жөнүндөгү окуу болгондуктан, анын түшүнүктөр категориялар системасы , теориялык жоболору өтө кенири маныздуу, мазмундуу болушат. Экинчиден, субстанциялдуулук же бул илим бытиенин көрүнүштөрүнүн, алардын алкагындагы адамдардын маңызынын, жашоосунун жана функцияланышынын өзөгүн, түпкү негизин концептуалдуу чагылтат. Үчүнчүдөн, терең жана көлөмдүү маанини камтуучулук б.а. философия обьективдүү реалдуулуктун жана анын чагылышынын ички табиятынын ар тараптан таанып- билүүнү билдирет. Төртүнчүдөн, дайыма изденүүчүлүк, өзүнүн мазмунун байытууга умтулуучулук. Чындыгында эле философиялык теориялар, түшүнүктөр, категориялар уламдан-улам толукталып тереңдейт, дүйнөгө көз караштын өзүн системалуу анализге

алуу менен философия реалдуу чындык тууралуу рефлекцияларга “алымсынбайт”, дайыма изденет, адамдардын предметтик практикалык ишмердигинин контексинде өзүнүн жоболорунун акциологиялык маңызын күчөтөт ж.б. Дегинкиси философия адамдардын реалдуу дүйнө менен гармонияда жашай билүүгө ынандыруучу” жанып туруучу” илимий –универсалдуу түшүнүктөрдүн, идеялардын, проблемалардын, ишенимдердин, талаш-тартыштардын өзгөчө “дүйнөсү”.

Айрым адабияттарда философиянын коомдук кызматтары төмөндөгүдөй классификацияланган:

1.Экспликация кызматы – дүйнө таанымдык кызматы. Мисалы, Хайдеггер (немец философу) философия бүткүл түшүнүктөр, категория, закон-ченемдүүлүктөр жөнүндө философия гана жаңы маалыматтарды берет. Адамдын дүйнөгө, жашоого болгон көз карашын өзгөртөт.

2.Рационалдаштыруу жана системалаштыруу кызматы – адамдын тажрыйбасынын жыйынтыктарына теориялык аныктама берет. Мисалы, Демокриттин атомистика окуусунун негизи жөнөкөй чаңдарга жасалган баалоолор жөнүндөгү тажрыйбанын жыйынтыгы болуп эсептелет.

3.Сындоо кызматы – философиялык ойлорго дайыма сын көз караш менен кароого чакырат. Ошондо гана адам догматизмден алыс болот деп пикир философтордун арасында үстөмдүк кылат.

4.Келечекке багыттоо кызматы – тарыхый философияны классикалык эмес философиянын таасири астында келечек жөнүндөгү ойлорго алып келет. Мисалы, глобалдуу маселелердин өнүгүшү жөнүндөгү көз караштар.

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1.Дүйнөгө болгон көз караш деген эмне?

2. Философиялык көз караш кантип айырмалоого болот?

3. Философиянын предмети, милдеттери жөнүндө айтып бергиле?

4. Философиянын негизги маселеси кайсылар?

5. Философиянын коомдук кызматтарын атагыла.

6. Философиялык билим кандай бөлүктөрдөн турат?

**Адабияттар:**


1. Аалиева Г.К.,Аалиева Н.К.,Аалиева Ш.К. Философиянын тарыхы. Б.2008.
2. Антология мировой философии. М. 1998.
3. Данильян О.Г.,Тараненко В.М. Философия. Учебник. М.2005.
4. Нижников С.А. Философия. Учебник.М.2009.
5. Тогусаков О.А. Философия. Б.2007.
6. Философия. Курс лекций. Под. Ред. В. Л. Каланикова. М. 1997.
7. Немировская Л. З. Философия. Курс лекций. М. 1995.
8. Радугин А. А. Философия. Курс лекций. М. 1995.
9. Солопов Е. Ф. Философия. Курс лекций. М. 1997.
10. Смирнов И. И. Титов В. А. Философия. Курс лекций. М. 1999

**Лекция 2. Байыркы дүйнөнүн философиясы.**

1. Байыркы Инди философиясы.
2. Классикалык Кытай философиясы.
3. Антикалык философия.

**1. Байыркы Индия философиясы.**

Б.з.ч 2- миң жылдыктын орто ченинде байыркы цивилизациянын очогу болгон байыркы Индия, байыркы Кытай жана антикалык Грецияда философиялык окуулар пайда боло баштаган. Бул окуулардын жаралышы узак убакытка созулуп, мифологиялык, дүйнө кабылдоо билимдерге таянган.

Философиянын өнүгүшүнө төмөндөгү шарттар таасир эткен.

1. Социалдык-экономикалык факторлор: колонун ордуна темирдин колдонулушу, товардык –акча мамилелеринин өнүгүшү, укуктук-уруулук мамилелердин бошоңдошу.
2. Саясий факторлор: эң алгачкы мамлекеттин түзүлүшү, традициялык динге карата көз карандылыктын өнүгүшү.
3. Руханий өзгөрүүлөр: калыптанган адеп-ахлах нормаларды сынга алуу, илимий билимге болгон керектөөлөр өбөлгө болгон.

Философиянын тарыхый түрлөрү.

1. Байыркы доор философиясы
   а) Чыгыш философиясы (Инд.Кытай фил.)
   б) Антикалык философия (Байыркы Греция жана Рим.)
2. Орто кылым философиясы (5-15к.)
3. Кайра жаралуу доорунун философиясы.
4. Жаңы доор философиясы

а) Агартуучулардын философиясы (18к.)

б) Немецтик классикалык философиясы (19к.)

5. 20-кылым философиясы.[8]

Байыркы Индияда б.з.ч. 2-1- миң жылдыктарда Индиянын аймагына түндүк батыштан арий уруулары көчүп келе баштаган. Алардын келүүсү алгачкы общиналык коомдук түзүлүштүн бузулуп алгачкы кул ээлөөчүлүк таптык коомдун түзүлүшүнө алып келген. Алар өздөрү менен «Веда»(б.з.ч.12-7-к.к.) окууларын алып келген. Веда транскрип тилинен которгондо «Билим» дегенди түшүдүрөт. Веда ырым-жырым, сыйынуу, гимн, диний ырлар жана адам, аалам, дүйнө жөнүндөгү диний чечмелөөлөр топтоштурулган жыйнак. Ал Брахманизмге каршы түзүлгөн 4 бөлүктөн турат.

1. Ведалар- гимндер жана сыйкырлап ритуалдарды жазуу.
1. Брахмандар- Ведага комментарийлер.
2. Араньяхтар (токой дербиштеринин китептери)- дербиштер үчүн дайындалган Ведага коментарийлер.
3. Упанишаддар (жогорку билимге жетүү үчүн окутуучунун тизесине олтуруу)- диний философиялык тексттер.

Упанишад эң алгачкы философиялык ойлор, ишенимдер камтылган Веданын бөлүгү.[9]

Брахманизм боюнча Индия коомчулугу 4 кастага бөлүнгөн.

1. Жрецтердин варнасы –брахмандар
2. Аскер аристократиянын варнасы –кшатрийлер .
3. Соодагер, дыйкан, кол өнөрчүлөр варнасы-вайшийлер.
4. Төмөнкү катмар-шудралар.

Ведалар ыйык деп жарыяланып аны брахмандар гана чечмелөөгө укук алышкан.

Индия философиясы 2 багытта өнүгө баштаган.

1) Ортодоксалдуу – Веданын кадыр баркына сыйынышкан.
1. Веданта (4-2 к. б.з.ч.)

---

[8] Немировская Л.З. Философия. Курс лекций. –М.,1995.23-б.
[9] Рычков А.К.,Яшин Б.Л. Философия.,Учебник для ВУЗов. М.,2002. 306-б.

2. Миманса (6-к. б.з.ч.)
3. Санхья (6-к. б.з.ч.)
4. Ньяя (3-к. б.з.ч.)
5. Йога (2-к. б.з.ч.)
6. Вайшешика (6-5-к. б.з.

Байыркы Индия философиясында жалпысынан диний этникалык көз караштар үстөмдүк кылат. Ошону менен бирге эле материалисттик тенденциялар да өнүккөн.

**Вайшешика** мектеби- эң алгачкы материалисттик мектеп-вишеша өзгөчө деген сөздөн келип чыккан. Субстанциялардын өзгөчөлүгү жөнүндө нерселерди атомдордон турат деген атомизмдин алгачкы мектеби. Субстанциянын 5 түрүн: суу, жер, жарык, аба жана эфирди белгилеген, физикалык элементтер түбөлүктүү эң майда бөлүнбөс атомдордон турат жана алар кудайдын эрки менен башкарылып турат деп айтышкан.

**Упанишаддар** – (жанында олтуруу)- насаат угуу дегенди түшүндүрөт. Алгачкы башат, негиз жөнүндө ойлордун жыйындысы. Руханий башат-Атман(душа), Брахман жана Пуруша ж.б.

**Веданта** б.з.ч. 4-2-кылы . б.з.ч. – турмуштун мектеби дегенди түшүндүрөт. Шанкар (философ. 6-к. нег.). Руханий негиз менен денелик негизди бир учурда пайда болот деп белгилейт.

**Йога**- өзүн-өзү кармоо (сосредоточение) –негиздөөчүсү Патанджали (б.з.ч. 2-к.). Жапа чегүүдөн кутулуунун жекече жолу. Медитация жолу менен, өзүн жогору сезүү б.а. бул философия жана практика. Кудайды алгачкы башат деп ага өзүн-өзү кармоо, рухту тазалоо аркылуу жетүүгө болот деп эсептелген.

**Чарвак-локоята** (б.з.ч.9-к.)- алгачкы материалисттик натурфилософиялык ортодоксалдуу эмес агым. Чарвак-локаяттар мектеби да алгачкы материалисттик мектеп, дүйнө матералдуу андан башка дүйнө болушу мүмкүн эмес, биз материалдуу дүйнөнү сезүү органдарыбыз аркылуу туюп турабыз, бирок, чындык, ишеним-жалган аны далилдөөгө болбойт. Дин

кембагалдар үчүн гана керек деп белгиленген. Бул окуу Буддизмге карама-каршы келет, анткени жашоонун аркандай абалынан рахат алуу керек деп, ар кандай каалоолордон баш тартуууга тыю салат.[10]

**Буддизм-** ортодоксалдуу эмес агымга кирет. Б.з.ч. 7-5-кылымда пайда болгон анын негизи 4 чындыктан турат же 4 азап чегүүдөн турат.

1. Жашоо өзү азап;
2. Азаптануунун негизи каалоолордо.
3. Азаптан кутулуу үчүн каалоолордон кутулуу зарыл.
4. Каалоолордон кутулуунун жолу буддизм окуусун үйрөнүү.

Индия философиясынын окуусу боюнча бүткүл күндөлүк жашоо менен байланышкан кыймыл- аракет, каалоо,б.а. турмуш-туулгандан өлгөнгө чейинки убакыт жалаң азаптан турат деп эсептейт. Азаптануу – бул болмуштун закону, Азаптан кутулуунун бирден-бир жолу – «нирвана», тарткан жүрүм-турумдун өзгөчө түрү. Нирванага адам төмөндөгү 8 жүрүм-турум эрежесин туура аткарганда гана жетет.

1. Туура жүрүм-турум.
2. Туура жашоо образы
3. Туура сүйлөө
4. Туура ой-жүгүртүү ж.б.
5. Ушак айтпоо.
6. Уурулук жасабоо.
7. Тирүү жанды өлтүрбөө.
8. Туура тамактануу.

Гаутаманын пикири боюнча бардык адам ал кайсы касстага баш ийбесин, чыдамкайлыгы менен азаптан кутулса болот.[11]

**Жайнизм** – б.з.ч. 6-кылымда пайда болгон негизин «акылдуулук» түзөт. Негиздөөчүсү – Вардхаман, (Джина) жеңүүчү деп түшүндүрөт. Жайнизм

---

[10] Рычков А.К.,Яшин Б.Л. Философия.,Учебник для ВУЗов. М.,2002. 307-б.

[11] ТогузаковО.А.,ЖумагуловМ.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007. 32-б.

философиясынын негизги мазмунун –адамды каалоолордон куткаруучу этикалык окуу түзүп турат. Адамдагы негизги рухий дүйнөсүнүн касиетинин, анын аң-сезиминин өнүгүшү түзөт. Аң- сезимдин деңгээли боюнча ар бир адам ар түрдүү, ошого жараша рух тело менен дал келип жашайт, адам рухунун чеги –анын ой жүгүртүүсү менен каалоо-максаттарында чагылдырылат. Билимдин ролу күчтүү, ал ошол каалоолордон алыс болуу жөндөмүнө ээ. Билим дайыма эле окутуучуну угуу гана эмес, туура журум-турум, туура кыймыл-аракет. Жайнизм-окуусунун максаты-«бошотуу», ал материядан бөлүнүүгө алып келет, ал аскетизм менен ишке ашырылат, Жайнизм этикасы – аскетизм этикасы.

Индия философиясынын дүйнөлүк маанисин В.П. Соловьев 1890-жылы 20-ноябрда Санкт-Петербург университетинде (124 жыл мурда), «Исторические дела философии» деген лекциясында төмөндөгүдөй белгилеген: философия, физика, химия сыяктуу бир же бир нече окумуштуулар үчүн гана жашабайт, ал ар бир адам, ар бир эл, дүйнө жүзү үчүн керек, ал бүткүл адамдарга эргүү тартуулайт.

Байыркы Индия философиясынын негизги мааниси: биринчиден: эң алгачкы – маданият, экинчиден –ал так, аныкталган типтүү чыгыш маданиятынын өзгөчө түрү, үчүнчүдөн индустар гана өз алдынча, системалуу философияга ээ. Ал эми байыркы Кытай философиясы өтө так эмес, Лаоцзынын окуусу байыркы Индия философиясынын таасири астында өнүккөн. Буддизм адамзат тарыхында биринчи болуп адамдык сапаттарды даназалайт, адам окуу аркылуу адеп-ахлактуу инсан боло ала тургандыгын, ал эч жерден кудайды издебестен, өзү бардык нерсенин бирдиги экендигин, ал стихиялуу табияттан да жогорулугун, ал үчүн адам өзүнө-өзү ээ болуп, өзүнүн сезимдерин, башка каалоолорун башкара билүү керектигине токтолгон бирден – бир окуу. Батышка өтө катуу таасирин тийгизген, адам теориясын билбесе да, йога менен машыгууга умтулат. Индия

философиясынын бирден бир жетишкендиги адамдын ички дүйнөсүн ача билгендигинде», деп белгилеген.[12]

Немец жазуучусу, философу Г.Гессе Индияда ата энеси …. болгондуктан бала чагы Чыгышта өткөн . Ал «Сиддхартка» аттуу инд. Поэма жазган. «бул эл- философ, жөнөкөй философиялык эмес өтө татаал теориялык философияны жараткан эл» деп өзүнүн сыйлоосун жазып калтырган.

2. **Классикалык Кытай философиясы.**

Кытай философиясы б.з.ч. 2-миң жылдыктардан баштап өнүгө баштаган.

Кытай философиясынын өзгөчөлүктөрү:

1. Кытай философиясы мифология менен тыгыз байланышкан адабий-тарыхый философиялык эстеликтер «Инзин» (книга перемен), Шинзин (книга песен) Шу инзин (книга истории) байыркы мифтерге көп таянышат.

М: Дүйнөнүн 5 башаты жөнүндөгү мифологиялык көз караштары.

2. Кытай философиясында – коомдун социалдык саясий күрөшү чагылдырылат. «Весна и осень» «Падышалар жанжалы» доорлорго бөлүнүшөт.
3. Моисттер мектебинен сырткары философиялык окуулар табият таануу илимдерине таянгысы келбейт.
4. Кытай философиясы идеялдарды иштеп чыгууга багытталат. М: Конфуций Чыныгы адам 3 нерседен коркот: 1) Акылдуу сөздөн 2) Улуу адамдан 3) Асмандан
5. Теориялык изденүүнүн практикалуулугу б.а. адамдын калыптанышы жана башка этикалык көз караштар, башкаруу касиеттери тууралуу ой-пикирлер практикада сөзсүз пайдаланылат.
6. Философиянын негизги өзгөчөлүктөрү – дүйнөнү бир бүтүн организм катары көрүшү. Дүйнө бирөө, баардык анын элементтери бири бири

---

[12] Немировская Л.З. Философия. Курс лекций. –М.,1995.32-б.

менен тыгыз байланышта болот. Негизги орунда Асман,Жер кудайына бийлигин өткөрөт деп белгилешет.

Б.з.ч. 2-1-кылымда байыркы Кытай тарыхчысы Сыма Цян төмөндөгүдөй философиялык мектептерди классификациялаган.

1. Инь-янь бирдигин жактоочуларынын мектеби. (натурфилософтор деп аталат.).
2. Кызматчы адамдардын мектеби Жуньзя (конфуциячылар)
3. Моисттер мектеби – миньцзя (софистер мектеби)
4. Закончулар мектеби (легисттер) – Фанзя.
5. Дао жана Де – даосисттер мектеби).[13]

Б.з.ч. 8-6-кылымдарда кытай коомчулугунда кул ээлөөчүлүк коомдун калыптануу учуру болгон жана эки тенденция өнүгө баштаган.

Консерватисттик жана прогрессивдүү, мистикалык, материалисттик булардын күрөшүнүн натыйжасында анкоо материалисттик, дүйнөнүн башатын 5 нерсе түзөөрү тууралуу (металл, жыгач, суу, от, жер), бири-бирине карама-каршы башталыштар инь жана янь, табигый закон дао тууралуу идеялар тараган. Кытайда философиялык агымдар б.з.ч. 6-5-кылымдарда өнүккөн. Кытай философиясында байыркы Индиядагыдай бай мифологиялык негиз жок. Кытай философиясында кытай улуттук спецификасы, социалдык практика үстөмдүк кылат, (патриархалдык психология, практиканын конкреттүү ишмердүүлүк ориентациясы үстөмдүк кылат).

Кытай философиясынын башаты биринчи кытай жазма эстелиги «Книга перемен» (Инцзин) жана «Канон стихов» (Ши - цзин) Индия үчүн Упанишад кандай роль ойносо Кытай үчүн да алар ошондой роль ойногон.

**Лао-цзынын окуусу –** (б.з.ч.6-5-к.)

[13]Тогусаков О.А.,Жумагулов М.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007. 33-б.

Байыркы Кытай философиясынын өнүгүшүндө даоцизм окуусунун мааниси зор. Лао-цзы б.з.ч. 6-5-кылымдарда даосизм окуусун, мектебин негиздеген. Даосизмдин негизги мазмунун: «табият жана адамдын жашоосу «асман эрки» менен башкарылбайт, өзүнүн закон ченемдүү жолу – дао аркылуу жашап турат.

Дао нерселердин өзүнүн табигый закону, Ци (аба, эфир) субстанциясы менен ааламдын негизин түзүп турат. Ааламда бардык нерсе өзгөрүп, бардык нерсе кыймылда болуп турат. Өнүгүү болуп турганда гана акыйкат орнойт. Закон ченемдүүлүк ушундай.Бул нерселердин табигый жашоосуна адам эч качан кийлигишпеш керек».

Даосизмдин негиз салуучусу Лао-цзынын 5000 сөздөн турган «Дао дэ цзин» (Жол менен күч тууралуу окуу) деген эмгеги кытайдын философиясынын өнүгүшүндө зор рол ойногон. Даосизмдин борборунда дүйнөнүн болмуштук маңызы болуп эсептелген дао жөнүндөгү көз караш турган. Космос, жаратылыш жана адам жалпы улуу жолду издөө тенденциясы байкалган. Анын пикири боюнча дүйнө кудайдан же кереметтүү күчтөрдөн эмес, табияттын мыйзамы болуп эсептелген даодон көз каранды деп эсептеген.[14]

**Конфуций** (б.з.ч. 551-479-жж) байыркы Кытайдын эң көрүнүктүү философу, Кытай философиясында бүтүндөй бир багытка – конфуцийчиликке негиз салган. Конфуцийдин «Аңгемелер жана ой толгоолор» («Лунь юй») эмгегинде бүткүл философиялык системанын борборунда этика жана тарбия проблемалары турат. Конфуций үчүн гумандуулук (жень) башкы түшүнүк. Жень – адамдын социалдык жана этикалык өз ара мамилелерин аныктай турган мыйзам. Анда: «Өзүңө эмнени каалабасаң аны башкаларга жасаба». Бул аныктама кийинчерээк философиянын жана Библиянын тарыхында ар түрдүү ыкта чагылдырылган жана «адеп-ахлактын алтын эрежеси» деп аталган. Конфуцийдин философиясында «Ли» түшүнүгү да чоң роль ойнойт, ал коомдук жашоо

[14] Тогусаков О.А.,Жумагулов М.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007. 35-б.

турмуш нормалары дегенди билдирет жана жень этикалык мыйзамынын практикалык ишке ашырылышын көрсөтөт. Мындан башка да этикалык категориялар Конфуцийдин окуусунда негизги орунду ээлейт: «И»- парз адилеттүүлүк сезими, «Синь»- берилгендик, ак ниеттүүлүк ж.б. Конфуцийдин асыл заада адам теориясына өзүнүн керт башынын мүдөөсүнө жетеленген жана төмөнкү социалдык абалды ээлеген «Кичинекей адам» карама-каршы турат. Конфуций «жаратылышы боюнча бардык адамдар бирдей бирок алар көнүмүш адат – жоруктары менен айырмаланышат. Мына ошондуктан өзүн-өзү өркүндөтүү үчүн адам өз кемчилдиктерин жеңип чыгып, изги жүрүш-турушка кайтыш керек».

Конфуцийдин айткандарында мамлекеттик бийлик проблемасы да өзгөчө орунду ээлейт, саясий программасы коомдун бардык мүчөлөрүнүн тийиштүү милдеттерин аныктоо менен чектелет. Ар бир адам коомдогу өзүнүн ордун билиш керек: «Падыша – падыша, букара-букара, ата-ата, уул-уул ордунда болууга тийиш».[15] Б.з.ч. 2-кылымда У - Ди падышанын тушунда мамлекеттик идеология жана улуттук дин болуп кабыл алынган.

**3.Антикалык философиянын өзгөчөлүктөрү.**

Антикалык философия – б.з.ч.6-кылымдан биздин замандын 6-кылымына чейинки 1200 жыл ичиндеги грек, рим философиясы эсептелет. Дүйнөлүк цивилизацияга өтө жогорку салым кошкон. Ушул жерден Батыш философиясы башталган жана көпчүлүк окумуштуулар батыш илиминин жана маданиятынын бешиги деп да атап келишет.

Философия чындыкка, акыйкатка жетүү үчүн адамдын өзү үчүн чыныгы умтулуусу, чыныгы сүйүүсү. (Аристотель «Метафизика»). Бул билим адамдын өзүнүн рухун эркиндикке чыгарат деп айткан.

Антикалык философияны 5 мезгилге бөлүүгө болот.

1. Натуралисттик мезгил - табият проблемасы, космос маселелери каралган. (Милет, Пифагорчулар, элей мектеби Сократка чейинки мезгил).

---

[15] Тогусаков О.А.,Жумагулов М.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007. 36-б.

2. Гуманисттик мезгил – адам проблемасы изилдөөгө алынган, айрыкча этика маселеси иликтенет. (Сократ, софистер).
3. Классикалык мезгил – философиялык системалардын иштелип чыгышы. (Платон, Аристотель).
4. Эллинисттик мектептердин мезгили – (стоиктер, эпикурочулар, скептиктер) мораль жөнүндөгү окуулары.
5. Неоплатонизм – жалпы адамзаттын жыргалчылыгы жашоосунун маңызы жөнүндөгү маселелер.[16]

Байыркы грек философиясы б.з.ч. 6- кылымда Милет шаарында өнүгө баштаган. Милет мектебинин негиздөөчүсү Фалес көптөгөн окумуштууларды чогултуп, математика, астрономия, күн системасы жөнүндөгү изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Фалес Европа илиминин жана философиясынын негиздөөчүсү деп аталат. Фалестин пикири боюнча ааламдын башаты – суу, кыйраганда кайра сууга айланат деген ойдо болгон. Анаксимандр (б.з.ч. 545-жыл) дүйнөнүн башталышы чексиз апейрон – ал эч качан бүтпөйт, чексиз өзүн-өзү башкарат деген ойдо болгон. Дайыма дүйнө кыймылда болот ошондуктан бардык нерселер өзгөрүп турат деп айткан.

Анаксимен (б.з.ч.525-ж ) дүйнөнүн башаты – аба, ошондуктан дүйнө бүтпөй жашап турат бардык нерсе аба аркылуу жашап, өзгөрүлүп, кыймылдап турат. Классикалык мезгилге чейинки грек ойчулу Герклиттин окуусу- өзгөрүүлөрдүн универсалдуулугун белгилеген алгачкы философиялык концепция. Гераклиттин «Табият жөнүндө» деген эмгегинде нерселердин тынымсыз өзгөрүшүнүн, агымынын жана өнүгүшүнүн принциби ырасталган, б.а. бардыгы агат, закымдалат, абсолюттук тынч нерсе жок суунун агымын эки жолу кечүүгө болбойт деп айткан. Гераклиттин окуусунда дүйнө чексиз, иреттүү космос катары сүрөттөлүп, ал кудай адамдар тарабынан жаратылбастан, күйүп- жанып от болуп жашап турат жана жашай бермекчи,

[16] Немировская Л.З. Философия. Курс лекций. –М.,1995.60-б.

б.а. нерселер жана кубулуштар оттон жаралып, жок болуп кыйрап баратып кайрадан отко айланышат деп белгилеген.[17]

Демокрит – бардык нерсе эң майда кыймылдуу бөлүнбөс бөлүкчөлөрдөн турат. Алар бүткүл телодо жайланышкан. Эгер атомдор кыймылга келсе адамдын туюуларына таасир этет. Демокриттин ою боюнча дүйнө 2 нерседен турат.

1. Атомдор хаосттук түзүлүштүн ичинде башаламан кыймылда болгондуктан – жер жана жарык, ай жана система түзүлгөн.
2. Атомдордо жогортон төмөн тез кыймылдоо болгондуктан бардык нерселер жерге тартылуунун негизинде жаралган.

Пифагор мектеби (б.з.ч. 6-5-кылымдар) Пифагор тарабынан негизделген негизги максат диний адеп-ахлактык реформаларды жүргүзүү болгон. Пифагор – биринчи философияны колдонгон адам, сандар бардык нерселердин сырын сактайт, кудайдын бүткүл дүйнөлүк гармониясын белгилеп турат. Пифагор өзүнүн окуучуларын математиктер деп атаган, ал эми жакшы жашоого умтулган адамдарды философтор деп атаган.

**Софизм** – (б.з.ч. 5-к.), алгачкы скептикалык багыт байыркы гректер софист, софизм деген сөздөрдү акылдуу, интеллектуалдуу деп түшүнүшкөн. Байыркы грек тарыхчысы Геродот Фалести жана Пифагорду софисттер деп атаган.[18] Б.з.ч. 5-кылымыдын 2- жарымынан баштап акча төлөп окутуунун формасын софистер деп атай баштаган б.а. акчага окутуучу багыт болуп эсептеген. Биринчи болуп өз эрки менен Протагор өзүн софист деп атаган. Кийинчерээк Горгий , Гиппий өздөрүн софисттербиз деп атай баштаган. Алар алгачкы логиктер катары белгилүү болушкан. Протагор адам бардык нерсенин чени деп эсептеп, адамды таанууга аракет кыла баштаган.

---

[17] ТогузаковО.А.,ЖумагуловМ.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007. 37-б.

[18] Немировская Л.З. Философия. Курс лекций. –М.,1995.63-б.

Сократка чейинки мезгил натурфилософиялык деп аталган антикалык философиянын экинчи чоң мезгилинин баштоочусу болуп эсептелет. Сократ «мен өзүмдүн эч нерсе билбестигимди билем» деп дүйнөнү таанууга мүмкүн болбогон ири кубулуш деп атайт. Дүйнөнү таануу үчүн адам өзүн таанып билиши керек. (Познай самого себя). Сократ өзү замандаштарынын эскерүүсүндө эч нерсе жазган эмес анын окууларын окуучулары жана замандаштары жазып калтырышкан. Анын окуулары кийинчерээк антикалык Грециянын этикалык мектептерин түзүүнүн негизи болуп эсептелген.

**Платон** – (б.з.ч.427-327-жылдары) байыркы улуу грек философу, бүткүл Европалык философиянын негиздөөчүсү. Белгилүү аристократтын үй-бүлөсүнөн чыккан, Сократтын окуучусу болгон. Сократтын өлүмү Платонго өтө катуу таасир тийгизген, кийинки бүткүл өмүрүн Афинада өзү түзгөн академияда өткөргөн. Цицерондун жазуусунда, Платон 80 жашында, жазып столунда олтурган бойдон дүйнөдөн кайткан. Афинада Платон философиянын улуу окутуучусу катары белгилүү болгон. Ага жергиликтүү элдер акча чогултуп, жер сатып берип, алгачкы университетти түзүүгө жардам беришкен. Платон өзүнүн философиясын 3 бөлүккө бөлөт: диалектикага, физикага жана этикага. Диалектика-болмуш жөнүндөгү окуу, физика- жаратылыш жөнүндөгү окуу, этика- адеп-ахлак жөнүндөгү окуу деп белгилейт. Платон бардык нерселердин негизин идеядан көрөт. Улуу чыныгы болмуш бул – идея. Идея – бул форма деп эсептеген.

**Аристотель** (б.з.ч. 384-322-ж) Платондун тааным теориясы жөнүндөгү проблеманы тереңирээк изилдөөгө аракет кылган. «Категориялар жөнүндө» деген жыйнагында категориялар жөнүндөгү окууну негиздеген. Категориялар – маңыз жана сапат деп эсептейт. Аристотель академияда окуп жүргөндө эле өзүнүн философиялык көз караштары боюнча Платон менен келише алган эмес. Өзүнүн чыгармаларында Платонду сынга алган. Анын чыгармаларын 3 топко бөлүүгө болот: «Органон» – логикалык эмгектери – «Категориялар», «Иликтеп талдоо жөнүндө», «Аналитиктер», «Софистикалык төгүндөөлөр» бөлүмү жөнүндөгү китеп- «Метофизика», табият таануу боюнча илимий

чыгармалар- «Физика», «Асман жөнүндө», «Айбанаттар жөнүндө» ж.б. Этикалык чыгармалары - «Никомах этикасы», «Саясат», риторика жана поэтика боюнча эмгектер – «Риторика искусствосу», «Поэтика жөнүндө».[19]

Аристотель себептин 4 түрү жөнүндөгү оргиналдуу окууну иштеп чыккан:

1. Материалдык себеп же материя.
2. Формалдуу себеп же форма.
3. Жаратуучу себеп.
4. Түпкү же максаттык себеп.[20]

Формалдуу себеп дегенибиз форманын таасири аркылуу материяны чындыкка айлантат. Материалдык себеп – бул материя. Жаратуучу себеп – бул жарата тургандар. М: кеңеш берген адам, кеңештен кийинки иштелип жаткан иштин себепчиси, ал эми өзгөртө турган нерсе өзгөрүп жаткан нерсенин себепчиси болуп саналат. Максаттык себеп – кандайдыр бир максат үчүн иштелип жатат дегенди түшүндүрөт. М: сейилдөөнүн максаты ден – соолук, архитектор үй куруп жатат, материалдар – материя, үйдүн планы - форма, архитектор жаратуучу себеп, ал эми курулуп бүткөн үй – түпкү максат болуп саналат. Аристотель кыймылдын 4 түрүн белгилеген:

1. Пайда болуу жана жок болуу,
2. Сапаттык өзгөрүү же касиеттер;
3. Сандык өзгөрүү, б.а. көбөйүү же азаюу;
4. Мейкиндиктеги кыймыл.

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Философиянын генезиси деген эмне?
2. Веда деген кандай окуу?

---

[19] Рычков А.К.,Яшин Б.Л. Философия.,Учебник для ВУЗов. М.,2002. 310-б.

[20] Блинников В.Л. Философтордун кыскача создугу. Б.,1997. 28-б.

3. Индия философиясынын өзгөчөлүгү кайсылар?
4. Буддизмдин негизги идеясы эмнеде?
5. Классикалык Кытай философиясына тиешелүү өзгөчөлүктөрдү белгилегиле.
6. Антикалык философиянын өнүгүү этаптары кайсылар?
7. Байыркы грек ири философторун атагыла.

Адабияттар:


1. Антология мировой философии. Том 1 М., 1989.
2. Введение в фолософию М.,1989. Ч. 1.

3. Блинников В.Л. Философтордун кыскача создугу. Б.,1997. 28-б.

4Тогусаков О.А., Жумагулов М.Ж, Байбосунов Философия.

Бишкек - 2007.

3. Асмус В.Ф. Античная философия .М.,1976
4. Вунт В. Введение в философию .М., 1998
5. Солопов Е.Ф. Философия курс лекций. М., 1997
6. Данильян О.Г., Тараненко В.М. Философия. Учебник.-М., 2005
7. Рычков А.К., Яшин Б.Л. Философия . Учебник .М., 2002

**Лекция 3. Мусулман чыгыш элдеринин философиясы.**

1. Мусулман чыгыш элдеринин философиялык идеяларынын өнүгүү өзгөчөлүктөрү
2. Мусулман философиясынын негизги агымдары.
3. Орто Азия элдеринин орто кылымдагы философиялык окуулары.

## Мусулман чыгыш элдеринин философиясынын калыптануу өзгөчөлүгү

Мусулман философиясы 7-кылымда исламдын таралышы менен башталат.

Мусулман философтору өздөрүнүн тектери боюнча ар түрдүү элдерге таандык, жакынкы жана ортоңку чыгыш, түндүк Африка жана Испания, бирок алар философиялык трактаттарды араб тилдеринде калтырышкан. Арабдар өз көз караштарында дүйнөнүн негизин кудай тууралуу идеялар түзөт, адам болсо алсыз пенде болгондуктан кыңк этпей баш ийүүсү керек (Ислам) деген пикирде. Араб маданиятынын жана илиминин пайда болушу араб халифатынын түзүлүшү менен түздөн-түз байланышта. 7-8-кылымдарда арабдар өздөрүнөн маданияты бийик элдерди басып алышып, алардын маданиятын, илим билимин өздөрүнө сиңирип алышкан. Араб тилинин ийгилиги 7- кылымдан баштап тез өнүгө баштаган. Анткени Сирия, Месопотамия, Египет, Түндүк Африка элдеринин адабий тилин, макал-лакаптарын, поэзияларын өздөрүнө сиңирип кайрадан иштеп чыгышкан. Араб маданиятынын өнүккөн мезгили 8-9-кылымдар болгон. Анткени исламга чейинки өздүк оозеки чыгармачылык курандын таасири астында классикалык араб тилдеринде жазмага түшүрүлгөн. Арабдар бай эллинисттик – рим маданий мурастарын өздөрүнүн менталитетине жараша кайрадан иштеп чыккан. Илим философия мусулман ойчулдары аркылуу европалыктарга жайылтылган. Анткени 9-13- кылымдарда Аль – Муминдин тушунда акылмандардын үйү (Академия) ачылып, байыркы грек окумуштуулары Аристотелдин, Платондун, Галендин, Ксенафондун чыгармалары бүткүл чыгыш тилдерине которулган. Биринчи «гуманность,

адамият» деген тарминдер мусулмандык чыгышта пайда болуп, аны биринчилерден болуп перс акыны Саади (8-к.) колдонгон. Перстер аркылуу арабдар индиялыктардын математикасын, астрономиясын так өздөштүрүп, өздөрүнө сиңирип, кийинчерээк Европада Индия цифралары Араб жазмалары деп аталып калган. Илимдин борбору болуп Багдат, Басра, Куфа, Харон шаарлары эсептелген. Багдатта академияны, библиотеканы, абсерваторияны бириктирген илим үйү негизделген. 10- кылымдан баштап арабдарда орто жана жогорку окуу жайлары медреселер түзүлгөн.

2. **Мусулман философиясынын негизги агымдары.**

1. **Мутазилиттер** (араб тилинде мутазила-бөлүнүүчү, бөлүкчө). Исламдагы өзгөчө агым же секта. 8-кылымдын 2-жарымында пайда болгон. Мутазилиттердин окуусунун негизин бир кудайлуулук түзөт. Бир кудайлуулуктун астында анын элеси, сүрөтүн тартууну, түшүрүүнү тыюу салган. Куран мутазилиттер боюнча Алла – тааланын жаратканы деп түшүндүргөн. М: ишеничти акыл-эске карама-каршы койгон эмес. Аббаситтердин мезгилинде Момун халифтин (813-833) тушунда мамлекеттик динге айланган.
2. **Калам** – (араб тилинен которгондо сөз, сүйлөө). Мусулман схоластик, кудай таануучу догматикалык агым. 8- кылымдын 2-жарымында мутазилиттердин арасында пайда болгон. Каламдын негиздөөчүсү- Ашари (9-10-кылым). Каламда мусулман кудай таануучулар тарабынан бир нече сочинениелери онтологиянын суроолоруна арналган. Алланын барлыгы анын жалгыз кудай экендигин айткан. О.э. Алла ааламга, адамдарга мамилеси жөнүндө да каралган. Куранды кудай жөнөткөн. Ааламдын таралышы, акыр заман жөнүндө да кеңири каралган.
3. **Суфизм**- суф арабча жүн дегенди түшүндүрөт. Аль – Газали (1059-1111) негиздөөчүсү. Суфизм (носящий шерстянный плащь, грубая шерстянная ткань). Берунинин пикири боюнча (от греч. Софос-акылман) алганда исламдагы мистикалык агым. Бул агым 8-кылымда

пайда болуп бүгүнкү күнгө чейин бар. Бул агымдын ээлеген териториялары Түндүк Африкадан Индияга чейин Кытайдын түндүгү ж.б. Суфизмдин жаралышы ислам динин алгачкы этабында эле башталган. Бул окуунун негизин 9-кылымда Египеттик Зу-н-Нун аль Мисри жана Багдат мектебинин негиздөөчүсү Абу-Абдаллах аль Мухаси түзүшкөн. Багдат мектебинин идеясын улантуучу 9-кылымда Жунайд «Фоно» теориясын сунуш кылган. (мист – кудайдын жаратканы, ээси жөнүндө). Эң жогорку «болмуш» (сверх бытие) түбөлүктүү, абсолюттуу. Жунайд боюнча мистикалык этаптын биринчи жолу: шарият - жалпы мусулман диний закону, экинчи жолу: суфизм - таринат, 3 – хакикат - Алланын астында гана акыйкат. Алла жалгыз ал түбөлүктүү. 10-11-кылымда таринат жөнүндө окууда атайын жобо иштелип чыгып, анда мистикалык жол аскетизм бир кудайлуулук, ишеничтүү билим, ишеничтүү акыйкатка жетүү. Мухаммед Газали реформасынан кийин кеңири жайылып мусулман дүйнөсүндө кеңири тарайт.

4. **Исмаилизм** – мусулман дүйнөсүнүн шейит сектасына кеңири тараган диний мистикалык агым. Бул агым 9- кылымда пайда болгон . Агымдын аталышы Исмаилдин атынан келип чыккан. Ал акыл-эс дүйнөлүк жанды же рухту жараткан. Андан жашоо, кыймыл аракет пайда болгон. Ушунун негизинде материя жаралган. Бирок материя инерттүү жана ар кандай формага келтирүүгө болот. Бул акыл-эстин жердеги ээси пайгамбарлар эсептелет. Исмаилиттер 7 пайгамбарды гана тааныйт. Адам, Ибрагим, Нух, Муса, Иса, Мухаммед, Исмаил.11-кылымдын аягында исмаилизмде бөлүнүү жарылуу болуп жаны секталар түзүлгөн.

**Рационалдык агымдар.**

Алдыңкы араб философтору бул мезгилде тажрыйбалуу билимге, табият жөнүндөгү илимдерге таянып, рационалдуу ой жүгүртө баштаган. Алар

антикалык окумуштуулардын, өзгөчө Аристотелдин эмгектерине көбүрөөк таянышкан. Араб Аристотелизми Ислам ортодоксализмине каршы оппозицияда турган. 12-кылымда Испан - араб аристотелизминин өкүлдөрү Ибн-Баджа, Ибн-Туфейль, Ибн-Рушддар грек философиясынын материалисттик жактарын өнүктүрөт жана рационализмди диний идеалисттик, мистизмге карам-каршы коет.

Схоластикалык каламга араб халифатындагы прогрессивдүү ойчулдар өздөрүнүн илимий-философиялык эмгектерин каршы коюшкан. Алардан араб философу Аль-Кинди (800-879) Каламды сындаган. Аль – Маари акын ойчул, исламдагы догманы жана үрп-адаттарды сындаган.

## 3. Борбордук Азия элдеринин орто кылымдагы философиялык окуулары.

Орто кылымдагы борбордук Азия философторунун ичинен эң көрүнүктүүсү **Абу Насыр Ибн Мухаммед Аль Фараби** (870-950) Багдат, Дамаск, Бухара шаарларында билим алып 70тен ашуун тилде эркин сүйлөй билген. Ал грек философиясынын, медицина жана биологиялык билимдердин мыкты билерманы болгон. Айрыкча Аристотелдин эмгектерин терең изилдеп, аны мусулман дүйнөсүнө тааныштырган. Фараби тирүү кезинде эле «экинчи мугалим», «чыгыштын Аристотели» деген наамга татыктуу болгон.

Анын «Слово о классификации наук», «Трактат о взглядах жителей добродательного города», «Укания пути к счатью», «Гражданская политика», «Афоризма государственного деятеля», «Большая книга музыки», «Субстанция», «Время», «О душе», «Диалектика» ж.б. эмгектери бизге белгилүү. Бул эмгектердин аталышы эле көрсөтүп тургандай Фараби ар тараптуу билимдерге ээ инсан. Анын көп кырдуу билиминин натыйжасы «илимдердин классификациясы» жөнүндөгү чыгарманын жаралышына түрткү болгон. Бул эмгекте автор ошол мезгилдеги бардык илимдерди санап, аларды бири-бири менен байланышта карап 5 группага бөлгөн.

1. Тил илими
2. Логика
3. Математика
4. Табигый илимдер: физика, метафизика
5. Граждандык илим.

1. Фараби тил илими билимдердин закону жана араб тилинин өнүгүшү жөнүндөгү көз караштары тил иилиминин өнүгүшүнө чоң салым кошкон.
2. Логика - туура ой жүгүртүүнүн илими ар бир адамга айрыкча философияга кызыккандарга логиканын зарылдыгын баса көрсөткөн.
3. Математика илимин арифметика, геометрия, астрология деп бөлүп, логика менен бирге караган. Физика-нерселердин түзүлүшүн, кыймылын, өзгөрүлмөлүүлүгүн ботаника менен зоологияны үйрөтүүчү илим катары караган.
4. Ал эми метафизика – бул дүйнөнүн философиялык концепсиясы, «божественная наука» д.а.
5. Граждандык илим - адам, жашоо проблемасын, адам - коом өз ара байланышын изилдейт деп айткан.

Фарабинин философиялык окуусунун негизин болмуш жана материя түзөт. Болмуштун биринчи себепчиси – кудай деп айтуу менен, материалдык дүйнө эч нерседен көз карандысыз өз алдынча жашайт дейт. Материяга сандык жана сапаттык өзгөрүү - кыймыл, таанып билүүчүлүк таандык. Материя 6 элементтен: жөнөкөй элементтер, минералдар, өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсүнөн, асман телолорунан жана адам дүйнөсүнөн турат.

**Аль Беруни Абу Райхан Мухаммед Ибн Ахмед** (973 –жылы туулуп 1048-жылы Газнада өлгөн). Орто кылымдагы окумуштуу, энциклопедист жана ойчул. 1004-1018-жылдары Харезмде жашаган 1018-жылдан баштап Газнада жашаган. 150 дөн ашык эмгектердин автору. Астрономия, геодезия, математика, география, минерология, физика, философия, тарых, этнография, филология боюнча эмгектердин автору. Астрономияда Птоломейдин

геоцентристтик идеясын четке кагып, математикалык эсептөө жолу менен гелиоцентризмди колдонгон. Биринчи жолу жердин глобусун түзгөн. Берунинин эмгектери О.А, Индия, Жакынкы жана орто чыгыш өлкөлөрүнүн элдеринин тарыхы жөнүндө  этнографиясы үчүн өтө баалуу булак. Беруни боюнча табиятты табигый илимдер аркылуу таанып билебиз. Илимде Беруни боюнча: тажрыйбага жана байкоого таяныш керек.

**Абу-Али-Ибн-Сина (**лат. Авиценна 980-1037). Чыгыш аристотелизминин өкүлү, окумуштуу философ. Орто Азияда, Иранда жашаган. Врач жана вазирлик кызматтарда турган. Араб жана фарсы тилдеринде жазган. Негизги энциклопедиялык эмгеги «Книга спасения» деп аталып, 4 бөлүктөн турат: логика, физика, математикалык илимдер (геометрия, арифметика, астрономия) жана метофизика. Дагы бир эмгеги «Книга знания». Бул эмгектер Ибн Синанын өмүрүнүн акырында жазылган. Жыйынтыгында философиялык идеялар каралып, суфизмдин таасири болгон. Ибн Сина чыгыш аристотелизминин жана неоплатонизмдин салттарын уланткан. Тааным процессинде Ибн Сина боюнча: абстрактуу ойлоодон сезүү органдарга анан тажрыйбага, илимдерди классификациялоодо-теориядан практикага деп жазган. Философ чыгышта эле эмес батышта дагы өзүнүн популярдуулугунан жазбай келет. Медициналык энциклопедиясы 5 бөлүктөн турат. Ибн Сина дүйнөнү кудай жараткандыгын танат жана дүйнө кудай менен биргеликте түбөлүк жашап турат,дүйнөнүн пайда болушу көптөгөн конкреттүү формалардын Кудайдан эманацияланышы менен шартталган, ал түбөлүктүү бир Кудайдан чагылышып тарап турган чөйрөнүн көрүнүшү деп эсептеген.[21]

**Жусуп Баласагындын** дүйнө түзүлүшү жана аны таанып билүүсү жөнүндөгү көз караштары орто кылымда үстөмдүк кылган,  Ислам дининин таасири астында түзүлгөн. Жусуп  дүйнөнү кудай жараткан жана андагы

---

[21] Блинников В.Л. Философтордун кыскача создугу. Б.,1997. 18-б.

бардык кубулуштар кудайдын эрки менен башкарылып турат дейт. Дүйнө матералдык элементтерден: жер, суу, аба жана оттон турат деп, байыркы материалисттердин окуусун уланткан. Жусуп Баласагын жаратылыш кубулуштарынын пайда болуу, өнүгүү, жок болуу себептерин ачып көрсөтүүгө аракеттенген. Анын аңкоо материалисттик жана стихиялуу диалектикалык идеялары коомдук, турмуштун өнүгүшүн изилдөөгө да багытталган. Дүйнөнүнүн негизин 4 нерсе түзүп турат жер, суу, от, аба ошондой эле коомдук турмуштун негизин да 4 нерсе түзөт. Адилеттик, бакыт-таалай, акыл-эс жана каниет. Бул баалуулуктар дастандын каармандары Күн чыкты, Ай толду, Акдилмиш, Өткүрмүштүн образдары аркылуу берилет.

Жусуп Баласагын өзүнүн этикалык окуусунда билимге өзгөчө мани берген. Ал Чыгыш перипатетиктердин салтын улантуу менен, адам үчүн акыл –эстин ролун жогору балаган, акыл- эстин жашоодогу, адамдардын өз ара мамилелериндеги, адеп- ахлактык сапаттарын калыптандыруудагы, өнүктүрүүдөгү маанисин бөтөнчө белгилеген. Билимди идеалдуу адамды жана коомду калыптандыруудагы негизги фактор деп эсептейт.

Окугандар акылдуу, улук болоор,

Билимдүүгө түгөнгүс байлык коноор.

Окуган жан өзү көрөөр жемишин,

Тоскоолдук жок акыл эстүү эр үчүн.[22]

Тааным теориясында да Жусуп адамдын айлана-чөйрөнү, кубулуштарды таануусунда акыл-эс жана билимдин ролун жогору коет.

Билбегенин үйрөнүп кете берет,
Билген адам тилегине жете берет.

[22] Мукасов Ы.М. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы. Б.,2004. 96-б.

Акылдуу бойдон адам төрөлбөгөн,

Акыл менен билими кийин келген.

Ойчул акындын дүйнөгө болгон көз карашы- бул 11-кылымдын маданий жетишкендиктеринин синтези. Ал өз доорунун жетишкендиктерин жана мүчүлүштүктөрүн чагылдырган. Акындын адеп-ахлактык динамикасы кеңири тарап гана тим болбостон, өзүнөн кийинки Чыгыш элдеринен, анын ичинде түрк элдеринен чыккан позитивдүү көз караштагы ойчулдардын дүйнөгө болгон көз карашына чоң таасир тийгизген.

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Чыгыш элдеринин философиясынын өзгөчөлүктөрү кайсылар?
2. Кандай диний мистикалык агымдарга бөлүнөт?
3. Перипатетизм деген эмне?
4. Ислам жашоо образ катары кандай милдет аткарган?
5. Чыгыш кайра жаралуусун сүрөттөгүлө.
6. Борбордук Азиядан чыккан ири энциклопедист философторду атагыла.

Адабияттар:


1. Соколов В.В. Средневековая философия. М., 1989.
2. Онтология мировой философии. Т.1. ч.2. М., 1989.
3. Баторльт В.В. Ислам и культура мусунманства. М., 1991.
4. Блинников В.Л. Философтордун кыскача создугу. Б.,1997. 28-б.
5. Еремеев Д.Е. Ислам: образ жизни и стиль мышления. М.,1990.
6. Трозорова С.М. Ислам. Историографические очерки. М.,1991.
7. Баласагын Жусуп Кут алчу билим. Бишкек.,1995.
8. Мукасов Ы.М. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы. Б.,2004.

**Лекция 4. Тема: Кыргыз элинин философиялык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшү.**

1. Манас эпосунун жалпы маданий жана философиялык мааниси.
2. Кенже эпостордогу адам жана табияттын өз ара мамилеси.
3. Заманчы-акындардын философялык көз караштары.
4. Демократ-акыдардын философиялык көз караштары.

**Манас эпосунун жалпы маданий жана философиялык мааниси.**

Философия дүйнө таанымдын жана коомдук аң-сезимдин ядросу катары калыптанышы жана өнүгүшү тууралуу келип чыгуу тарыхына ээ. Философиянын руханий булактары да болот, аларды философиянын алды деп атайбыз.

Кыргыз философиясынын өнүгүү булагын 4 кө бөлүүгө болот:

1. Бай элдик оозеки чыгармачылык-элдин байларга, жогорку тапка болгон күрөшү, элдик акылмандуулук-элдик ырлар, жомоктор, легендалар жана эпостордо чагылдырылат. Манас эпосунда жана кенже эпостордо кыргыздардын жашоо образы, турмуш тиричилиги, табиятка болгон мамилесми, тарбиясы, билимдери, ишенимдери, адеп-ахлагы жана башка коомдук аң-сезими толук чагылдырылган.
2. Философиянын өнүгүшүнүн негизги булагын социалдык тенсиздик, колониялдык эзүү тууралуу, заманчыл-акындардын (Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч) жана демократ акындардын (Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы) ырларындагы адам, аалам, табият проблемалары түзөт.
3. Философиянын өнүгүшү кыргыз элинин эмприкалык билимдерине да таянат. Кыргыздар чыгыш календары боюнча жыл эсептөө, эсепчи, табып ж.б. алгачкы математика, астрономия, медицина ж.б. илимдердин келип чыгышына шарт түзгөн.
4. Философиянын өнүгүшү кыргыз элинин маданиятына башка элдердин таасири эсептелет. Батыш менен чыгышты бириктирген улуу жибек

жолунун тоомунда жайгашкандыктан Кытай менен башка элдердин маданияты Омар Хаямдын, Аль Фарабинин, Ибн Синанын, Баласагындын чыгармаларына таасирин тийгизген. Кыргыз эли Кытай, Индия, Иран, Пакистан, Афганистан жана араб өлкөлөрүнүн, борбордук Азия элдери менен тыгыз байланышта жашашкан. Кыргыздардын руханий дүйнөсүнө Рудакинин, Фирдоусинин, Омар Хаямдын, Саадинин, Новаинин Жаминин ырлары илимий чыгармалары чоң таасир тийгизген. Ошол сыяктуу эле кыргыз элинин дүйнө таанымынын негизи Манас эпосунда жатат.

«Манас» эпосу – эпопея- кыргыз элинин маданиятынын, дүйнө таанымынын, философиясынын энциклопедиясы.

Манасты 19-кылымдын 2-жарымынан баштап Ч. Валиханов, Б.Бартольт, Б.Бернштамдар изилдей баштаган.Ч.Валиханов 19-кылымдын 2- жарымында Көл өрөөнүнө келип, «Көкөтөйдүн ашын » толугу менен кагаз бетине түшүрүп орус тилине которгон.

«Манас» эпосун Ч.Айтматов «Кыргыз элинин рухий турмушунун туу чокусу» деп бекеринен атаган эмес, анда кыргыздын дүйнөгө болгон көз караштары, ишенимдери, дини, маданияты, күндөлүк билимдери чагылдырылган. «Манас» жөнүндөгү алгачкы маалымат 15-кылымга тиешелүү. Кол жазма 1495-жылы жазылып бүткөн «Маджму ат – таварих» тарыхтар жыйнагы Сайфидин Аксыкентинин эмгегинде кезигет. Манастын тарыхый инсан катары сүрөттөлүшү, кыргыздын дүйнө таанымында өзгөчө кызыктырууну жаратат.

«Манас» эпосунда Манастын образы үч катмардуу дүйнөнүн вертикалдык багытындагы болмуштун бардык чөйрөлөрүн байланыштырып турат жана дүйнөнүн биримдигин туюнтат, ошол эле учурда ал дүйнөнүн өзөгү жана борбору да болуп эсептелет. Ошентип Манастын образы эпосто дүйнөнүн мейкиндиктеги түзүлүшүн символдоштурат.[23] Мисалга алып карасак

[23] Мукасов Ы.М. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы. Б.,2004. 18-б.

эпостогу аалам дүйнөнүн сүрөттөлүшүн көрөлү  Айың менен Кунуңдун ширөөсүнөн бүткөндөй,

Асман менен Жериңдин тирөөсүнөн бүткөндөй.

Дастанды жүздөгөн жылдар бою сактап, кошумчалап, өркүндөтүп-өстүрүп, бизге жеткирүүдө аны айткан акындардын, манасчылардын эмгеги эбегейсиз зор. Өткөн кылымда жашаган атактуу манасчылар Келдибек, Балык, Найманбай, Тыныбек, Чоюкелер белгилүү. Совет доорундагы манасчылар Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин жана башка бир катар манасчылардын айткандары жазылып алынды. Ушул кезде «Манас» эпосунун 60 тан ашуун варианттары кагазга түшүрүлүп алар 2 000 000 дон ашык ыр саптарынан турат.

«Манас» эпосун изилдөөгө кыргыз илимпоздору менен катар (Б.Юнусалиев, С.Мусаев, Р.Кадырбаева, И.Молдобаева, Э.Абдылдаев ж.б.) башка элдердин өкүлдөрү: орус (В.Радлов, В.Жирмунский, Е.Паливанов, А,Бернштам, С.Абрамзон), казак (Ч.Валиханов, М.Ауезов, А.Маргулан), татар (М.Богданова, К.Рахматуллин) окумуштуулары зор салым кошушту.

**3. Кенже эпостордогу адам менен жаратылыштын өз ара мамилелери.**

Табияттын мүмкүнчүлүктөрү, мыйзамдары менен эсептешпей аны четке кагууга, таймашууга аракет кылуу трагедияга алып келерин “Тоотай мерген жана үч аркар” “Кожожаш” эпостору ачык сүрөттөп берет.

Уруучулдук коомдун шартында өзүнүн айылын уучулук менен баккан Кожожаш жан-жаныбарларды ырайымсыз кырып жок кылуусу, Сур эчкинин тукумун койбой кырганы уламышта айтылгандай Сур эчки менен эрегишке чыгуусу, мергендин жеңилиши трагедиялык өлүм менен аяктайт. Элдик чыгармачылык же эпостун көркөм идеясы табият менен бирге болуу ага каршы баруунун адам үчүн зыяндуу жана коркунучтуу экенин эскертет. Адам менен жаратылыштын сыйлашуусу, гуманизимдин жоголушу өз ара шайкештиктин бузулушуна алып келет.

Ошондой эле Эр Төштүк эпосунда дагы адам менен жаратылыштын ортосундагы мамиле жеткиликтүү сүрөттөлөт. Табият да адам жана жаныбарлар, канаттуулар менен бирге бир системаны түзүп тураары сүрөттөлөт .

Адамдар мифологиялык – эпикалык чыгармасында адамга жан-жаныбарга душман, кара күчтөргө алы жете турган, отко күйбөс, сууга чөкпөс эч бир алптын алы жетпеген баатыр Төштүктүн образын түзгөн. Мында Төштүк кереметтүү тулпар Чал куйрук, аюу, кумурска, алп кара куш ж.б. жан-жаныбарлар менен достошуп, алардын кыйын кыстоо күндөрүндө жардам берет. Бул көрүнүш табият менен адамдардын ортосундагы жалпылыкты, жакындыкты ачып көрсөтөт. Табият менен каармандын биримдиги бири-бирине жакшылык каалап көмөк көрсөтүүнүн натыйжасында гана Төштүк өзүнүн коркунучтуу душмандарын жеңип, аман калып, эл журтуна кайра келет. Жыйынтыктап  айтканда жаратылыштагы ар бир нерсе өз орду менен турат. Аларга текебер мамиле жасоо, жан - жаныбарларды кырып,  тал - теректерди эсепсиз кыя берүү адам баласын өз кезегинде зыянга учуратары баарыбызга маалым.

4. **Заманчы акындардын философиялык көз караштары**.

Кыргыз Респуликасында 40-жылдарда илимий кырдаалдагы маанилүү окуялардын бири – маданий мурастын тегерегинде көпкө чейин талаш-тартыштар жүргөн б.а. «Замана» агымынын социалдык маңызынын айланасындагы талаш-тартыштар айрым коом таануучулардын идеялык позицияларынын кандай экендигин ачып көрсөтүү эле. 19- кылымдын 2-жарымындагы 20-кылымдын башындагы Кыргыз философиясы поэзия менен айкалышып кеткен. Анткени кыргыз акындары бир эле мезгилде акын да, акылман – ойчул да болушкан. Дүйнөгө болгон көз каршты, социалдык чындыкты поэзияда чагылдырышкан. Бул доордогу кыргыз акындары «Замана» проблемасын пессимисттик түрдө чагылдырышып, социалдык мобилдүүлүктү сүрөттөөгө аракеттенишкендиктен, «заманчы акындар» деген атка ээ болушкан.

**Калыгул Бай уулу (**1785-1855-жж.**)** «замана» агымынын негиз салуучусу, Ысык-Көлдүн күнгөй тарабындагы Караой деген жерде манап насилинин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Казактарга жанаша жайлоологон Калыгулга алардын ырларынын, заман тууралуу дастандарынын таасири чоң болгон. Ошого таасирленип кыргыз коомундагы оор кыйынчылыктарды заман проблемасы аркылуу  жалпы элге билдире алган. Ал кыргыз элинин оозеки чыгармаларын сыйлаган, айрым маалыматтар боюнча 500 дөн ашык күүнү бири- бирине чаташтырбай өз алдынча ойноп кете алган таланттуу инсан болгон. Кыргыз коомунда Калыгулдун кадыры аябай бийик болгондуктан, сарбагыш уруусунан чыккан Ормонхандын кеңешчиси, насаатчысы болгон.[24] Дайыма карама каршылыктарды тынчтык жолу менен чечкен жана тынчтыкка чакырган.

Акындын «Акыр заман», «Калыгулдун сөзү» деген ырлары эл оозунан жыйналып алынган. «Акыр заман» чыгармасында акындын пикири боюнча өзү жашаган доорду эл үчүн кайгылуу күндөр башталды деген пессимисттик идеяны берген. Ал бир жагынан патриархалдык урууучулук түзүлүштүн ыдырашын моюнга алса, экинчи жагынан феодалдык түзүлүштүн идеологу катары уруулук каада-салтты, жүрүм-турумду бекем жактаганы көрүнуп турат. Ушунун негизинде ал 19-кылымдын 30-40- жылдарында кыргыз жергесинде пайда боло баштаган акча, соода мамилелерин акыр замандын белгиси катарында көргөн.

М: Акыр заман адамы,
Аалым болот деп айткан.
Аганын тилин ини албай,
Чагым болот деп айткан.
Биринин тилин бири албай,
Жайыл болот деп айткан.

Акын чыгармасында олуттуу өзгөрүүлөрдүн  б.а. бий болуп, эл баштаган аял чыгаар деп, жаңы замандын келээрин кыргыз жергесине орустардын

[24] Жаныбеков Ж. Кыргыз философиясы (X-XXI кк.) Ош.,2006. 114-б.

келиши менен байланыштырган. Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу калктын манап насилинен чыккандыктан кеңеш доорунда булардын чыгармачылыгын изилдөөгө да, окутууга да тыюу салынган.1988-жылдан кийин гана мектеп программаларына киргизилип окутууга уруксат берилле баштаган.

**Арстанбек Буйлаш уулу** 1840-жылы Ысык-Көлдө туулган. Арстанбек кыргыз элинин башынан өткөргөн Россия падышачылыгынын колониялдык саясатын көргөн. Ал Кыргыз жергесине келе баштаган б.а. эски патрирхалдык-феодалдык турмуш тарабын ачып көрсөткөн.

М: Акча тенге түгөнүп,
Тыйын чыгат дечү эле.
Атасынан баласы,
Кыйын чыгат дечи эле.
Тегеректин баарысын,
Соргон чыгат дечу эле

О.э. акын-заманчылар падышанын эзүүсүнө каршы чыгып аны сындашкан. Алардын оюу боюнча орустардын келиши менен мусулманчылык бекем кармалбай, коомдук үй-бүлөлүк турмушта өзгөрүүлөр болорун айтууга аракеттенген. Кыргыз элинин рухий турмушунун өнүгүшүндө көрүнүктүү орунга ээ болгон башка дагы жез таңдай, залкар, ойчул акындар белгилүү. Мындай акындардын катарында дүйнөнү көркөм кабылдоонун деңгээли доордон алга ашып түшкөн  Женижок, Ысак Шайбеков, Калык Акиевди кошууга болот.

**Өтө Көкө уулу** Жеңижок (1860-1916-жж.) Талас өрөөнүнүн Сарыкөбөн деген жерде карапайым адамдын үй- бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Ата-энесинен эрте ажыраган Өтө оорунун айынан Таластан куулуп, Аксыга тага журтуна барып, ал жерде анын туугандары Далычы деген табыпка көрсөтүшүп, анын ала оорусунан  толук айыктырып алышкан деген маалыматтар бар. Аксыда ал окуганды жана жазганды жакшы өздөштүрүп,

араб графикасында ырларды жаза баштаган.[25] Акын өз доорунун таза деми менен жашап, мезгилдин айланасындагы өтүп жаткан өзгөрүүлөр менен оошуулардын жүрүшүн сезимтал туйган. Бирок, акын идеялары анын чыгармачылык таржымалынын гана милдети болбостон, анын мурда өткөн тектештеринин мурастары белгилүү даражада анын дүйнөнү кабылдашын шартташкан. Жеңижоктун «Санат», «Накыл кеп», «Насыят», «/лгү ырлар» ж. б. ырларында коомдун патриархалдык-уруулук укладынын касиеттүү залалдарын сындап четке кагат. Ушул жагдайга негизделип, ал замандаштарын биринчи кезекте аялды кемсинткен адаттарын эскерип, жарабай калган нормаларынын таасиринин өзгөрүшүн сезимин сактоого насыят айтат. Куран менен шарыяттын аялдарга карата укукка туура келбеген мамилелерине карабастан кыргыз элинде аял-энеге, аял-курбуга сыйлоо мамилеси дайыма сакталып келген. Нерселердин алмашып туруусу, табият кубулуштарынын өзгөрүп туруусу Жеңижоктун дүйнөгө көз карашынын маанилүү элементи. «Баардыгы өтөт, кыймылсыз эч нерсе жок»

М: Байыстабай бир азга,
Өткөнүн көрчү дүйнөнүн.
Артыныан жоо куугансып,
Көчкөнүн көрчү дүйнөнүн.
Кирген суудай шаркырап,
Акканын көрчү дүйнөнүн.

Бул пикирди ырастоо үчүн өзгөрүп туруучу дүйнөнү агын дарыя менен, ал тургай шар суу менен көркөм салыштырууну пайдаланат. Акындын ою боюнча түбү чексиз дүйнө өзүнүн өнүгүшүндө төмөнкү баскычтардан Жарык – Күн – Жер – Адамзат – Дүйнө түзүлүшүнүн айрым баскычтарынын жок болушу табигый көрүнүш. Бул коогаландуу дүйнөдө убакыт сезими гана өзгөргүс деп айтат.

### 4. Демократ-акындардын философиялык көз караштары.

[25] Жаныбеков Ж. Кыргыз философиясы (X-XXI кк.) Ош.,2006. 127-б

Демократ-акындар элдин мүдөөлөрүн, жашоо-шартын, социалдык абалын жогорку таптагылрга ачык айтып, ырларында чагылдырышкандыктан демократтар деп аталып калышкан. Алар айрым өкүлдөргө эмес, бүтүндөй кыргыз ак сөөктөрүнүн жашоо-тиричилигин сындоону жайылтышкан. Демократтардын саясий көз караштарында эмгекчи элдин эзүүчүлөргө каршы жаап-жашырылбаган жек көрүүсү сүрөттөлөт. Жергиликтүү административдик бийликтин өкүлдөрүнүн социалдык жаратылышы Тоголок Молдо тарабынанан да катуу сынга алынган. «Тезек – Тагай уругуна» деген ырында болуштардын, бай-манаптардын эркин түздөн-түз аткаруучулар катары бети ачылат. Болуштардын мителигин мазактап, айылдаштарынын эсебинен байышкандыктарын жана өздөрүнүн короо-короо малдарын көбөйтүү үчүн жердештерин акыркы малын да тартып алаарын, болуш бийлик кылган бардык жерде элдин абалы оор, турмуш-шарты азаптуу экендиги айтылат. Тоголок Молдонун «Чындык» деген ырында жергиликтүү болуштарды, ыстарчындарды жана административдик бийликтин башка өкүлдөрүн да сынга алган.

19-20 к. башында кыргыз элинин коомдук-саясий турмушунда алдыңкы катардагы даанышман ойчул акындардын бири Ысак Шайбеков болгон. Акын өз доорунда нукура элдик каада-салтты, демократиялык көз карашты талдап, сактоо үчүн күрөшкөн. Ал турмуштагы ар кандай терс көрүнүштөргө каршы талыкпай күрөшкөн. Өз замандаштарынын таламы үчүн жан күйгүзүп, кейип-кепчип, алардын рухий байлыгынын өсүшүнүн талапкери болгон. Ысак өзүнүн чыгармаларында патриархалдык-феодалдык, коомдук турмуштагы социалдык күчтөрдүн ээлеген орундарын тактоо менен кедей топторунун басымдуу бөлүгүнүн алсыздыгын, өтө эле пассивдүүлүгүн, ал эми бай-манаптардын кыргыз урууларынын турмушунда үстөмдүк кыла тургандыгын белгилеген. Акындын 1916-1917 жж. жаралган «Зилзала» поемасына салыштырмалуу патриархалдык-феодаолдык мамилелердин негизин тереңирээк анализдеген. Орус падышачылыгынын саясатын

колдогондор ошол жергиликтүү элдин феодалдык төбөлдөрү экендигин көрсөтөт.

М: Миң үйгө бир манапты болуш кылган,
Бай-манап жакшы жерди конуш кылган.
Көңүлүнө жаккан жерди бекитишип,
Кедейди келтирбестен коруш кылган.

Шайлаган жүз койлуудан ыстарчын деп,
Түшкөндө казына акча кыстарсын деп.

Бир кедей салык акча таппай калса,
Буйругун ыстарчындын кылчы эле эп.

**Токтогул Сатылганов (1864-1933).** Кетмен Төбөнүн Сасы Жийде деген жеринде кедейдин үй – бүлөсүндө жары кдүйнөгө келген. Ошол мезгилдин бардык оор сыноолорун башынан кечирген акын элдин максат- мүдөөсүн, тилегин ачык ырдап чыгуута аргасыз болгон. Акын 15 жашында толук калыптанган акын жана комузчу болуп бүткүл кыргызга аты чыга баштады. Акындын пикири боюнча бай-манаптардын адепсиздиги, бузукулугу, эл тагдырын чечүү укугунан ажыратат. Эзүүчүлөрдүн моралга жат күч колдонуу менен өздөрүнүн кызыкчылыгын чечүүсү жалпы эдердин кыжырын кайнатпай койбойт. Элдин жыргалчылыгы үчүн аракеттенгендер жана кылымдар бою түзүлгөн адилетсиз тартиптерге каршы чыккандар изги адамдар болушат. Токтогул кек алуунун моралы массалык мүнөзгө айланышынын талапкери. Коом таануучулар көбүнчө Токтогулга өзгөчө көңүл бургандыктарына байланыштуу 19-к. экинчи жарымындагы, 20-к. башындагы кыргыз маданиятынын өнүгүү мезгили деп аташып, ал жерде Токтогул Сатылганов демократ-акын деген наам менен ардактуу орунду ээлеп калган.

**Калык Акыев** коомдук турмуштагы үстөмдүк кылган социалдык адилетсиздикти ажырата билген. Табияттын кенчи жер байлыгынын алдуулардын колунда болуп, калктын калын катмарынын андан ажырап

калгандыгы акынды дайыма тынчыздандырып келген. Ал «Жокчулук» деген чыгармасында айрым жокчулукка дуушар болгон жеке адамдын тагдыры эмес, бүткүл элдин тагдыры жөнүндөгү олуттуу маселени койгон.

М: Көз каратып байларга,
Карып кылдын жокчулук.
Көңүлүмдү чөгөрүп,
Арык кылдын жокчулук.
Жалдыратып байларга,
Жалчы кылдын жокчулук.
Таманымды жоорутп,
Жара кылдын жокчулук.
Жаман чокой, жаргак шым,
Чом кийгиздин жокчулук.

Акындын чыгамаларындагы өзгөчөлүк башка адамдардан айырмаланып, демократиялык ой-пикирлердин жарчысы катары көрүүгө болот.

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Кыргыз философиялык ой жүгүртүүлөрүнүн өнүгүү этаптары кайсылар?
2. Манас эпосунун философиялык өңүттөрү.
3. Акын заманчылар деген кимдер?
4. Демократ акындардын философиялык көз караштарын айтып бергиле.
5. Жеңи Жок философ акын.
6. Жазгыч акындар жөнүндө эмне билесиңер?
7. Кыргыз элинин дүйнө таанымында кандай өзгөчөлүктөр бар?

Адабияттар:

1. Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы 1-китеп. Ош-99.
2. Кыргыздар: Санжыра. Тарых. Мурас. Салт. Бишкек-1993.

3. Жээнбеков Ж. Кыргыз рухундагы социалдык-философиялык идеялар жана көз караштар. Ош –1996.
4. Жаныбеков Ж. Кыргыз философиясы (X-XXI кк.) Ош.,2006. 127-б
5. «Манас» эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы. Бишкек –1995.
6. Мукасов Ы.М. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы. Б.,2004.

**Лекция 5. Европа эдеринин философиясы.**

1. Орто кылым философиясынын өнүгүшү
2. Кайра жаралуу доорунун жана жаны доордун философиясы
3. Немецтик классикалык философия

**1. Орто кылым философиясынын өнүгүшү.**

Орто кылым V-XVII кк. өз ичине алат бул доордогу батыш европанынын философиясы христиандык философия деп аталат. Бул философиянын негизги идеясы кудай жөнүндөгү идея болгон б. а. Бардык нерсенин себепчиси жана жаратуучусу кудай. Мындан көрүнүп тургандай антикалык философия космоцетристтик мүнөздө болсо, орто кылым философиясы тецентристтик мүнөздө болгон. Ошондуктан орто кылым философиясы теологиядан :институттар чиркөөдөн көз каранды болгон. Енгельс: «Церковная дыма являлось исходным пунктом и основой всякого мышления. Юриспруденсия, естествознания и философия – все содержание этих наук приводилось в соотвествии с учением церкви» деп белгилеген

Христиандык окуу боюнча кудай дуйнөнү жок нерседен жараткан абсалюттук башат. Кудай – чыныгы болумуш, ал түбөлүктүү өзгөрүлбөс, дүйнөдөгү бардык нерселердин себепчиси. IV-V кк христиан философу Августин Блаженныйдын айтуусу боюнча кудай эң жогорку болмуш жана негизги субстанция.[26]

[26] Данильян О.Г., Тараненко В.М. Философия. Учебник., М.,2005.55-б.

а) Христиан динин үстөмдүк абалга жеткирүү үчүн апологетикалык адабияттар пайда болгон. Апологеттер христиан динин куугунтуктандар тууралуу имперпторго кайрылышып христиандык окууну коргоого аракеттенишкен. Алар койгон философиялык проблемалар кудай дүйнөнүн жаларылышы жана адам табияты анын максаттары жөнүндөгү маселелери болгон. Орто кылым философиясын холастикалык окуу башкача айтканда служанка религии деп аташат. Схоластика - –латын тилинен которулганда мектеп дегенди түшүндүрүлөт жана орто кылым философиясындагы бир агым болуп эсептелинет. Схоластикалык философия IX кылымда түзүлүп адегенде мектептерде, XII к баштап университететтерде окутула баштаган. Кийинчерээк схоластика – турмуш менен практикадан байкоо менен тажырыйбадан ажыратылып каралган авторитеттерге таянган илимдин синонимине айланган. Схолостиктер кызыккан философиялык суроолор:

1. Эң башкысы билимдин илимге болгон мамилеси, алар ишеним акыл эстен жогору турат беп эсептешкен.
2. Унивесалийлер жөнүндөгү талашта эки багытта чечмелешет

а) Универсалийлер адамдын ойлоосунан жана сөзүнөн көз карандысыз жашашат дегендер –реалисттер деп аталат. Алар конкреттүү нерселер эмес жалпы түшүнүктөр реалдуу жашайт деген ойду айтышат. Көрүнүктүү өкүлү Иоанн Скотт.

б) Универсалийлер болгон нерселердин аталышы сөз гана алар эмес конкреттүү нерселер гана реалдуу жашайт деп айткандар - номиналисттер көрүнүктүү өкүлү Уильям Оккам.

Схолостиканын көрүнүктүү өкүлү Фома Томас Аквинский (1225-1274). Аристотельдин окуусуна таянып христиандык теологиянын негизи принциптерин негиздөөгө аракеттенген. Фома Аквинский ишеним менен акылдын гармониясы жөнүндөгү теорияны иштеп чыккан. Анын оюнча ишеним менен акылды карама каршы коюууга болбойт, себеби айрым диний ишенимдер акыл эске гана негизделген м: кудайдын болумушу, дүйнөнүн жаратылышы жана жандын өлбөстүгү жөнүндөгү доггмалар акыл эстин

жардамы менен гана түшүндүрүлөт. Ишеним да, акыл эс да, кудайдын акыйкаттыгын таанууга багытталат, таануу жолдору ар түрдүү. Акыл эс илим менен философияга, ишеним менен диний окууга негизделген. Аквинскийдин философиясынын максаты кудайдын болмуш экендигин аныктоо.(3-схеманы караңыз )




**Схема 3.** «Кудай-дүйнө-адам»

**2. Кайра жаралуу жана жаңы доордун философиясы**.

XV-XVIIкк кайра жаралуу доору антикалык маданиятты, жашоо образын, ой жүгүртүү жолдорун кайра жандандырууну көздөгөн. Секуляризация процесси жүргөн. Кайра жаралуу доорундагы дүйнөгө болгон көз караштын өзгөчөлүгү анын искусствого багыт алышы болгон. Эгер орто кылымды диний көз караштардын доору десек, кайра жаралуу доорун искусство доору деп атоого болот. Анткени антикалык доордо көңүлдүн болборунда жаратылыш космикалык жашоо, орто кылымда диний кудай жана сактоо идеясы болсо, кайра жаралуу доорундагы философиянын борборунда адам турган. Ошондуктан кайра жаралуу философиясын антропоцентристтик же гуманисттик деп атоого болот. Кайра жаралуу доорнда адам анын коомдогу орду сыяктуу маселелер өзгөчө орунга коюлган б.а. адам өз тагыдырын өзү чечүүчү, жаратылыштын үстүнөн бийлик кылуучу күч катары таанылган. Кайра жаралуу доорунда адам инсан катары калыптанат. Кайра жаралуу доорунун философиясы гуманисттик мүнөзгө ээ. Гуманизм-адамды даңктоо, эркиндигин жана баалуулуктарын жар салуу. Бул мезгилде живопись, архитектура, скулптура жана башка искусствонун тармактары математика, медицина, анатомия менен тыгыз байланышта өнүккөн. Адамдын келбетин, бет түзүлүшүн чагылдыруу өзгөчө мааниге ээ болгон. Кайра жаралуу доорунда табиятка болгон изилдөөнүн күчөшүнөн улам натурфилософия өнүккөн. Натурфилософия диндин таасиринен эркин болгон жаратылыш жөнүндөгү окуу. Натурфилософия пантеисттик мүнөздө болгон. ПАНТЕИЗМ-кудайдын болмушун танбай туруп, аны жаратылыш менен бирдикте кароо. Көрүнүктүү өкүлү Николай Кузанский. Анын оюнча адамды жана жаратылышты жаратуучу абсолюттук болмуш – Кудай. Кийинчерээк ал оюнан четтеп, дүйнөнүн жаратуучусу кудай деген көз карашынан да баш тарткан. Схоластиктердин дүйнө чектелүү деген көз карашын четке кагып, дүйнө убакытта жана мейкиндикте чексиз деген көз караште болгон. Н.Кузанскийдин пикири боюнча дүйнө макрокосмос, конкреттүү нерселер,

адамдар микрокосмос болуп эсептелет, бирок космостун борбору жана айланасы кудай деген.

Таанымдын з баскычын көрсөткөн:

1. Сезимдик таанымы.
2. Ойлоо таанымы.
3. Акыл-эс таанымы. [27]

Н.Коперник, Д.Бруно, Г.Галилео, Л да Винчи, Н.Кузанский кайра жаралуу доорунун көрүнүктүү ойчулдары болушкан.

Улуу астроном Н.Коперник космостук телолор тынымсыз кыймылда, Күндүн тегерегинде планеталар айланат деген гелиоборбордук концепцияны өнүктүрүүгө зор салым кошкон. Анын окуусу боюнча Жер өз огунда айланат, ошондуктан күн-түн алмашат, асмандагы жылдыздар ар түрдүү кыймылдарда болушат, Жер Күндү айланат, ал эми Күн дүйнөнүн борбору. Жер чексиз ааламдын бир эле көрүнүшү.

Натуралисттик философиянын дагы бир көрүнүктүү өкүлү Дж.Бруно табият, космос тууралуу пикиринде Күндүн ааламдын борбору катары карабаган, ал жөнүндө сөз да болуш керек эмес анткени курчап турган дүйнөдө ар бир көрүнүш чексиз. Анын пикиринде кудай деген табияттын эле өзүнө окшоштурулган, бардык нерселер көптөгөн бирдиктерден турат. Табияттын минимуму-атом, математиканын минимуму-чекит деп белгилеген.[28]

XVII- XIX кк жаңы доордун философиясы илим менен техниканын өнүгүшүнө байланыштуу болгон, ошондуктан жаны доордун философиясын жаратылыштын механикалык системалары катары түшүнүшкөн. Орто кылымдагы реализм менен номинализмдин ортосундагы талаш эмпиризм менен роцианализм менен ортосундагы талаш мүнөзгө ээ болгон.

---

[27] Данильян О.Г., Тараненко В.М. Философия. Учебник., М.,2005.67-б.

[28] ТогузаковО.А.,ЖумагуловМ.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007. 60-б.

Эмпиризм - сезимдик тажырыйбаны билимдин булагы катары кароочу таанымдын теориялык багыты.

Рационализм - таанымдын негизи деп акыл эсти кароочу философиялык багыт.

ЭМПИРИЗМДИН негиздөөчүсү англиялык философ Френсис Бэкон (1561-1626) «Жаны органон» деген эмгегинде илимдин максаты жана багытын философиялык көз караште негиздеп илимий изилдөөнүн индуктивдүү усулун иштеп чыккан. Бэкондун «Знание -сила» деген лозунгу XVIIк бери илимдин символу болуп келүүдө. Ф.Бэкон материалдык дүйнө чексиз жана түбөлүктүү деген ойдо болгон. Материянын башкы касиети кыймыл деп айткан анын ойунча илим менен философия тажырыйба жана практикага таяныш керек. Илимдин максаты жаны ачуулар жана ойлоп табуулар, илим адам үчүн кызмат кылат. Билим тааным теориясы жана тажырыйба –билим булагы деп эсептеген, ошондон улам тажырыйба өзгөчө усул менен ишке ашырылыш керек деген жыйынтыкка келип, индуктивдүү усулду иштеп чыккан.[29] Индуктивдүү усул – жекеден жалпыга карай изилдөө жолу дегенди түшүндүрөт.

Бэкондун окуусун улантуучу англиялык философ Т.Гоббс (1588-1679) материя түбөлүктүү жана кыймылда болот. Кыймыл бул телолордун мейкиндиктеги жылышын түшүндүрөт. Тааным теориясын Гоббс ойлордун кошулуусу жана кемүүсү деп эсептеген, ошондуктан тааным процессинде математиклык усулдарга таяныш керек деген ойду айтат.

**3.Немецтик классикалык философия.**

Немецтик классикалык философия XVIII-XIX кк башында өнүгүп жаны доор философиясындагы таасирдүү агымдардын бири болгон. Көрүнүктүү өкүлдөрү: И. Кант, И.Фихте, Ф.Щеллинг, Г.Гегель жана Л.Фейербах.

И. Кант (1724-1804) немец классикалык философиянын баштоочусу физик, астроном, географ, Күн системасы газ түрүндөгү тумандан түзүлгөн деген

[29] Данильян О.Г., Тараненко В.М. Философия. Учебник., М.,2005.71-б.

божомолду биринчи болуп айткан. Асман телолору табигый түрдө пайда болуп обьективдүү жашайт деген көз караштa болгон. Тааным теориясында дүйнөнү таанып билүү мүмкүнчүлүгүн четке кагып ,агностицизмди жактаган. Георг Гегель (1770-1831) диалектиканы иштеп чыгуу менен бүт дүйнөнү табиятты, коомдук турмушту жана ойлоону чексиз кыймылдын, өзгөрүүнүн, өнүгүүнүн процесси катары түшүндүргөн. Диалектика Гегелге чейин эле түзүлүп, талаш жүргүзүүнүн искусствосу деген маанини түшүндүргөн. Бирок, Гегель диалектиканы өнүктүрүп, негизги принциптерин, закондорун жана категорияларын негиздеген. Табияттын коомдун , ойлоонун өнүгүшү диалектиканын закондоруна баш ийет деген ойду айткан жана закондорго жалпылаштырган анализ жасаган.

Сандык өзгөрүүдөн сапаттык өзгөрүүгө өтүүнүн закону.

Категориялар: сапат, сан,өлчөм,секирик.

Карама – каршылыктын биримдиги жана күрөшүнүн закону.

Категориялар: биримдик, өзгөчөлүк, карама-каршылык, каршы

Тануунун тануу закону.

Категориялар: тануу, тануунун тануу.

Болмуш теориясында дүйнөнүн баштапкы жаратуучусу деп абсалюттук, идея дүйнөлүк духту эсептеген. Анын оюнча абсалюттук идея дүйнөлүк дух табиятты жаратат, андан адам пайда болот, ойлоонун жардамы менен өзүн - өзү таанып билет.

Л.Фейербах (1804-1872) Гегельдин абсалюттук идеянын биринчи ал эми материя анын продуктысы деген көз карашын сындап, материалдык дүйнө эч ким тарабынан жаратылган эмес, ал түбөлүк жашап турат жана табигый закон менен өнүгөт деп ырастаган. Табияттын өнүгүүсү менен ойлоого жөндөмдүү адам пайда болгондугун түшүндүрүү менен, ойлоо материядан ажырагыс мээнин ишинин касиети деп баса көрсөткөн. Адамдын ойлоосунан башка ойлоо жок, болушу да мүмкүн эмес. Материя духтун продуктысы эмес, дух –материянын жогорку даражадагы продуктысы деп түшүндүргөн.

Материалдык дүйнө обьективдүү жашайт жана сезим аркылуу кабылданат деп ырастаган.

Л.Фейербахтын философиясы метафизикалык материализм себеби ал Гегелдин диалектикалык окуусу өнүгүү жөнүндөгү орто кылымдагы Европа идеяларын негизсиз четке каккан.

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

Европа философиясынын өзгөчөлүктөрү эмнеде?

Орто кылымдагы Европа философиясынын өкүлдөрүн атагыла.

Схоластикалык философия деген эмне?

Гуманисттик философия кандай адамзаадалык касиеттерди даңазалаган?

Пантеизм деген кандай көз караш?

Жаңы доор философиясынын өзг0чөлүктөрү кандай?

Адабияттар:

1. Философия курс лекции. Под ред. Солопова Ф Е М.1997
2. Онтология мировой фиолософии том 2. М.1989
3. Введение философии том 1 М.1989.
4. Данильян О.Г., Тараненко В.М. Философия. Учебник., М.,2005.
5. Радугин А. Философия курс лекции М.1995.
6. Немеровская Л.З. Философия курс лекции М.1995
7. Канке В.А. Философия М.1998.
8. ТогузаковО.А.,ЖумагуловМ.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007.
9. Чанышев А.Н. Курс лекции по древней и средневековой философии М.1991.

**Лекция 6. XX кылымдын философиялык агымдары.**

1. Диалектикалык - материалисттик философия.
2. 19-20 кылымдардагы Россиядагы философиялык ойлордун өнүгүшү.
3. XX кылымдын негизги философиялык агымдары.

**1.Материалисттик-диалектикалык философия.**

Материалисттик-диалектикалык философия 19-к. 40-жылдарында Германияды түзүлгөн. Анын негиздөөчүлөрү К. Маркс (1818-1883) жана Ф. Энгельс (1820-1895) болушкан. Алардын философиялык окуусу немецтик классикалык философиянын өкүлдөрү И. Кант, Г. Гегель, Л. Фейербахтын көз караштарынын таасири астында калыптанган. Маркс менен Энгельс Гегелдин диалектикалык окуусун Фейербахтын материалисттик көз караштарын өнүктүрүп, кайрадан иштеп чыгып, материалисттик-диалектиканы негиздеген. Алар бул усулду иштеп чыгууда 19-кылымдын табигый илимий ачылыштарга: 1. Организмдер менен клеткалардын түзүлүшүн жана келип чыгышынын теориясы, 2. Энергиянын сакталуу жана айлануу законуна. 3. Жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн келип чыгышы жана өнүгүшү жөнүндөгү Дарвиндик окууга таянган. Маркс менен Энгельс материяны алгачкы деп түшүнөп, дуйнөдөгү бардык нерселер жана кубулуштарга кыймыл, өзгөрүү, өнүгүү мүнөздүү деп үйрөткөн. Материалисттик-диалектикалык философияда адам табияттын жана коомдун өнүгүү закон-ченемдүүлүгүнүн продуктус, ал эми ойлоо болсо адамдын мээсинин продуктысы деп белгилейт.

**2. 19-20-кылымдардагы Россиядагы философиялык ойлордун өнүгүшү.**

Орус философиясынын маданиятынын 17-кылымдын аягынан 19-кылымга чейинки доору. Петр Биринчинин реформатордук ишмердүлүгү менен байланышып, Россияны европалаштырууга багытталган. 18-кылымдагы Батыш Европалык агартуучулук орус философиясынын өнүгүшүнө өзгөчө таасир эткен.

19-20-кылымдардагы орус философиясы бирдиктүү системага түшпөгөн, чар жайыт илим катары өнүккөн. Бул учурдагы философиялык системалар жана мектептерди эки тентенцияга өлүүгө болот: «жалпылыктын философиясы жана жекеликтин философиясы». Орус философиясы дүйнөлүк философиянын бир тармагын түз менен бүткүл философиялык программаларды изилдеген.

Орус философиясына 19-кылымда француз агартуучу философтору Вольдор, Руссо, Дидролордун жана немец классикалык философтору Канттын, Шопенгауердин, Фейербахтын күчтүү таасирин тийгизген. Россияда – «Славянофилдер - Батышчылар» деген агымдар пайда болгон.

Славянофилдер – И. Киревский, А. Холмяков, Т. Аксаков, Ю. Самарин – «Жалпылык философиясын жакташкан, дүйнө таанымдын негизи – православиеден башкаруунун идеалдуу формасы – монархиядан, идеалдуу экономикалык структура – дыйкандын – общинадан көргөн».

Батышчылар – М. Бакунин, В. Белинский, А. Герцен «жекелик философиясын» жакташкан, Батыш Европалык цивилизацияга багыт алат, чиркөө жана православиени сындшкан. Фейербахтын атеизм жана материализмин, Гегелдин диалектикасын жакташкан.

Эки философиялык тенденция улуу орус ойчулдары – Л. Толстойдун, В. Соловьевдин, Н. Бердяевдин чыгармаларынан орун алат. Алар 19-20-кылымдардын орус классикалык философиясынын өкүлдөрү болуп саналат.

Л. Толстой (1828-1910) – рухтун психологиясына, дилдеги адеп-ахлак жана адамдын өзүн-өзү калыптандыруу процессине кайрылып, изилдөөлөрү менен дүйнөлүк маданиятка терен таасир тийгизген.

Толстой боюнча адамдын жашоосунун маңызын инсанды ички руху түзүп турат. Адам жашоосунун маңызы – адеп-ахлагынан, социалдык инсандык сапаттарынан турат. Социалдык күрөштү четке кагат. Индия боштондук күрөшүнүн баштоочусу М. Ганди озун Л. Толстойдун окуучусумун деп

эскерген. Л. Толстой адамдык эзүүнүн бүткүл формасын четке кагат, өзүнүн социалдык концепциясын – диний анархосоциализм деп атаган.

В. Соловьевдун (1853-1900) – философиясынын негизи орус диний пикирлер болгон, христиан, кудай – адамдык процессинини теориясы анын историсофиясын түзүп турат.

Соловьевдун идеалы – «эркин теократия» болгон, бүткүл адамзатты диний адеп-ахлак менен бириктирүүгө аракет кылган. Л. Толстой согуш аморалдык, баскычылык фактор деп атаса, Соловьев, айрым элге эгер согуш жакшылык, байлык алып келсе ал өзүн актай алат деп атайт. В. Соловьев – «русская идея» деген эмгегинде орус, европа деген сөздөр эмес бир гана христиан улуту деген термин менен бүткүл Европа жана россия аталышы керек деп айткан.

Орус идеясы ыйык социалдык үчилтик – чиркөө, мамлекет, коом деп эсептейт.

М. Бердяев (1874-1948) – Толстой, Соловьевдун окууларын улантуучу диний философ. «Тенсиздик философиясы», «Чыгармачылыктын манызы», «Россиянын тагдыры» аттуу ири эмгектери бар. «Мен философмун, өмүрүмдүн акырына чейин төрт жолу түрмөгө отурдум, Сибирге айдалдым, бирок эч убакта саясий же саясатчы адам боло албадым» деп өзүнүн автобиографиясын жазган. «Совем мамлекети эч убакта секулярдык – (чиркөөдөн эркин) мамлекет боло албайт, ал дайыма сокралдык (ыйык, диний) мамлекет болуп келген жана боло бермекчи» деп эскерет.

Бүткүл дүйнөгө христиан жайылтууну жактаган диний философ катары белгилүү.

**3. 20-кылымдын негизги философиялык агымдары**.

18-кылымдын орто ченинен баштап Батыш Европанын философиясында рационализм үстөмдүк кыла баштаган. Бул рационалдуулук 20-кылымдын философиясынын өнүгүшүнө да өзүнүн таасирин тийгизген. 19-к. аягынан баштап философияны классикалык эмес философия деп атоого болот.

Анткени философида плюрализм үстөмдүк кыла баштаган. Бул философиянын өнүгүшүнүн өбөлгөсү

а) социалдык жашоонун начарлашы;

б) демократиянын шарапаты;

19-к. экинчи жарымынан баштап иррационалисттик концепциялар алга жылган.

Философиянын бир агымы катары иррационализм антикалык доордо эле түптөлө баштаган. Пифагоризм, платонизм, неоплатонизм жана стоицизм, иррационализм жөнүндөгү алгачкы ойлор айтылган. Орто кылымда христиан философиясында иррационализм өнүгүүгө жетишкен. Француз философу (скептизм) М. Монтьенин, Б. Паскаль, С. Киркьегордун диний философиялык окууларында өнүктүрүлгөн.

19-к. экинчи жарымында иррационализм рацианолизмдин ордун басып, Батыш Европа философиясында өзүнчө тарыхый доорду түзгөн.

Иррацианолизмдин негизин пессимизи, скептицизм түзөт. Иррацианолизм латын тилинен «нерзумный» акыл-эссиз – иррационализмде аң-сезимсиздик, эмоционалдык, эрктик, адеп-ахлак практикасындагы субьекттин структурасы эске алынат, аң-сезимге чейинки абал негизги орунга көтөрүлөт.

Иррационализмде «философия воли» А.Шопенгауэрдин, Ф. Ницщенин «турмуш философиясы» В. Дильте, А. Бергсон ж. б.

Акыл-ой бардык нерсе эркке баш иет. Ошондуктан, бардык нерсе ойлонулбастан жасалат.

А. Шопенгаэр иррационализмдин негизин эрк түзүп турат деп айткан. Эрк негизсиз, убакыт менен мейкиндиктин себеби болбогондой эле эрктин да себеби жок. Эрк универсалдуу, космикалык кызмат аткарат. Эрк – дүйнөнүн ички маңызы. Бардык зат – табият, адам, социалдык институттар маданияттын предметтүү формалары да эрктин обьетивдештирилген ступенинде турат деген.

Иррационализмде табияттын себептүүлүгүн, закон-ченемдүүлүгүн таануу менен адамдын дүйнөнү таануусун кайра иштеп чыгуучулук ишмердүүлүгүн танат. Иррационализмдин өкүлдөрү субьекттин жөнөкөйлүгүн эч нерсе менен байланыштырбай чечүүгө аракеттенишет. Философиянын негизги кызматы катары субьективдуу дүйнөнү таануу деп белгилейт.

Адам мамилелешүүнүн, байланыштын субьектиси катары сүрөттөлөт.

Иррационализм рационализмдин гносеологиялык кызматына аксиологиялык кызматын карама-каршы коет. Нравалык – баалоочулук ишмердүүлүгү жогору бааланат.

Иррационализмдин бир багыты: «философия жизни» «турмуш философиясы» - азыркы учурдагы философиянын маданий – логикалык агымы. Маданияттуулуктун сферасын аныктоого, адам жашоосун негизги маданиятын көрсөтүүгө аракет жасайт. Адамдын турмушун маданият толуктап турат, адабият жана искусство менен тыгыз байланышта турат. Турмушту болмушка карама-каршы коюшат. Болмуш – бул нерсенин статикалык абалы, турмуш – бул кыймыл, калыптануу.

Ф. Ницще: болмуш жок, калыптануу гана бар деп белгилейт. Турмуш – ишмердүүлүк, чыгармачыл түзүүчүлүк, өзүн-өзү андоо, маданиятташтыруу, өзүн-өзү таануусу. Турмуш философиясын үч негизги мектепке бөлүүгө болот. 1. Академиялык «турмуш философиясы» (Дильте, Г Зиммель), «творческую эволюции» - А. Бергсон, «философия воли» (Ф. Ницще).

а) турмуш-тажрыйба – таанымдын обьектиси болуп калат, акыл-эске таянбайт, ал акылсыз аткарылат, ал өзгөрүү, чыгармачылык.

б) чыгармачыл эволюция – А. Бергсон башка иррационалисттерден айырмаланып, табият таануу илимдерине таянган. Анын ою боюнча турмуш үзгүлтүксүз, чексиз процесс, калыптануу, өсүү, өнүгүү. Ошондуктан дүйнөнүн келип чыгышы чыгармачыл эволючия болуп

эсептелет. Бергсон интеллектин касиетине басым жасайт, рационалдуу тааным жөндөмдүүлүккө каршы болбойт.

в) эрк философисы Ф. Ницще боюнча Шопенгауэрдин окуусун уланткан. Бирок эрк Ницще боюнча бийлик сезимине жетүүгө умтулат. Бардык адамдардын максаты – байлык, бийликке жетүү болуп эсептелет. Ал бардык моралдык, диний жүрүм-турумдан да жогору турат. Өзүнүн бүт жашоосунун шартын ошонун негизинде түзө алат.

Иррационалдык агымды психоаналитикалык агым байыткан. Психоаналитикалык багыттын негиздөөчүсү австриялык психотерапевт З. Фрейд болгон. «Массовая психология и анализ человеческого», «Я» (1928), «Я и оно» (1923), «Бессознательность».

Адамдын жашоо ишмердүүлүгүндө аң-сезимсиз абал жогорку орунда турат. Аткени. Аң-сезим аң-сезимсиз абал аркылуу башталат. Психика үч деңгээлден турат: 1. Аң-сезим; 2. Аң-сезимдин алды; 3. Аң-сезимсиздик абал.

Аң-сезимсиздик абал менен сырткы дүйнөнү байланыштырып турган жол аң-сезим. Адамда сверх – человек – я - бар. Адамдын аң-сезимсиз абалы табигый инстинкт аркылуу башкарылат. Инстинкт жизни – эрос, инстинкт смерти – тонатос инсандын социалдык, биологиялык каалоолорун канааттандырууда негизги ролду ойнойт. Бул пикирди К. Юнк уланткан. Ал архетиптер түшүнүгүн киргизген. Архетиптер конкреттүү жүрүш-туруштун формалдуу түрү б. а. Архетиптер адамда инстинкт аркылуу жүргүзүлөт.

Архетип коллективдүү аң-сезимсиздикти да чагылдырат. Коллективдүү аң-сезимсиздик бардык адамдардын тажрыйбасы, бардык элге, расага тиешелүү.

Алар адамдын индивидуалдуу жүрүш-турушун аныктоого аракет кылат.

Экзистенциализм - адамдын бытиеси, анын жашоосу тууралуу онтологиялык окуу, ал эми экзистенция- дүйнөнүн алкагындагы болмуштун ишке ашырылышы. Азыркы учурдагы философиянын ири

агымы (существование) жашоо философиясы дегенди түшүндүрөт. Азыркы учурда анын көп мектептери бар. Геосоциомаданий белгилери боюнча - немец, француз, орус, япон экзистенциализми деп аталат.

Экзистенциализм – Батыш Европада эки согуш аралыгында пайда болгон. Сократ жана софисттердин көз караштарына таянат. Экзистенциализмдин өнүгүшүнө 19-кылымдын орто ченинде Даниялык окумушту Киркьегор жана 20-кылымдын башында немец философу Е. Гуссердин эмгектери чоң салым кошкон. Экзситенциализмдин баштоочулары болуп: немец философу М. Хайдеггер (1889-1976), К. Ясперс (1883-1969) француз жазуучусу жана философу Ж. Поль Сартр (1905-1980), Г. Марсел (1889-1973), А. Камю (1913-1960).[30]

Алар жашоонун негизин адамдан көргөн. Адамды изилдөөнү биринчи планга коюшкан. Адам – ойгон! Бул турмушта активдүү жашоо образын түз, бардык нерсеге өз позициянда карама-каршы тур! Деп белгилешкен.

Дүйнөнү таануу, түшүнүү адам үчүн трагедия. Ошондуктан ал (фран) жашап жатканын гана билиши керек деп айтышкан. Адам дүйнөдө жашайт, анда кыймыл-аракетте болот, андан соң инсан катары аныктоого болот.

Хайдеггер адамды – эми мурда убакытта жаралуучу тарыхый жандык деп белгилейт. Ал боюнча экзистенция – адамдын дүйнөдөгү орду, башка адамдар менен байланышуунун жолу деп белгилейт. Экзистенциалисттер – адам чексиз эркин, ал өз жашоосун өзү түзөт, ошондуктан бүткүл адамзатка таасирин тийгизет. Бүткүл адамзаттын келечегин түзөт, аны сактоо сезими пайда болот деп эсептешет.

Экзистенциалисттик окууда атуулдардын турмушу, жашоосу дайыиа кандайдыр бир «чектик субстанцияда» болушат деген жобо өнүктүрүлгөн. Буга ылайык киши татаал, көп кырдуу абалдарга дайыма дуушар болот, алар менен эсептешпей кое албайт, мындай кырдаалдар адамдардын алдына жашай билүү ыгын тандоо зарылдыгын коет, жүрүм- турумдук

[30] ТогузаковО.А.,ЖумагуловМ.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007. 77-б.

баалуулуктарга, идеалдарга ориетацияланышын шарттайт. Экзистенциалисттик концепцияларда адамдын эркиндиги проблемасына да өзгөчө көңүл бурулган. Ж.П.Сартрдын пикири боюнча адам эркин болуу үчүн жаралган, экзистенция менен эркиндик бири-бири менен дал келет, субьект инсан болушу үчүн эркиндик зарыл, анткени андан ажыраган адам коркуу, чочулоо сезимдери менен турмуштан өз ордун таба албайт деп белгилеген.[31]Ошондуктан экзистенциалисттер «Адам ойгон, активдүү турмуштук позицияны ээле» деген ураанды коюшкан, кыйын абалдардан, карама-каршылыктардан чыгуунун жолун издөө, дайыма жашоонун орун да, жеңилин да көтөрө билүү турмуштук парз экендигин белгилешкен.

Позитивизм – (латын тили положительный – оң, жакшы дегенди түшүндүрөт). 19-кылымдын 30-жылдарында О. Конт тарабынан түзүлгөн философиялык агым. Илимий философия катары калыптанууга аракет жол. Философияны жана анын проблемаларын танат. Философия өз алдынча дүйнөнү изилдеген илим. Табият таануу, коомдук илимдердин негизин түзгөн позитивдүү илим болуш керек. Дүйнөнүн маңызын – таанууга болбойт. Субьективдик идеализмдин бир көрүнүшү кенен таралбаган 20-кылымдын эпирикритицизми катары пайда болгон.

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. XX кылым философиясы эмне үчүн классикалык эмес деп аталат?
2. Орус философиясынын өкүлдөрүн атагыла.
3. Эрк философиясы деген эмне?
4. Иррационалисттик агымдарга кайсыл агымдар кирет?
5. Позитивисттик агымдар кайсылар?

Адабияттар:

1. Антология мировой философии. Т. 2. М. 1989.

[31] ТогузаковО.А.,ЖумагуловМ.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007. 79-б.

2. Радугин А. А. Философия. Курс лекций. М. 1995.
3. Немировская Л. З. Философия. Курс лекций. М. 1995.
4. Философия. Курс лекций. Под. Ред. Солопова. М. 1997.
5. Лавриненко И. Л. Философия. Курс лекций. М. 1998.
6. Смирнов И. И., Титов И.Л. Философия. Курс лекций. М. 1998.
7. Блинников Л. В. Философтордун кыскача создугу. Б. 1997.
8. Солопов Е. Ф. Философия. Курс лекций. М. 1997.
9. Основы философии в вопросах и ответах. Под ред Несмеянова. М. 1997
10. ТогузаковО.А.,ЖумагуловМ.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007.

**Лекция 7. Болмуш (Бытие)**

1. Болмуш түшүнүгүнүн манызы.

2. Болмуш маселесинин философиялык аспектилери.

3. Болмуштун негизги фомалары.

Болмуш - быть, сушествовать-деген сөздөн алынган болуу, жашоо б.а. ааламда болуп жаткан, жашап жаткан бардык процесстер, заттар, нерселер, пикирлер, ишмердүүлүктөр боло алат.

Болмуш деп - аң сезимден сырткары жашап турган бардык реалдуу дүйнө жана реалдуулуктарды айтабыз.

Болмуш пролемасына байыркы мезгилден баштап көрүнүктүү философтор өз пикирлерин айтып келишкен. Байыркы грек философу Парменит, Демокрит, Гераклит, Платон жана Аристотелдер алгачкылардан болуп изилдөөгө алышкан. М: Парменитин пикири боюнча дүйнө эки бөлүккө бөлүнөт:

1. Өзгөрүлмө убактылуу кезектеги- бул адамдын сезүү органдары.

2. Түбөлүктүү өзгөрүлбөс таанып билүүчү – бул акыл эс менен кабыл алынган нерселер. Дүйнө адам жана материалдык нерселер менен биригип бирдиктүүлүктү, системалуулукту түзүүчү болмуштан турат деген идеяда болгон.

Ал эми Гераклит болсо- болмуш бул бара-бара тынымсыз орун алуучу, өзгөрүлүүчү нерсе б.а. сезим менен кабыл алынуучу материалдык дүйнө деп эсептейт.

Демокрит болмушту өтө майда бөлүнбөс физикалык бөлүкчөгө окшоштурат. Болмуш ар түрдүү болот, аны таанып билүүгө болбойт. Атомдорду гана таанып билүүгө болот. Ал эми боштукту ээндикти таанып билүүгө мүмкүн эмес деп белгилейт.

Платон болмуш бул акыл эс менен гана таанып билүүгө боло турган түбөлүктүү өзгөрүлбөс нерсе. Чыныгы болмуш – бул түбөлүктүү өзгөрүлбөс денесиз идеялар дөйнөсү деп эсептейт.[32]

Ал эми орто кылым доорунда болмуш проблемалары жана структурасы Аль Фарабинин, Ибн-Синанын, Аль –Берунинин философияларында борбордук орунду ээлейт, бирок алар мааниси жагынан болмушту «соолбос» жана чексиз материалдык дүйнөгө окшоштурушат.

Немецтик классикалык философиясынын өкүлдөрү И.Кант жана Г.Гегель – субьекттин иш аракеттери менен ачыла турган обьективдүү, идеалдуу дүйнө бар деп эсептешет. Ошол дүйнө ааламдын манызын түзөт деген ойдо болушкан.

Ал эми азыркы философияда – болмуш бул философиялык категория. Ал өтө ар түрдүү кубулуштардын, буюмдардын жана процесстердин жашоо белгилери боюнча бириккен системадан турат. Бардык материалдуулук б.а. жаратылышта орун алган материалдуу нерселер – обьективдүү чындык катары болмуштун курамына кирет. Ал эми аң-сезим бул реалдуу көрүнүш катары субьективдүү чындык демек болмуш өзүнө табиятты да, коомду да, аң-сезимди да камтыйт. Болмуш бул адамдын аң-сезиминен сырткары жашап турган реалдуу көрүнүштөрдү өз ичине камтыган философиялык түзүлүш.

(4- схема “Болмуш” категориясына толук жооп берет. )

---

[32] Жоробекова Э. Фалсафа негиздери. Онтология. Ош.,2004.23-б.




**Схема 4.** “Болмуш ” категориясынын философиялык мааниси.

3. **Болмуш маселесинин философиялык аспектилери.**

Жаратылышта,коомдо кандай өзгөрүүлөр болбосун ааламдын өзү дүйнө бир бүтүндөй нерсе катары түбөлүккө сакталып кала бериши адам үчүн табигый көрүнүш. Чексиз бир бүтүндөй болгон дүйнө тууралуу көз караштар күнүмдүк жашоодо пайда болот, бул маселе адам менен болмуш проблемасын терең изилдөөгө зарылдык жаратат.

Ар бир адамдын жашоосундагы иш аракеттер башка адамдар үчүн, жана өзү үчүн өзгөчө реалдуулук. Жеке адамдардын аң сезиминин негизги милдеттеринин бири бул реалдуулуктарды таанып билүү жана

чагылдыруу болуп саналат. “Реалдуулук” категориясы философияда бар болууну билдирет. Бардык реалдуулуктун түрлөрү жаратылышта орун алгандыгын айтууга болот. Реалдуулуктарды таануу аң сезимдин коомдук кызматтарына кирет. Ал эми болмуш категориясы жаратылышта орун алган бардык реалдуулуктарды өз ичине камтып тургандыктан, адамдардын аң сезимдериндеги чыгармачылык аракеттер да болмушка бирдей эле таандык болот. Ошондуктан философияда болмуштун бир нече философиялык өңүттөрүн белгилөөгө болот.

Болмуш философиясынын маселесинин 1-философияоык аспектиси – дүйнө кантип жашап турат, кайда пайда болгон, кайсыл мезгилге чейин жашайт деген суроолордун айланасында изилдөө жүргүзөт. Дүйнө, аалам болгон, боло берет, болуп жатат жана боло бермекчи, алар өтмө биринчи көрүнүштөн экинчи түргө өтүп турат. Дүйнө бир тараптан жалпы түшүнүк катары. Биринчи аспектиси дүйнөнүн пайда болушу, жашашы жана жок болушу бул убакыт жана мейкиндик сыяктуу эле чексиздик деп жооп берүүгө аракет кылат.

Болмуштун философиялык 2-аспектиси –дүйнөнүн бүтүндүүлүгү жөнүндөгү маселенин айланасында ой жүгүртөт. Табият, адам, ойлор, идеялар, көз караштар жана коом бирдей бирдиктүү жашап турат. Өзүнүн жашоо формасында бирдиктүү, чексиз, өтмө эмес дүйнө түзүлүп турат. Негизги маңызы дүйнөнүн, табияттын бирдиктүүлүгү жана жок болбос, өзгөрүлбөс, чексиз ааламдын мейкиндиктин жана убакыттын денгээлдеринде жашап турат жана бүтүн бир системаны түзүп турат деген идея.

Болмуш маселесинин 3- философиялык аспектиси – бүтүн бир бирдиктүү дүйнө адам жана анын аң-сезими үчүн, ар бир муун үчүн реалдуулук болуп саналат. Реалдуулуктун жыйындысы – индивид, адам үчүн жашап турган нерселер, табият процесстери адамзат аркылуу таанылган жана таанылбаган дүйнө, коомдук жашоо турмуш, адамдар арасындагы мамилелер, мекемелер, идеалдар ж.б.




**Схема 5**. Болмуштун негизги калыптары.

**3. Болмуштун негизги калыптары**.

“Болмуш”түшүнүгү материалисттик да, идеалисттик да, рационалисттик да, иррационалисттик да мазмунга ээ болгондугуна карабастан, бир нече конкреттүү формаларга ээ. Алар төмөнкүлөр:

1.Жаратылыштын болмушу (нерселердин,тело, зат, процесстердин болмушу)

а) нерселердин болмушу

б) процесстердин болмушу

в) табияттын абалдарынын болмушу

г) адам тарабынан жаратылган 2-табият болмушу.

2.Адам болмушу- нерселер арасындагы адам болмушуна, спецификалык адам болмушуна бөлүнөт.

3. Руханий болмуш- жекелентилген руханий жанаобьективдештирилген руханий болмушка бөлүнөт.

4. Социалдык болмуш – жеке болмуш – коомдогу адамдын орду жана коомдук болмуш. (5-схеманы караңыз )

**1. Жаратылыштын болмушу** (нерселердин,тело, зат, процесстердин болмушу) төмөндөгүдөй мүнөздөмөлөргө ээ :

- Системалуулук мүнөзү- грек тилинен которгондо-ар түрдүү бөлүктөрдөн куралган, бириктирилген бүтүндүк дегенди билдирет. Дүйнөнү системалуу курамдык түзүлүшү аныктайт, системалуулук дүйнөнүн биримдигин жана туруктуулугун камсыз кылып турат.
- Универсалдуу эволюционизм- латын тилинен которгондо- жайылуу, кеңири өнүгүү дегенди түшүндүрөт. Табигый болмуштун манилүү мүнөздөмөсү болуп анын эволюцияга, өнүгүүгө жана өзгөрүүгө болгон жөндөмү саналат. Илимге белгилүү болгон бадрдык табигый системалар, ал тургай аалам да эволюциянын негизинде пайда болушкан.
- Өз алдынча уюмдашуу (самоорганизация)- эволюциянын өзү сыяктуу эле анын механизмдери да универсалдуу мүнөзгө ээ. Бүгүнкү күндө андай механизмдердин негизгиси катары өз алдынча уюмдашууну б.а. тең

салмаксыз системанын ырааттуулук менен ирээттүүлүктүн жогору деңгээлине капыстан өтүүсү каралууда.[33]

**2. Адам болмушу-** жеке адамдын адамзаттын болмушунда өтө өзгөчө кайталангыс процесс. Дүйнөлүк закондорго адам болмушу жөн гана баш ийип бербестен, ага чек коюп, өзгөртүүгө аракет жасап турат. Адамдын иш аракетини көпчүлүгү өз денесинин муктаждыктарынан сырткары жашап турган адеп ахлактык, руханийлик себептер аркылуу аныкталат б.а. адам адеп-ахлах үчүн, чынчылдык үчүн, мээримдүүлүк үчүн өз жанын курмандыкка чалуудан кайра тартпайт. Адамдын жашоосунун өзгөчөлүгү болмушунун өз ара айырмаланып турган чендерин бириктирүүдө. Адам болмушунун төмөндөгүдөй чендери бар.

Адам өзүнчө сезимдүү бир зат (дене) катары жашайт.

Адам жаратылыштын өнүгүүсүнүн белгилүү бир этабында хомосапиенс түрүнүн өкүлү катары жашайт.

Адам тарыхый-социалдык жандык катары да жашайт.

Адамдын жашоосунун 3- ченинин биримдиги, адамдын болмушунун алгачкы мүнөздөмөлөрүн түзөт. Адамдын болмушу табигый, заттык жана руханийликтин, жекелик жана уруучулуктун, инсандык жана коомчулуктун комплекстүү жана кайталангыс биримдиги. Адам болмушунун маселеси дүйнөлүк диндердин бири болгон буддизмде терең чагылдырылган. Адамдын психикалык активдүүлүгүн болмуштун чыгармачыл башаты деп белгилеген.[34]

**3. Руханият болмушу** жекелентилген жана обьективдештирилген болуп экиге бөлүнөт. Жекелентилген болмуш туюмдардагы, эмоцияларды, ой-пикирлерди, максаттарды жана аң-сезимдин ар түрдүү абалдарын өзүнө камтыйт. М: кыялдануу кирет.

Руханият болмушунун жекелентилген формасынын өзгөчөлүгү аң-сезимдин ар кыл жараяндарынын жеке адамдын туулушу жана дүйнөдөн

[33] Эдилова М.М., Алиева Г.К. Философия. Окуу китеби. -Б.,2008.51-б.
[34] Жоробекова Э. Фалсафа негиздери. Онтология. Ош.,2004.38-б.

кайтышы менен бирге жаралып жана жок болушунда. Анын жекелентилгенден сырткаркы рухий болмушка айлангандары сакталып кала берет. М: ырлары, чыгармалар жыйнагы, сүрөттөрү, архитектурасы сакталынып калат. Жекелентилген руханий болмушуна адамдын өзүн-өзу андап билүүсү эсептелет. Адамдын өзүнүн денесин, өзүнүн ойлорун жана сезимдерин өзүнүн коомдогу ордун, башка адамдарга болгон мамилесин жалпысынан алганда адам өзүн-өзү бөтөнчө жана бир жеке инсан катары түшүнүккө ээ болууда. Өзүн-өзү аңдоо адамдын ан-сезиминин борбору болуп эсептелет. Кээ бир философтор адам өзүнө-өзү атайын көңүл бурганда гана өзүн-өзү андоо жаралат деп айтышат. Айрымдары өзүн-өзү аңдоо биз байкабаган мезгилде деле аракеттене берет. Анын өзүнө тиешелүү механизмдери болот деп айтышат. Жекелентилген руханият кең маанисинде аң- сезимден сырткары турган андоосуз сезимди да өз ичине камтыйт.

Андоосуз сезим деп - адамдын аң - сезиминде элестетилбеген, байкоодон сырткары турган психикалык жараяндардын, аракеттердин жана абалдардын жыйындысын айтабыз. Мындан сырткары аңдоосуз сезим деп чыныгы максаттары жана натыйжалары андоосуз калган жеке адамдык жана топтук жүрүм-турумдарды эсептөөгө болот. Андоосуз сезимди Австриялык адам психикасын изилдөөчү дарыгер З.Фрейд изилдеген.

Андоосуз сезимдин төмөндгүдөй 3 деңгээлин белгилеп өтүүгө болот:

1-денгээли: адамдан өз денесинин жашоосуна, милдеттеринин ирээттүүлүгүнө, денесинин кээ бир жөнөкөй керектөөлөрүнүн канааттандырылышына андабас түрдө психикалык көзөмөл салып туруусу. Бул көзөмөл автоматтык, эрксиз түрдө аткарылат. М: басуу, психикасы бузулганда соо туруп эле басууну унутуп коюшат.

2-денгээли адам ойгоо кезиндеги аң-сезими сыяктанган, бирок негизинен аң-сезим талаасында орун которууга мүмкүнчүлүгү болгону менен мезгили жетмейинче андоосуз кала бергендигинде. М: кайгы-капалар, бир ойго келүү.

3-денгээли кээ бир илимий философиялык туйгуларга жетүүгө болгон умтулуулардан көрүнөт. Андоосуз сезим менен акыл-эстин тыгыз байланышы эсептелет.

Обьективдештирилген руханий болмуш – руханий адеп-ахлактык эрежелер, адабияттар жана түпкү максаттар, баалуулуктар. М: сулуулук, адалеттүүлүк, акыйкаттык руханиятта бөтөнчө мааниге ээ. Жекелентилген деп инсандын руханий түзүлүшүн аныктаган умтулуулардын, себептердин, максаттардын татаал жыйындысын айтсак, обьективдештирилген деп илимде, маданиятта, массалык аң-сезимде ишке ашырылган идеяларды түпкү максаттарды, адаттарды, баалуулуктарды айтабыз.

4. **Коомдук болмуш**- болмуштун булл формасы өз кучагына жалпы эле коомдон сырткары, анын курамына кирген жеке адамдын болмушун да туюнтат. Азыркы мезгилдерде коомдук болмуш төмөндөгүдөй тенденциаларга ээ деген көз караштар кездешет:

- Технологиялаштыруу- грекчеден техно-өнөр, чеберчилик, шыктуулук , логос- окуу дегенди түшүндүрөт. Бул тенденция коомдук болмуштун курамындагы адамды табигый чөйрөгө ыңгайлаштыруу менен коомдук болмушту башкарууда техникалык каражаттардын күндөн күнгө өсүп жаткангдыгын билдирет.
- Институтташтыруу- латынчадан мекеме, түзүлүш дегенди билдирет- иш аракеттердин субьеттилеринин ролу социалдык институттарга айланып бараткандыгынан улам, булл тенденция коомдук жашоонун уюмдашып жана формалдашып бараткандыгын билдирет.
- Ааламдаштыруу же глобалдаштыруу- латынчадан жер шары дегенди билдирет- дүйнөнүн ар кандай ар кандай чөлкөмдөрүнүн өз ара көз карандылыгы өсүп, социалдык мейкиндиктин кысылып, ал эми коомдук иш аракеттер аргасыздан стандартташып бара жаткандыгын айгинелейт.

- Виртуалдаштыруу, информациалаштыруу- булл тенденция коомдун жашоо турмушунда адамдардын активдүүлүгүнүн күн санап ооп бараткандыгын б.а. жаңы информация чөйрөсүнүн пайда болгондугун билдирет. Социялдык болмуштун негизин энергия, сырье аныктабастан информация же маалыматтык ресурстар аныктай баштаганын билдирет.[35]

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Болмуш деген эмне?
2. Болмуштун философиялык өңүттөрүн айтып бергиле.
3. Адам болмушу өз алдынча кандай калыпка ээ?
4. Болмуштун формаларына анализ бергиле.
5. Табият болмушу тууралуу мисалдарды келтиргиле.
6. Руханий болмуштун өзгөчөлүгү кайсылар?

Адабияттар:

1. . Основы философии в вопросах и ответах . под ред. Несмиянова Е.Е. М., 1997.

2. . Солопов Е.Ф. Философия курс лекций М., 1997.

3. Радугин А.А. Философия курс лекций М., 1995.

4. Ловриненко Е.Ф. Философия курс лекци М., 1998.

5. Жоробекова Э.Ж. Фалсафа негиздери. Онтология. Ош-1994.

[35] Эдилова М.М., Алиева Г.К. Философия. Окуу китеби. -Б.,2008.53-б.

## Лекция 8. Материя

1. «Материя» түшүнүгүнүн маңызы. Бүгүнкү күндөгү илим материянын түзүлүшү жөнүндө.
2. Материянын жашоо жолу: кыймыл.
3. Мейкиндик жана убакыт материянын жашоо формасы.

Материя түшүнүгү материализм тарабынан коомдун тарыхый өнүгүшүнүн бүткүл тарыхында иштелип чыккан байыркы илимдердин бири эле. Философтор материяга өзгөчө маани беришкен.

Чарбак локояттар мектебинин (б. Индия) окуусун улантуучулар материяны бирден-бир реалдуулук деп жер, суу, от жана абаны эң алгачкы субстанция деп аташкан.

Милет мектебинин (б. Греция) материалисттик окууларында айрым заттар: суу (фалес), аба (анаскимен), анасагордун философиясында белгисиз (апейрон) алгачкы башат деп айтышкан.

Баарынын эң алгачкысы катары Гераклит отту алса, Левкип жана Демокрит – атомдорду жана боштукту табышкан. Алар бүткүл дүйнөнүн көп түрдүүлүгү атомдордун биригүүсүнө жана ажыралуусуна көз каранды болот деп айтышкан.

Орто кылымда илимде, дүйнөгө көз караштa дин үстөмдүк абалда тургандыктан, ой жүгүртүүнүн догматтык усулун ишке ашырышкан, түбөлүктүү изилдөөлөр ыйык китептерде жазылган деп жарыялашкан. Ошондуктан, бул доордо материалисттик ойлор жөнүндө эч кандай маалымат алууга болбойт.

Чыгышта болсо исламдын канчалык кысым көрсөткөндүгүнө карабастан, чыгыш ойчулдарынын бүтүндөй бир тайпасы материя проблемасын иштеп чыгууга аракет жасашкан. М: Абу-Райхан-Беруни «материя бардык заттардын негизинде жатат» деп белгилейт. «Материя айкындуулуктун кийимин киет, тигил же бул зат катары көрүнөт».[36]

---

[36] Жоробекова Э. Фалсафа негиздери. Онтология. Ош.,2004.29-б.

Ибн-Сина материянын обьективдүү жашагандыгына, анын чексиздигине, жаратылбагандыгына жана түбөлүктүүлүгүнө ишенет. «Кишилер ар түрдүү форманы кабыл алган, чексиз болуп саналган бытиенин жашагандыгынан күмөн санашпайт. Мындай бытие материя деп аталат» деген.

Аль-Фараби - табияттын түбөлүктүүлүгү жана материянын соолбостугу тууралуу материалисттик тыянак чыгарат. Фараби боюнча материя жандуу, ал эми денелүү заттарга өнүгүү, өзгөрүү таандык. Материянын көп түрдүүлүгүн, байлыгын далилдөөгө аракет кылган.

Жаңы доордо материя түшүнүгүнүн манызын түшүнүү боюнча жаны тенденция келип чыккан. М: Ж. Бруно (1546-1600) жана Б. Спиноза (1632-1677) үчүн материя жалпы материалдык дүйнөнү түшүндүргөн, идеализмге жана дуализмге каршы агым болгон, өзүнө-өзү себепчи болгон табият гана анык жашайт деп аныкташкан.

18-к. баштап материянын теориялык окуулары иштелип чыга баштаган. Д. Дидронун (1719-1784) жана П. Голбахтын (1723-1782) эмгектеринде изилдене баштаган. М: П. Голбах: «материя, жалпысынан биздин сезимдерибизге кандайдыр бир түрдө таасир тийгизген нарселердин баары болуп саналат» деп жазат. Материя жашап турган сезим менен кабыл алынган денелендин обьектеринин жыйындысы катары аныкталат. Фейербах аң-сезим материядан сырткары жашап тураарын так белгилеген.

Материя теориясынын илимий деңгээлде аныкталышына Ф. Энгельс жана В. И. Ленин чоң салым кошушкан. Чыныгы дөйнөнү диалектикалык-материалисттик түшүнүү материяны түшүнүүдөн, ал эми материяны диалектикалык-материалисттик түшүнүү чыныгы дүйнөнү түшүнүүдөн ажырагыс деп белгилешкен. Энгельс материянын жашоо формаларын, касиеттерин аныктаган.

В. И. Ленин «Материализм жана эмпириокритицизм» деген эмгегинде материя аң-сезим аркылуу, аң-сезим материя аркылуу гана аныкталат.

Материя дегенибиз адамга анын туюмдары аркылуу белгилүү боло турган, биздин туюмдарыбызга көз карандысыз эле бар болуп, ошол туюмдарыбыз аркылуу көчүрмөсү алынган, фотографияланаган элестери чагылтылган обьективдүү реалдуулукту белгилөөчү философиялык категория деп жазган. [37]

Материянын көп түрдүү формалары бар, жалпылыштырып эки түргө бөлүүгө болот: 1. Заттык түрү – денелик, заттык бөлүкчөлөр ж. б. 2. Талаалык түрү – энергия, аба, магнит талаалары, материянын бул эки түрү бири-бири менен тыгыз байланышта, бири-бирине өтүп турат.

Материя жөнүндө азыркы илимий түшүнүктөрдүн негизинде анын татаал тутумдук түзүлүшү жөнүндөгү идея жатат. Материалдык дүйнө ар кандай обьект тутум б. а. өзгөчө бүтүндүк катары каралышы мүмкүн. Өзгөчө бүтүндүк алардын ортосундагы элементтердин жана байланыштардын нак болушу менен мүнөздөлөт.

Материянын түзүлүшү боюнча денгээлдерин түркүмдөргө бөлүүдө төмөндөгүлөр өтө жалпы тайпалар болуп саналат.

Жансыз табият.

Жандуу табият.

Коом.

Табият тутумунун өзүнүн түзүлүшчөлөрү: «Жөнөкөй» бөлүкчөлөр, атомдор, молекулалар, макротело, планеталар, планеталык тутумдар, галактика, галактика тутуму, метогалактика бар.

Жандуу табият өз тутуму – бир клеткалуу жана көп клеткалуу организмдерге, популяцияларга, түрлөргө, биоценоздорго, биосферага ээ. Инсаният коому – метериялдык тутумдун өзгөчө тиби – үй-бүлө, тап, улут ж. б. болуп саналат.

**2.Материянын жашоо жолу: кыймыл.**

---

[37] Жоробекова Э.  Фалсафа негиздери. Онтология. Ош.,2004.31-б.

Кыймыл философиялык категория, материянын жашоо жолу. «Материянын абалынын ар түрдүүчө сапаттык жана сандык жактан өзгөрүүсү» - кыймыл деп аталат деп Ибн-Сина айткан.[38]

Материя дайыма кыймылда болот, кыймылсыз материя болбойт. Кыймыл материянын ички касиети. Кыймыл болгон жерден материяны, материядан кыймылды көрүүгө болот. М: жер бүтүн Күндүн айланасында секундасына отуз чарчы жылат же жер жаралгандан бери Күн менен биргеликте галактиканын борборунун айланасында жыйырма үч жолу айлануу жасаган. Кыймылдын үч тиби бар:

1. Кыймыл улам-улам жогорулоочу сызык боюнча жөнөкөйдөн татаалга карай жылышы мүмкүн. М: Таанып-билүү процессинин кыймылы ушундай.

2. Төмөндөгү сызык аркылуу артка кетиши мүмкүн. М: Айрым тирүү организмдердин картаюу процесси кирет.

3. Жогорулоочуда, төмөндөөчү да сызык болбойт. Ошондуктан бул тип бүткүл буюмдарга тиешелүү деп айтууга болот.

Энгельс кыймылдын беш формасын белгилеген:

- Механикалык кыймыл – ар түрдүү денелердин мейкиндикте орун которушун: эң иайда бөлүкчөлөрдүн кыймылы,атомдордун жана малекулалардын орун которушун, космостук обьектилерге чейинки чоң телолордун кыймылын өз ичине камтыйт.
- Физикалык кыймыл – жылуулук жана электромагниттик жараяндарды, ядронун жана атомдун ичиндеги кайра түзүүлөрдү, элементардык бөлүкчөлөрдүн өз ара аракеттерин жана энергиялардын алмашуусун кучагына алат.
- Химиялык кыймыл – атомдордун малекулаларга биригишинин жана малекулалардын ажырашынын жараяндарында, органикалык эмес

---

[38] Жоробекова Э. Фалсафа негиздери. Онтология. Ош.,2004.37-б.

жана органикалык табиятта заттардын түзүлүшүнүн жана кыйрашынын кубулуштарында жүрөт.

- Биологиялык кыймыл – булл жашоонун ар түрдүү көрүнүштөрү, тирүү организмдердин ортосундагы ар түрдүү катнаштары жана алардын жаратылыш менен өз ара мамилелери б.э.
- Социалдык кыймыл – коомдогу жашоо-турмуш, процесстер, кубулуштар жана көп түрдүү жараяндарды, таптык жана улуттук мамилелерди, материалдык жана рухий маданияттарды өз ичине камтыйт.[39]

Материянын кыймылынын формалары бири-бири менен тыгыз байланышта жүрөт, бири-бирисиз бирөө болбойт, бир эле кубулушта кыймылдын бир нече түрлөрү жолугат.

Азыркы учурда илим кыймылдын бир катар жаны формаларын: минералдык, геологиялык, термоядролук, планеталык түрлөрүн изилдеп жатат.

5. **Мейкиндик жана убакыт жашоо формасы**

Материя менен кыймыл жөнүндө сөз болгондо эле кайсыл жерде кыймыл болду, ал канча убакытка созулат деген суроо келип чыгат. Себеби, ар бир процесс кайсы бир жерде качандыр бир убакытта болуп өтүп, белгилүү бир орунга, жашоонун созулгандыгына ээ. В. И. Ленин «Дүйнөдө кыймылдоочу материядан башка эч нерсе жок, кыймылдоочу материя мейкиндиктен жана убакыттан башка жака жыла албайт» деп жазган.

Демек, ар кандай табигый же социалдык обьект тутум, процесс, обьективдүү – реалдуу жашоонун белгилүү чектерине мейкиндикте созулгандыкка жана убакыттагы узактыкка ээ. Бардык нерсе мейкиндикте чектелип, убакытта башталышына жана аягына ээ болушу зарыл. «Убакыт» түшүнүгүндө материялдык обөектилердин обьективдуу чындыктагы узактыгы көрсөтүлгөн сыяктуу эле, «мейкиндик» түшүнүгүндөгү бардык

---

[39] Жоробекова Э.  Фалсафа негиздери. Онтология. Ош.,2004.40-б.

материялдык буюмдарга жана процesстерге таандык обьективдкк чындыктагы созулгандыкты да чагылтуу таандык..

Материялдык процесс канчалык жашаса, мейкиндик жана убакыт да ошончолук жашайт. Алар анын мейкиндиги жана убактысы болуп саналат. Мейкиндик менен убакыт материянын белгиси болуп саналат. Анткени, мейкиндик менен убакытты материядан бөлүп кароого мүмкүн эмес.

Философиянын тарыхында мейкиндиктин жана убакыттын эки концепциясы – субстанциялык жана реляциялык концепциясы түзүлгөн.

Субстанциялык концепция – (Демокрит, Эпикур, Ньютон) мейкиндикти чексиз орун нактай аралык, ал эми убакытты тынымсыз нактай узактык катары карайт. Мейкиндик менен убакыт материя менен бир катарда жашаган анык формалар. Мейкиндик үч өлчөмдүү убакытка баш ийбейт, убакыт бир өлчөмдүү мейкиндиктен жана материядан көз карандысыз жашап турат.

Реляциялык концепция – (Аристотель, Лейбниц, Гегель) мейкиндикти жана убакытты өзгөчө субстанциялык мазмун катары эмес, материянын жашоо формасы катары карайт. М: Лейбництин пикири боюнча, мейкиндик телолордун жашоо образын, мүнөзүн ал эми убакыт алардын абалынын өзгөрүшүнүн ырааттуулугун мүнөздөйт.

Г.Гегель мейкиндик менен убакыт субстанция болуп саналбаса демек, ал дүйнөлүк рухтун бир формасы, бытиеси болуп саналат деген пикирде болгон.[40]

Азыркы учурдагы материализм реляциялык концепциянын көптөгөн идеяларын өнүктүрөт  жана каралып жаткан түшүнүктөргө төмөндөгүдөй аныктама берет:

Мейкиндик – ири философиялык категория, ал материалдык обьектилердин аралыгын жана өз ара жайгашкандыгын, алардын элемент түзүүчү жашоону жана өз ара аракеттенүү мүнөздөйт.

---

[40] Жоробекова Э.  Фалсафа негиздери. Онтология. Ош.,2004.43-б.

Убакыт – ири философиялык категория, ал ар кандай обьектилердин жашоосунун узактыгын, алардын абалдарынын алмашуу ырааттуулугун билдирет.

Мейкиндик жана убакыт материянын жашоосунун негизги шарты, бирок, алар материянын өзүн түзүшпөйт, ошол эле мезгилде алар материядан бөлөк алмашпайт.

Мейкиндиктин касиети анын үч өлчөмдүүлүгү жана кайрадан мурдагы калыбына келүүчүлүгү. Убакыт бир өлчөмдүү жана калыбына келбейт. Ал болуп өткөндөн азыркыга карай агат.

Убакыт

Биологиялык – ири организмдин жашоо узактыгын белгилөөчү мезгил;

Социалдык – коомдун жашоо мөөнөтүн көрсөтүүчү убакыт;

Галактикалык убакыт – күн ситемасынын планеталык жана жансыз нерселердин жашоо мөөнөтүн көрсөтөт.

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Материя кандай философиялык түшүнүк?
2. Материянын түрлөрү кайсылар?
3. Кыймыл жана анын формаларына мүнөздөмө бергиле?
4. Убакыт кандай категория?
5. Мейкиндик түшүнүгүнүн маңызы эмнеде?
6. Убакыт жана мейкиндик боюнча кандай көз караштар бар?

Адабияттар:

1. А. Алиев, Ж. Арзыматов, К. Нурдинова «Бытие жана материя жөнүндө окуу». Ош. 1996.

2. Жоробекова Э. Фалсафа негиздери. Онтология. Ош 1994.

3. Фролов И. Т. введение в философию. М. 1989.

4. Рекутов А. И. Философия. М. 1985.

5. Лолаев Т. П. Время: новые подходы к старой проблеме. Орд. 1989.

**Лекция 9. Диалектика.**

1. Диалектиканын маңызы. Диалектиканын тарыхый формалары.
2. Диалектиканын принциптери.
3. Болмуштун универсалдуу байланыштары.

**Диалектиканын манызы. Диалектиканын тарыхый формалары**.

Диалектика түшүнүгү- диалог- грек тилинен которгондо-маектешүү чеберчилиги деген терминден келип чыккан. Диалектика термини антикалык демократиянын өнүгүү доорунда пайда болгон, анткени демократия учурунда гректер өздөрүнүн сүйлөгөн идеяларын далилдөө максатында, маектешүү чеберчилигине жетишүүгө аракет жасашкан.

Диалектика маектешүүнүн чеберчилиги катары орто кылымда өнүккөн. М: Орто кылымда Пьер Абелярдын «Ооба жана жок» деген эмгегинде диалектика-диалог катары маектешүү чеберчилигине жетүүнү түшүндүргөн. Окутуучуга суроо берилет. Окутуучу жогорку денгээлде жооп берүүсү зарыл болгон.

Болмуштун бардык формалары жана түрлөрү өзгөрүү менен тыгыз байланышта болот. Философиялык ойлордо өнүгүү, өзгөрүү бар экендигин таануу өтө кыйынга турган, көп убакыт бою космос, өсүмдүктөр, жаныбарлар, адамдар өзгөрбөйт деген идея үстөмдүк кылган. Бирок бардык нерселердин өнүгүүсү, өзгөрүүсү тууралуу байыркы Кытай, Индия жана Антикалык Грециянын ойчулдары алгачкы изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн.

М: Гераклит өнүгүүнү, өзгөрүүнү отко, дарыяга окшоштурган. Кыймылдын болушу өнүгүүгө же өзгөрүүгө алып келет. Байыркы Грек философу Зенон механикалык кыймылды түшүнүүнүн өтө татаалдыгын сүрөттөгөн. Зенон кыймылдын үзгүлтүксүздүгүн, токтобостугун сүрөттөгө аракет кылган. Гегель өзүнүн диалектика теориясында: Тезис-антитезис- синтез формуласын түзгөн.

Бүгүнкү күндө диалектика – табияттагы, адам коомундагы жана аң-сезиминдегө өнүгүү жөнүндөгү окуу. Диалектиканын калыптануу тарыхы татаал изилдөөлөрдөн, окуулардан турат.

Диалектика өнүгүү жолунда төмөндөгүдөй тарыхый формаларга ээ:

Байыркы философиянын диалектикасы.

Немецтик классикалык философиясынын идеалисттик диалектикасы.

Материалисттик диалектика.

Байыркы диалектикалык окуулар: жөнөкөй күндөлүк, практикалык билимдерге таянат. М: Гераклит дарыянын агымын көрүп туруп, бир жолу түшкөн сууга экинчи жолу түшүүгө эч качан мүмкүн эмес, ал чексиз, түбөлүктүү кыймылдын, өзгөрүүнүн мейкиндигинде турат деп белгилеген.

Диалектика теориялык түрдө адамзат маданиятынын бир бөлүгү катары: Гегелдин идеалисттик философиясында бирдиктүү теориялык система катары өнүктүрүлгөн. Гегель дайыма, үзгүлтүксүз өзгөрүүнү, кыймылды табияттан коргон жана адам ойлоосунун тарыхый өнүгүүсүн «Абсолюттук идея», «Дүйнөлүк акыл-эс» деген терминдер менен берген. Табияттагы өзгөрүү, өнүгүү Гегелдин пикиринде анчалык деле мааниге ээ болгон эмес. Себеби дейт ал, дүйнөлүк рух, акыл-эс табиятты да, аң-сезимди да башкарып турат. Илимдеги дагы, табияттагы дагы, аң-сезимдеги дагы өнүгүүлөрдү бириктирип – «диалектиканын түшүнүк апаратын» түзөт деген. Б.а. илимий диалектиканын системасын түзгөн. Категориялардын тыгыз байланыштарынан улам диалектиканын закон ченемдүүлүктөрү келип чыгат деп айткан. Гегелдин диалектиканын принципиалдык идеяларынын негизинде төмөндөгүдөй маанилүү байланыштарды болуп кароого болот: кубулуштардын универсалдуу байланыштары, карама-каршылыктардын биримди, өнүгүүнүн диалектикалык карама-каршылыктар аркылуу өтүү процесси.

Гегелдин окусунан диалектиканын синтези жана материализмди өнүктүрүп алуу милдетин К.Маркс жана Ф.Энгельс иш жүзүнө

ашырышкан. Алар «Жолугушуунун орду» аттуу эмгегинде материализм менен диалектика коомдун тарыхын, диалектиканын жалпы талаасындагы кыймылын илимий түрдө аныкташкан. Материалисттик диалектикада – диалектика өнүгүүнүн чыныгы концепциясы катары негизделген. Материалисттик диалектика – марксистик философиялык дүйнө – таанымдын борборун, түрдүү кубулуштарды изилдөөнүн методун, чыныгы дүйнөнүн закон ченемдүүлүктөрүн үйрөнүүнүн жолун изилдейт.

Диалектика – түрдүү кубулуштарды көп түрдүү образдарда жана байланыштарда өнүгүүнүн өзгөрүү процесстеринде кароочу дүйнөнү түшүнүүнүн жолу деп эсептелет. (6-схеманы караңыз)




**Схема 6.** Диалектиканын тарыхый калыптары

## 2. Диалектиканын принциптери.

Принцип – латын тилинен которгондо негиз дегенди түшүндүрөт. Бүгүнкү күндөгү философия төмөндөгүдөй принциптерди колдонот.

Принциптер:

Өнүгүүнүн принциби.

Жалпы байланыштар жөнүндө принциби.

Историзм принциптери

Себептүүлүк пинциптери

Системалуулук принциптери.

Табиятты канчалык терен изилдеген сайын табиятта ошончолук кыймыл жана өнүгү болуп жатканын байкоого болот. Дүйнө бүтпөс идеялардан, кубулуштардан, процесстерден турат. Процесс гана чыныгы акыйкан боло

алат. Диалектика өнүгүүнүн комплекстүү окуусу катары – табияттагы өнүгүүнү жана жок болууну изилдейт.[41]

Өнүгүү менен прогресс термини бири-бири менен дал келет, өнүгүү жаны касиеттердин пайда болушу менен шартталат. М: Адамдын каршы турмуштун регрессивдүү көрүнүшү б.а. өнүгүүнүн төмөн карай багытталышы, бирок бул жерде өнүгүү процесси жогору карай да жылышы мүмкүн. Анткени кары адам жаштардан тажрыйбалуулугу жана илимий билимдерди көп топтогондугу менен айырмалат.

**3. Болмуштун универсалдуу байланыштары**.

Кубулуштардын өз ара байланыштарын байкоо анчалык кыйын эмес, анткени турмуш өзү бир нече процестерден турат. Кубулуштардын өз ара көз каранды экендиги бири-бирине өтүп тургандыгы, кыймылда болгон материянын эң жалпы касиетин чагылдырып,обьектердин жалпы дөйнөлүк универсалдуу байланыштардын түзүп турары анык. Ар кайсы кылымдарда диалектиктердин негизги маселеси болмуштун универсалдуу байланыштарын аныктоо болгон. Ар кайсы кылымдарда бул маселе ар башка түрдө жеке жана жалпынын, бүтүн жана бөлүктүн, өзгөрбөс жана өзгөрүлмөнүн байланышы катары чечмеленген. Тааным теориясынын тарыхында бул дүйнөнүн өз ара байланыштарын өз ара айырмаланып турчу түрлөрүнө бөлүүгө болот; болмуштун түзүлүшүн, уюштурулгандыгын чагылдырууга болот. Универсалдуу байланыштын горизанталдуу жана вертикалдуу түрлөрү болот. Биринчи түрүн төмөндөгүдөй байланыштар түзөт; жеке –жалпы, жеке-татаал, бүтүн-бөлүк,чектүү-үч кыйырсыз ж.б. Экинчи бөлүгүнө төмөнкү байланыштар кирет; кубулуш- маңыз, себеп – натыйжа, кокустук- зарылдык, мүмкүндүк –аныктык ж.б. Мындай байланыштар диалектиканын маанилүү маселесин түзөт.

Салыштырмалуу кош категорлар; мазмун жана калып, маңыз жана кубулуш, кокустук менен зарылдык. Бул категориялар болмуштун түрдүү

---

[41] Философия. Курс лекций. Под.ред. Солопова Е.Ф. –М.,1997.53-б.

байланыштарын, кайсы бир жактарын жана касиеттерин билдирет. Так категориялар; жекелик, жалпылык,өзгөчөлүк ж.б. бул категориялар нерсенин касиеттери катары да көрүнөт. Жалпы белгилери жеке нерселерди топко айландырып алардын окшош бирдей пайдалануучу белгилери . Жекелик менен жалпылыктын өз ара байланышы баардык көрүнүшкө, нерселерге, жараяндарга таандык. Бири- бирисиз болушу мүмкүн эмес, себеби жеке нерседе дайыма жалпы мүнөздөмөлөрү бир жана тескерисинче жалпы нерселердин жеке тараптары болот. Маңыз түшүнүгү көбүнчө мыйзам түшүнүгүнө жакын болот. Ал кубулуштун өз ара байланышын көрсөтөт. Бүтүн жана бөлүк категориялары нерсенин же өзүнчө турган обьеттин бөлүктөрүнүн жыйындысы менен ушул нерселерди бириктирип, байланыштардын ортосундагы мамилелерди көрсөтүп турат. Бүтүн – бул өз алдынча, ажырап турган нерселерге таандык эмес, жаңы бириктирүүчү касиеттер жана мүнөздөөчү өз ара байланыш, бөлүктөрдүн биримдиги. Бөлүк- бул бүтүндүн бөлчөгү, элементи- татаал нерселердин, кубулуштардын, бөлүнбөс бөлчөгү. Системалуу элементтер системалуу касиетке ээ. Системалуу изилдөөнүн методологиясында бүтүн, системалуулук, байланыш, элемент система бүтүндөйлүк функция деген түшүнүктөр өзгөчө мааниге ээ.

Байыркы грек философу Аристотель (384-322ж.б.з.ч.) категорияларды оригиналдуу системалаштырган:

Болмуш эмнени түшүндүрөт, маңыз-1) сапат,2) сан, 3)мамиле, 4)орун, 5) убакыт, 6) кыймыл, 7) азап тартуу, 8) абал (состояние), 9) ээ болуу.

Ал эми немец философу Кант(1724-1804) болмуштун универсалдуу байланышынын категорияларын бир нече группаларга бөлгөн. Алар:

1-группа-1.сан, 2.биримдик, 3.көптүк, 4.жалпылык.

2-группа-1.сапат, 2.реалдуулук, 3.карама-каршылык, 4.чектөө.

3-группа-1.мамиле, 2.субстанция жана аксиденция. 3.себеп жана кыймыл. 4.өз ара кыймылда болуу.

4-группа-1.модалдуулук. 2.мүмкүндүк - мүмкүн эместик. 3.жашоо-жашабоо. 4.зарылдык- кокустук.[42]

Өнүгүү деп кыймыл, өзгөрүүнүн бардык түрүн атоого болот. Алар түрдүү категориялардын байланышын билдирет. Кыргыздын философ акындарынын бири Жеңижок акын (1860-1918.) өзгөрүү, өнүгүү маселелерине өз ырларында төмөндөгүдөй сүрөттөйт:

….Кирген суудай шаркырап
Акканын көрчү дайранын…..
….Түгөнбөгөн мезгилден
Ашканын көрчү дүйнөнүн!
….Күн менен түндү камчылап
Өтүп жаткан дүнүйө,
Журттан журтка ташынып
Көчүп жаткан дүнүйө…..
Бири күйсө, бирөөсү
Өчүп жаткан дүнүйө.[43]

Бул саптарда өнүгүү идеясы ар түрдүү түшүнүктөрдүн бирдиктүү мамилесинин негизинде ишке ашып, дүйнөдө өнүгүү, өзгөрүү процессии кантип жүрүп тургандыгын ачык, так сүрөттөй алган.

Диалектиканын закондору;

1.Сандык өзгөрүүдөн сапаттык өзгөрүүгө өтүүнүн закону;- бул табияттагы, коомдогу, психикадагы өнүгүүнүн себептерин билдирет.

2.Карама – каршылыктын биримдиги жана күрөшүнүн закону- бул табияттагы, аң-сезимдеги жана коомдолгу өнүгүүнү жолдорун көрсөтөт.

3.Тануунун тануу закону – бул дүйнөдөгү бардык нерселердеги, табияттагы, коомдогу өнүгүүнүн багытын билдирет.[44] 19-20-кылымдарда

---

[42] Философия. Курс лекций. Под.ред. Солопова Е.Ф. –М.,1997.51-б.

[43] Жоробекова Э. Фалсафа негиздери. Онтология. Ош.,2004.50-б.

[44] Жоробекова Э. Фалсафа негиздери. Онтология. Ош.,2004.71-б.

болмуштун универсалдуу байланыштарына, окшош себептер окшош шарттарда көпчүлүк учурларда окшош натыйжаларды туудурат деген ойду айгинелеген идея болуп өзгөрдү. Тен салмаксыз туруктуу абалдарда табиятка коомдук турмушта, техникада көрүнүшкө өзгөчө бир белги таандык. Буларда болор-болбос окуя дагы татаал орчундуу, кыйрап калууга чейин жетчү жараяндарга туруктуу болуп калышы мүмкүн. Себептик негиз – бул кандайдыр бир натыйжага алып келүүчү сапаттарга ээ шарттардын жыйынтыгы. Ал ар түрдүү денгеелдеги себептүү кубулуштарды өзүнө камтыйт, себептердин өзүн, шарттарды, шылтоолорду, өбөлгөлөрдү. Өнүгүүнүн жолдору бул мыйзамды жакшы түшүнүү үчүн мурда сапат, сан деген түшүнүктөрдү терең изилдөө зарыл. Обьективдүү дүйнөгө бир жактуу мамиле жасоо, анын ар бир кубулуштарын, салытырмалуу сапаттык туруктуулугун, белгилүүлүгүн апыртып көрсөтүү, сапаттык жагынан өзгөрүшүн тануу- метафизикалык усул. Ар кандай өзгөрүүнүн себеби сырткы күчтөрдө деген көз карашка алып келет. Бул тышкы күчтөр табияттан сырткары турат- бул кудай түшүнүгү болушу мүмкүн. Метафизиканын идеализм жана дин менен байланыштуулугу ушунда. Өнүгүүгө илимий көз караш- конкреттүү тарыхый мамилеге таянуу. Өнүгүү менен байланыштардын принцибине негизделген көз караш диалектикалык көз караш болуп эсептелет.

Метафизиктер бул принциптерди колдонбойт, алар колдонуучу усул догматизм. Догма- өзгөрүлбөс түбөлүк жобо дегенди билдирет.

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Диалектика эмнени түшүнүдүрөт?
2. Диалектиканын тарыхый формаларын атагыла.
3. Диалектиканын принциптери кайсылар?
4. Болмуштун универсалдуу байланыштары деген эмне?
5. Диалектика кандай категорияларга ээ?
6. Диалектиканын закондорун ким негиздеген?

Адабияттар:

1. Введение в философии т.2. М., 1989.

2. Солопов Е.Ф. Философия курс лекции. М., 1997.

3. Канке В.А. Философия курс лекции. М.,1998.

4. Человек и общества. Философский словарь. М.,1990.

5. Лариненко В.И. Философия курс лекций М., 1995.

**Лекция 10. Аң сезимдин философиялык маселеси**

1. Аң сезим жана анын келип чыгышы

2. Аң сезимдин структурасы жана элементтери

3. Аң сезимдин функциялары.

**1. Аң сезим жана анын келип чыгышы**

Аң сезим философиянын, психологиянын жана социологиянын адамды социалдык жандык катары, анын руханий активдүүлүгүн, деңгээлин чагылдыруучу түшүнүгү болуп саналат. Бул активдүүлүктүн негизин обьективдүүлүктүн сезүү, ойлоо сезимдерде чагылдырылышы болуп эсептелет. Аң сезим иделдуулук катары өз ичине тилди камтыйт.

Аң сезимдин баалуулуктарына: философиялык, илимий, саясий, адеп ахлактык, эстетикалык, диний жана башка баалуулуктар кирет. Адам бул баалуулуктарды аң сезим жана өзүн-өзү аңдоо аркылуу тааныйт.

Философиянын негизги маселесинин I жагын башкача айтканда аң сезимдин болмушка болгон катышын түзүп турат. Аң сезим жогорку уюштурулган материя мээнин- бытиеси, обьективдүү чындык катары, ал эми тааным процессинде материалдык дүйнөгө карама-каршы турган жана аны менен бирдикте жашаган идеалдуулук катары белгилүү.

Аң сезимдин өнүгүшүнө байыркы грек философу Гераклит өзгөчө маанилүү салым киргизген. Гераклит адамдын аң сезими менен таанылган бүткүл окууларды, теорияларды «Логос» деп атоону сунуш кылган. Адамдын баалуулугу ошол логоско карата болгон мамилесине жараша болгон. Биринчи жолу материалдуу нерселер менен аң сезимдин орстосундагы айырманы байыркы грек ойчулдары – софисттер аныкташкан. Андан соң Сократ материалдуу болмуш менен аң сезимдин байланышынын өзгөчөлүгүн изилдөөгө алган. Бул актыларга Платон обьективдүү жыйынтык чыгарган: аң сезим бул бүткүл материалдуу дүйнөгө карама-каршы турган өзгөчө идеалдуу дүйнө деп атаган. Бүткүл денесиз аң сезим бүт космостук жашоонун негизги булагын түзө алат деп көрсөткөн.

Антикалык философияда аң-сезим акыл эс менен  атаандаша изилденген б.а аң сезимди космикалык кубулуш универсалдуу  закон ченемдүүлүктөр сыяктуу, дүйнөнүн чындыгынын жалпылыктары катары белгилеп кетишкен.

Орто кылымдарда аң сезим дүйнөдөн сырткы көрүнүш, табияттан мурда пайда болуп, табиятты үч нерседен жараткан деген идея үстөмдүк кылган. Аң сезим бул учурда кудайдын атрибуту, ал адамга аз гана учкун катары берилген деген идея үстөмдүк кылат.

Орто кылымда  материалисттик маанайдагы аң сезимдин аныктамалары болгон. Ал-Раазинин, Ибн Синанын, Иоанн Скоттун эмгектеринде (бардык нерселер) материя ойлонот демек анда аң сезим бар деген көз караштар бар.

Жаңы доордо аң сезимди изилдөөгө Декарттын ойлору алгылыктуу болгон. Өзүн-өзү сезүүнү 1-планга койгон, аң сезимди адамдын  ички субьективдүү дүйнөсү деп белгилеген. XVIII кылымдардагы француз материалисттери (Ламетри жана Кабанис) физиология менен медицинанын алдынкы жетишкендиктерин пайдаланып, аң сезим сырткы дүйнө, адамдын өзү тууралуу билим ала турган мээнин функциясы деп айтышкан.

Диалектикалык материалисттик философия аң сезимди мээнин обьективдүү дүйнөнү чагылдыруучу функциясы, ал адамдын практикалык ишмердүүлүгүнүн зарыл жагын көрсөтүүчү адамдын руханий сапаты деп көрсөткөн.

Аң сезим –адамдын реалдуу дүйнө менен болгон мамилесинин негизинде пайда болуп, жашап, өсүп-өнүгүп турат. Адамдын сезимдик –предметтик ишмердүүлүгүнүн негизинде, коомдук-тарыхый практиканын натыйжасында аң-сезим келип чыккан. Адамда аң-сезимдин пайда болушу,  жаныбарлар дүйнөсүнөн ажыроо процессии менен биргеликте узак убакыттар бою калыптанган.  Аң-сезимдин алгачкы белгилери




**Схема 7.** Аң сезимдин келип чыгышы

–инстинк-жөнөкөй эмгек куралдарын жасоо менен адамда аң сезим калыптана баштаган. (7-схеманы караңыз)

Аң сезим эмгек процессесинин негизинде келип, ошол жерде өнүккөн жана адам жасаган (табигый) жасалма дүйнөдө өнүгүп, өзгөрүп турат.

Аң сезим татаал уюшулган материанын- мээнин өзгөчө касиети катары жаралган. Анын келип чыгышы жана өнүгүшү үчүн-тилтүздөн-түз таасир эткен. Тилдин жардамы менен аң сезим коомдук турмуштун руханий продуктысы катары өнүгүп, адамзаттын тукумун улап, ишмердүүлүгүнүн жана мамилесинин натыйжасында жашап, өнүгүп туруучу процесс.

А.Г. Спиркин аң-сезим жана обьективдүү дүйнө бири-бирине карама-каршы болуу менен бирдиктүү системаны түзүп турат.

Адамдын аң сезими жана космос тууралуу 3 көз караш бар:

Аң-сезим бул космикалык жаратылыш

Аң-сезим тирүү организмдердин касиети

Аң-сезим адамдын гана атрибуту.

1-көз караш боюнча аң сезимди космикалык көрүнүш катары диний философия аныктоого аракет кылат. Айрыкча орус диний философу В.С Соловьевдун окуусунда кудайга гана таандык акыл-эс, ал табияттын жана адамдын жаратуучусу деп сүрөттөлөт.[45]

Космостук тирүү тело, космостук маалымат талаасы деп да атап жүрүшөт.

Француз биологу жана философу П. Тейяр де Шарден (1881-1955), аң сезим бүткүл материяга тиешелүү, ал материянын ички касиетин билдирет. Материянын эң жогорку өнүгүшү- бул адамга жана жаныбарларга тиешелүү болгон биологиялык реакциялардын жыйындысы негизги себептер – мотивдер, максаттар, жана эскерүүлөр, сезим-туюмдар-биологиялык процесс д.а. социобиологдор жаныбарлардын жашоо образын текшерип, бул касиет адамга гана тиешелүү, ал өзүн-өзү сезе баштаганда гана өнүгө баштайт деп белгилешкен.[46]

Аң-сезим проблемасы философиядагы эң татаал жана табышмактуу маселелерден. Байыркы мезгилдерде аң сезимди жан түшүнүгү менен бирге карашып, жогорку сезимдик түшүнүк же адамдык телонун өзгөчө абалы катары изилдөөгө алышкан.

Антикалык философиянын өнүккөн мезгилинде жанды материядан көз каранды болбогон бирок материалдык эмес субстанция катары Сократтын анын окуучусу Платондун окууларында изилдене баштаган. Гераклит адамдын аң сезимдүү иш аракетин логос деп атаган. Адамдын акыл-эстин же аң сезимдин баалуулугу логоско жараша болгон.

Аң-сезимдин келип чыгышынын табиятына идалисттик агымдын өкүлдөрү аң сезим алгачкы, материя- экинчи же обьективдүү идеализм аң сезимди сверх материальный сверхестественный жогорку түзүлүштөгү көрүнүш катары баалашат. Алардын пикири боюнча аң-сезим дүйнөгө да, табиятка да, адамга да көз каранды эмес, ал мээге эч кандай байланышсыз жашайт, рух

[45] Спиркин А.Г. Философия. Курс лекций. –М.,2009. 98-б.
[46] Философия. Курс лекций. Под.ред. Солопова Е.Ф. –М.,1997.105-б

туулбайт да, жаралбайт да, ал өз жашоосу аркылуу жашап турат, ал табиятты да, тарыхты да жаратуучу.

Дуалисттердин көз карашы боюнча материя жана аң сезим эки башка башат. Аң-сезим материадан көз каранды эмес.

Материя сыяктуу эле аң сезим жаралган да, жаратылган да эмес, ал түбөлүктүү. Дуализмдин көрүнүктүү өкүлү Р. Декарт дүйнөнүн негизинде эки нерсе жатат.

Руханий -ойлоочу

Телолук-материалдуу

Тейяр де Шарден, И Кант- жердеги материяда белгилүү элементардык аң сезим-психикалык энергия болот.

Аң сезим да материя сыяктуу алгачкы көрүнүш (биринчи).

Аң-сезим тууралуу көз караштар диалектикалык материализдин пайда болушу менен өнүктүрүлдү. Материянын тарыхый өнүгүшүндө ар түрдүү факторлордун таасири астында акыл эс жаралат.

Материянын бул касиети –чагылдыруу болуп эсептелет. Чагылдыруу –бул материянын универсалдуу касиети бир материянын универсалдуу касиети бир материя экинчи бир материяга таасир эткенде кандайдыр бир белги калтырат, ал анын маалыматтуулугу болуп саналат.

М: Тоодон кулаган таш жолдон кулап өтүп кетти, басып бара жаткан Адам таштын изин көрүп, таштын кулап өткөндүгү тууралуу маалымат алат.

Демек, чагылдыруу –бул чагылдырылып жаткан предмет жөнүндө жалпы маалымат берүүчү материянын жалпы касиети.

Физиологиялык чагылдыруу –бир клеткалуу организмдерге, жандуу табиятка тиешелүү.

Психологиялык чагылдыруу- жандуу табияттын жогорку этабына тиешелүү.

Аң-сезимди чагылдыруунун эң жогорку формасы катары Адам алып жүрөт. Жаныбарлардын чагылдыруусуна салыштырмалуу, аң-сезим чагылдыруунун эң жогорку формасы болуп саналат.

M: Шимпанзенин мээси -400 см3, питекантроптун мээси-900 см3, синантроптун (байыркы кытай адамынын) мээси- 1050 см3, неандарталецтин мээси-1300-1400 см3. азыркы адамдын мээсинин параметри-1400-1600 см3 орточо салмагы -1400гр, 1:40 телого болгон катышы түзөт, ички түзүлүшү 12-15 млрд-клеткадай турат.

Аң-сезимдин келип чыгышындагы негизги фактор катары биологиялык факторлор саналат. Бирок андан башка факторлор да бар.

1) Аң-сезимдин калыптанышындагы биринчи фактор-эмгек куралдарын жасап жатып, ойлонууга жетишкен, ошентип предметтин логикасы калыптанган.

2) Экинчи фактор – тил жана тилдик карым-катнаш эсептелет. Тил алгачкы общиналык коомдогу адамдардын коллективинде пайда болгон бири-бирине билдирүү үчүн тилдин зарылчылыгы келип чыккан. Тил (сөз)- эки функция аткарган. 1-карым – катнаштын каражаты катары. 2-ойлоонун каражаты катары.

М: Алма десек карым-катанш жасалат. Ошол эле учурда мээде алманын образы чагылдырылат.

3) үчүнчү фактор адамдардын жашоосунун коомдук мүнөзү. Аң сезим коомудун, коомдук өнүгүүнүн продуктысы. Коомдон сырткары аң сезим болгон эмес жана болбойт.[47]

М: Индияда 7-5 жаштагы кыздар жырткыч жаныбарлардын арасынан табылган, бирок коомдо жашай албай калышкан.

Филсофиянын бир областын түзгөн феноменология XX кылымдын башында Германияда пайда болгон. ( Э.Гуссеря, М.Хайдеггер, Мерло Понти)

## 2. Аң сезимдин структурасы жана элементтери

Аң сезимдин өзүнө тиешелүү татаал структурасы бар: бир жагынан, туюмду, кабылдоону, элестетүүнү, түшүнүмдү, эмоцияны, экинчи жагынан, ойломду, анын формаларын, эс-учту, акыл-эсти камтыйт. Ушуга байланыштуу аң сезимдин эки деңгээлин бөлүп көрсөтүү зарыл: сезимдик

[47] Макаров А.В. Философия. Шпаргалки. –М.,2005. 31-б.

аң сезим (ага образдуу туюм, элес мүнөздүү) жана акылдык аң сезим (буга абстракту ойлом таандык), алар бири- бирин толуктап, шарттап турушат.

Аң сезимдин структурасын шарттуу түрдө бир нече элементтерге бөлүүгө болот.

1-элементи- билим- бул компонент аң-сезимдин ядросун түзөт. Билим бул- адамдын чындыкты таанып билүүсүнүн жолу, сознание билүү деген сөздөн алынган деген көз караштар бар.

2-элементи-бул эмоция – дүйнөнү Адам жөн эле кабылдабайт, ал жактырып же жек көрүп, рахат алып кабылдап, аң-сезимде болгон өзгөрүүлөрдү эмоциясы аркылуу кабылдап турат.

3-элементи - бул-эрк-адам тарабынан аң сезимдүү түрдө өзүнүн кыймыл аракетин жөнгө салу эсептелет.

4-элементи - бул ойлоо-адамды таануу жөндөмдүүлүгү.

5-элементи - бул эс, көнүл буруу тууралуу элементтерден турат.

Аң сезимдин бир бүтүндөй түзүлүшүнүн булактары болуп курчап турган реалдуулуктун преметтери, процесстери жана кубулуштары саналышат. Кишилердин башка болмуштардын системасында алган ордун аныктоочу критерийи, материалдык мээнин функциясы иретинде аң сезим тил менен тыгыз байланышкан. Ф.Энгельстин берген мүнөздөмөсү боюнча адамдар, алардын аң сезими кандай байыркы болсо, кишинин тили да ошондой эле байыркы.[48] Тил - аң сезимдин (ойдун) материалдык оболочкасы, алып жүрүүчүсү, жашап туру ыгы, «сандыгы», «тикеден - тике чындыгы». Тил өзүнүн идеалдык мазмуну боюнча табигый, сөздүк туюктулушуна карата социалдык кубулуш. Ойдун мазмуну болбогон тил жөн эле көңдөй добуш, ошондой эле тилсиз ойдун функцияланышы мүмкүн эмес. Тилдик материалга ээ эмес реалдуу ойлом болбойт, ушуга байланыштуу тил практикалык аң сезим катары байкалат. Демек, тилсиз ой, ойсуз тил болбойт, бири-бирине таасирлерин тийгизишет. Адамдардын табигый тили экиге бөлүнөт: ички тил

[48] ТогузаковО.А.,ЖумагуловМ.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007. 133-б.

жана сырткы тил. Ички тил аркылуу ойлор, пикирлер, көз караштар, идеялар, сөздөр, сүйлөмдөр түрүндө туюнтулат, тизмектелет. Ал эми сырткы тил аркылуу ички тилдин мазмуну же ойлордун дүйнөсү башка адамдарга берилет. Азыркы учурдагы кибернетиканын өнүгүшү ойду, тилди моделдөө проблемасын коюп жатат. Ар түрдүү уламдан- улам маңызы жана мазмуну жагынан татаалданган компьютердик технология аркылуу адамдар өзүлөрүнүн оюн, түшүнүгүн кеңейтүү максатында программаларды түзөт же, интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүүгө багытталган жасалма каражаттарды пайдаланат. «Ойлоочу машиналардын» адамдарга кызмат кылышы, жеке адамдын колунан келбеген татаал операцияларды аткарышы кишилердин ой- дүйнөсүн өнүктүрүп, дүйнө таанымдык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет.

3.**Аң-сезимдин функциясы**

Аң сезим узак калыптануучу процесс, адамдардын реалдуулуктун көрүнүштөрүнө карата мамилесинин өөрчүшүн, активдүүлүгүнүн, чыгармачылыгынын, предметтик – практикалык ишмердүүлүгүнүн өсүшүн туюнтат. Аң сезимдин уламдан- улам байып, адамдарга таандык атрибуттук касиет катары ырааттуу функцияланышы дүйнө таанымдын өнүгүп бара жаткандыгын билдирет. Аң сезимдин элементтери бири- бири менен тыгыз байланышта болуу аркылуу адамга өтө зарыл болгон кызматтарды аткарышат:

- Таануучулук (чагылдыруучулук) кызматы эмпирикалык байкоонун астында аң сезимде образдык топтоо жүрөт жана адамды курчап турган чөйрө, акыйкат туурасында, ошонун ичинде өзү жөнүндө маалымат алат. Таануу жөндөмү катары аң сезим сезимдик образдык таанымдан абстракту ойлоого өтөт. Аң сезимдин бул кызматы таанымдын бардык деңгээлдерин жана кызматтарын өз ичине алат, анын бардык функциялары ушул баскычтан тараган. Ал пассивдүү

эмес, активдүү, эвристикалык мүнөзгө б.а. аң сезим акыйкатты обьективдүү чагылдыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Ал 2-аккумулятивдик (топтоочулук) кызматты да аткарат.

- Аксиологиялык кызматы -адам сырткы дүйнөнү таанып гана тим болбостон ага баа берип керектейт. Адам өзүнүн кызыкчылыгына жараша максаттарды кое баштайт. Аң сезимдин бул кызматы адамда максатка карай умтулууну жаратат. Максат- бул адамдын идеялдашкан ички керектөөсүнө карата мамилеси, ал анын көптөгөн мезгил ичинде иш аракетинин негизинде калыптанган идеалдарынан келип чыгат жана өнүгөт.
- Чыгармачылдык функциясы - аң сезим дүйнөнү таануу менен бирге ага чыгармачылык менен мамиле жасоого аракет кылат, башкача айтканда өзгөртүүгө умтулат. Адамдын жашоосунун маңызын туюндурат, б.а. бүкүл жашоосундагы чыгармачыл кыймыл- аракет ким үчүн жана эмне үчүн жасалып жаткандыгына отчет берилет же аны аңдап сезүү зарылчылыгы келип чыгат.
- Коммуникативдик функциясы - адам өзүнүн акыл эси менен гана баалуулук жаратат, ошол аркылуу муундар аралык байланыш түзүлөт. Адам дайыма жалпы коллективдүү иш аракетке катышат жана системалуу байланышка же карым – катнашка муктаж. Бул байланыштар тил же кандайдыр бир техникалык каражаттар менен ишке ашырылып турат.
- Жөнгө салуучулук функциясы - аң сезим аркылуу коомдогу жашоо-тиричилик өзгөрүлүп, мыйзам ченемдер сакталып келет.[49] Инсандын аң сезиминин логикалык цикли регулятивдик кызматы аркылуу жөнгө салынып турат. Ал иш аракеттер коомдогу моралга, адеп- ахлакка, ишенимге жана идеалдарга баш иет

[49] Макаров А.В. Философия. Шпаргалки. –М.,2005. 34-б.

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Аң сезимге окумуштуулар кандай аныктамаларды беришкен?
2. Аң сезимдин келип чыгышына карата пикирлериңерди жазып бергиле?
3. Аң сезим менен тилдин байланышына токтолгула.
4. Жасалма интеллект деген эмне?
5. Материалисттер аң сезимдин келип чыгышы тууралуу кандай көз караште?

Адабияттар:


1. Онтология. Мир философии Т 2. М: 1989
2. Радугин А.А Философия. Курс лекции М. 1995
3. Немировская Л.З Философия Курс лекции М. 1995
4. Лавриненко И.Л Философия Курс лекции М.1995
5. Блинников Л.В Философия боюнча кыскача сөздүк Б.1997
6. Макаров А.В. Философия. Шпаргалки. –М.,2005.
7. Спиркин А.Г. Философия. Курс лекций. –М.,2009.
8. Философия. Курс лекций. Под.ред. Солопова Е.Ф. –М.,1997.
9. ТогузаковО.А.,ЖумагуловМ.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007.


## Лекция 11. Тааным. Практика. Илим.

1. Таануу ишмердүүлүгүнүн структурасы жана формалары.
2. Практика жана анын тарыхый калыптары.
3. Илимдин коомдогу ролу жана кызматтары.

### 1. Таануу ишмердүүлүгүнүн структурасы жана формалары.

Адамдардын дүйнөгө, болмуштун калыптарына болгон мамилесинин маңызын туюнткан таанып- билүүнүн теориясы же гносеология философиянын өзгөчө манилүү тармагы. Гносеология таанымдын, билимдердин генезисин, динамикасын, маңызын, өнүгүү баскычтарын, мыйзам ченемдүүдүктөрүн үйрөтөт. Таанып – билүү татаал диалектикалык процесс катары эки феноменди өз ичине камтып турат:

таанымдын субьектиси жана обьектиси. Адамды табияттык, социалдык бытиелерге, башка калктарга, элдик мурастарга карата гана субьект иретинде кароого болот. Кишилер өзүнүн тажрыйбасына, предметтик ишмердигине, жалпы социалдык практикага таянуу менен дүйнө кубулуштарын (обьектилерди) эртедир - кечтир таанып билет, өздөштүрөт, өзгөртөт, өзүнүн керектөөлөрүнө карата пайдаланат. Ошону менен ар бир конкреттүү адам таанымдын обьектиси да болуп эсептелинет, же адам өзүн – өзү таанып билүүсү зарылдык.

Тааным – бул дүйнөнү кабылдоодо эмпирикалык жана теориялык ыкта таанып-билүүнүн өзгөчө процесси болуп эсептелет. Адамдын иш-аракети бүткүл сезимдик органдарына баш ийгндиктен таанымдын жөнөкөй формасы таануу жана туюу сезимдери аркылуу өтөт. Туюу сезим – таанууда негизги орунда турат жана ал субөективдүү, обөективдүү болуп эсептелет. М: Субьективдүү - бир предметти кабыл алган адамдын денгээлине, көз карашына жараша болот. Обьективдүү - кабыл алынган процесс адамдын идеясында болгон форманы чагылдыруу менен адамдын ан-сезимине баш ийбейт.

1. Маркстик-лениндик таануу концепциясы философиянын тарыхында «сенсуализм» деген ат менен сакталып калды. Сенсуализм – латын тилинен (сенсус) – сезим деген сөздөн алынган. Сезүү (туюу) – предметти образдуу чагылдыруунун алгачкы элементардык формасын берет. Сезимдик тааным иш-аракети сезүү органдары негизги орунда туруп, көрүү жана угуу сезимдери аркылуу ишке ашырылат. Бул таанымдын жөнөкөй формасы сезимдик таануу деп аталат. Сезимдик иш-аракет адамзат алгачкы пайда болгон мезгилдерде эле предметтерди бириктируу формада кабыл алууга алып келген.

Кабыл алуу – байкоонун негизинде предметти бирдиктүү образда чагылдыруу болуп эсептелет. Сезимдик таануунун эн татаал элементи элестетүүлөр болуп саналат. Гносеологияда сезимдик таануунун жогорку формасы депэмоция эсептелет. Эмоция адамдын кубулуштарга предметтерге

жана процесстерге болгон мамилесин чагылдыра алат. Сезимдик таанымдын негизги элементтери: сезүү (туюу), кабыл алуу, элестетүү жана эмоция.

2.Тааным теориясынын татаал формасы - рационалдык тааным – рационалдык таанып-билүү илимий аң-сезимдүү теориялык таануу деңгээли болуп эсептелет. Рационалдык таанымдын негизги элементтери: түшүнүк, ойлоо, ой корутундулоо б. э.

Түшүнүк – таанып-билүүнүн татаал жана узакка созулган, көптөгөн жекече кубулуштарды, фактыларды изилдеп үйрөнүүнү өз ичине алган процесстин натыйжасы болуп саналат. Түшүнүктөрдүн жардамы менен илим азыркы учурдагы болуп жаткан нерселердин себебин, табиятын түшүндүрө алат.

Ойлоо процессинде ой жүгүртүү ойлоонун экинчи формасы негизине болгон мамилеси, айырмасы жөнүндө ой жүгүртүүгө мүмкүн болуучу процесс. Ой жүгүртүү аркылуу бүткүл илимий таанууну ишке ашырууга болот.

Ойлоонун дагы бир формасы - ой корутундулоо анын жардамы менен жобонун тууралыгы же туура эместигин белгилөөгө мүмкүн болгон илимий алдын-алууларды айтууга болот. М: Бир нече фактылардын негизинде футурологдор келечекти алдын-ала айтып, келечектин бир нече моделдерин түзөт.

Илимий таанып-билүүнүн биринчи милдети – бул акыйкатты аныктоо.

Дүйнө кандай болсо адамдын аң-сезиминде ошондой түрүндө чагылтылып көрүнүшү бул акыйкат б. э. Акыйкаттык деген – обьективдүү дүйнөнүн заттары жөнүндө алынган жана ошол заттарга ылайык келе турган билимдер б. с. адам дүйнөнү ой-жүгүртүүлөрүндө, теорияларында обөективдуу түрдө таанып-билүүгө аракет кылат. Ошондуктан чындык эки түргө бөлүнөт:

1.Абсолюттук чындык – бул обьективдүү дүйнөнүн так, биротоло жана толук чагылтылып көрүнүшү. Бирок бул обьективдүү чындыкта өзгөрүлбөй турган нерсе. М: Жердин Күн системасынын айланасында айланышы. Галлактиканын жашашы ж. б.

2.Салыштырма чындык – бул болжолдуу туура, негизинен так билим, бирок, ал толук эмес таанып-билүүнүн жүрүшүндө улам толукталып, такталып жана

түзөтүлүп турат. Салыштырма чындык биздин билимдерибиздин тарыхый шартка жараша болоорун, таанып-билүүнүн өнүгүшүнүн белгилүү бир этабында ал чектелген түрдө болоорун көрсөтөт. М: 18-19 кк. атомистика окуу болуп саналган. а) абсолюттук чындык - материя атомдордон турат деген окуу. б) салыштырма чындык – атомдор андан ары бөлүнбөйт деген ой болгон. Бирок, 19-к. аягында электрондун радиоактивдүүлүгү теориясынын ачылышы менен башка илимдердин жетишкендиктери ачылып, бул жактан билимдерибиз тактоону, толуктоону талап кылат.[50]

Абсолюттук жана салыштырма чындыктын ортосундагы айырма – бул таанып-билүүнүн терендигин, обөективдуу дүйнө жөнүндөгү билимдердин терендигин, толуктугун көрсөтө турган даражалардын ортосундагы айырма б. э. Чындыктын категориялары таанып-билүүнүн процессинде мурда таанылып билгендер менен эми тааныла тургандардын ортосундагы өз ара катышты көрсөтөт.

Чындык – бул процесс. Ошондуктан, салыштырма чындык абсолюттук чындыкка жетишүүдө негизги этап катары саналат.

Мындан сырткары Акыйкатты обьективдүү жана субьетивдүү деп шарттуу түрдө бөлүүгө болот. Обьективдүү акыйкат деп адамдын аң сезинен көз каранды болбогон нерселердин өз алдынча касиеттеринин жыйындысын (вещи самих по себе). Ошентсе да адам аң сезим аркылуу гана дүйнөнү таанып, ага карата мамилесин аныктайт.

Субьективдүү акыйкат субьекттин дүйнөгө көз карашынан, анын кабыл алуусунан көз каранды. Ошого байланыштуу «табит менен талашпайт», «адам бардык нерселердин чени » деген сыяктуу учкул көз караштар пайда болгон.[51]

Таанымдын рационалдык формасынын өнүгүшүнүн натыйжасында акыл- эс сферасы келип чыгат.(8-схеманы караңыз.)

---

[50] Макаров А.В. Философия. Шпаргалки. –М.,2005. 43-б.

[51] Нижников С.А. Философия. Учебник. –М.,2009. 203-б.




**Схема 8.** Таанып билүүнүн натыйжасы.

## 2. **Практика жана анын тарыхый калыптары**.

Практиканын маңызын түшүнүү үчүн адамзаттын бүткүл келип чыгышын, турмуштук практикасын изилдөө талап кылынат. Жаныбар даяр тамактын жок боло башташы менен эмгек кылууга, аң-сезимдүү практикалык иш-аракет кылууга мажбур болгон.

Ф. Энгельс «Маймылдан адамга айлануу процессиндеги эмгектин ролу» деген эмгегинде «адам өзүн-өзү жаратты» деп айткан. Адам аң сезимдүү иш-аракетти, эмгектин натыйжасында жок болуп кетпестен, жашап, өнүгүп, көбөйүп келе жатат деген ойду билдирет.

Адам жаныбарлардан жасалма эмгек куралдарын жасай жана колдонула тургандыгы менен айырмаланып турат. Адам бүткүл аң-сезимдүү практикалык ишмердүүлүгүн – адам коомунда жана адамдар менен иргеликте гана ишке ашыра алат.

Практика адамдын өзгөчө болмушун түзүү менен төмөндөгүлөрдү өз ичине камтыйт:

Сырткы дүйнөнү жасалма эмгек куралдары аркылуу реалдуу түрдө өзгөртүүгө болот.

Бул процесстердин жүрүшүндө адамдар өз ара мамилеге барууга аргасыз болот.

Жүрүм-турум нормалары, бир максатка умтулгандыгы менен практикалык ишмердүүлүк учурунда бүткүл адамзаттык баалуулуктар системасы түзүлө баштайт.

Практикалык ишмердүүлүктүн бүткүл түрү - адамдынт жыргалчылыгына багытталат, анын негизги материалдык-өндүрүштүк ишмердүүлүктө жатат.

Практикалык ишмердуулуктун формалары:

1.Коомдук мамилелердин өнүгүшү жана калыптанышы – адамдын практикалык ишмердүүлүгүнүн негизги формасын түзүп турат. Негизги максаты – адамды курчап турган табиятты өзгөртүүгө багытталат.

2.Социалдык, таптык күрөшкө, революциялык кыймылдарга багытталган ишмердүүлүгү – практиканын дагы бир формасын түзө алат. М: Кайра куруу ж. б. процесстерди атоого болот.

3.Өндүрүштүк жана социалдык практика менен биргеликте эле, илимий практика да практиканын негизги формасы болуп саналат. Илим менен практика түздөн-түз өндүрүшкө катышпаганы менен бүткүл процесстерди кыйыр башкарып турат.

4.Техникалык практикада практикалык ишмердүүлүктөрдүн негизги формасы болуп саналат. Азыркы доор техника доору болгондуктан адамдын техникалык иш-аракеттери менен өзүнүн жыргалчылыктарын толуктап турат. Техника термини грек тилинен которгондо – искусство, ык,

жөндөмдүүлөк дегенди түшүндүрөт. Техника адам тарабынан жаратылган өзгөчө материалдык маданият б. э. М: Машина, транспорт, самолет ж. б. у. с.

**3.Илимдин коомдогу ролу жана функциялары**.

Илим  - бул амалияттын негизинде ишке ашырылган жана космосто, жаратылышта, коомдо, адамдын аң-сезиминде болуп жаткан прцесстер жана окуяларды кабылдоону жана изилдөөнү өз ичине алган билимдердин системасы аталат. Илимий билим табигый кубулуштарды, процесстерди анализдөө менен чыныгы билимдерди топтойт. Шарттуу түрдө илимдин структурасын бири-бири менен тыгыз байланышта турган төрт бөлүккө бөлүүгө болот.

1.Эмпирикалык;

2. Теориялык;

3. Философиялык – дүйнө таанымдык;

4. Практикалык;

Эмпирикалык билимдер – күнүмдүк аң-сезимдин, тажрыйбанын натыйжасында байкоо же эксперимент аркылуу топтолгон билимдер. Эмпирикалык билимдер практикалык билимдердин манызына дал келгендиктен Лавриненко В. И. пикири боюнча практикалык жана эмпирикалык билимдер бир эле эмпирикалык д. а. Теориялык билимдер – космосто, табиятта, адамдын аң-сезиминде болуп жаткан иш-аракеттерди илимий денгээлде изилдейт. Коомдук турмушта философиялык-дуйно таанымдык кызмат аткаргандыктан бул билимдердин системасы теориялык билимдер деп аталат. Теориялык билим  - илимдин бир денгээлинин негизинде алынган системага келтирилген практикалык билимдин системасы. Азыркы теориялык билим мындан 300-400 жыл мурда пайда болгон. Алгачкылардан болуп, табияттагы кубулуштар жөнүндөгү закондор пайда болгон.

Илимдин негизги милдети- курчап турган чындыктын обьективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо, анын тике максаты- обьективдүү

чындык. Ошол себептен илим таанымдын башка формаларынан төмөнкү критерийлеринин жардамы аркасында айырмаланып турат:

- Обьективдүүлүгү;
- Системалуулугу;
- Дайыма практикага таянуусу;
- Алдын ала прогноздорду жасоону максатка айландырыуусу;
- Өтө так далилдерди жасоо, кыска жана нуска тыянактарды чыгаруусу;
- Алынган натыйжалардын негиздүүлүгү;
- Кылынган корутундулардын тууралыгы
- Методологиялык рефлекцияларга таянуусу.[52]

Тынымсыз өнүгүп турган материалдуу дүйнөнү чагылдыруу менен илим анын мыйзамдары тууралуу билимдерди бириктирүү, өз ара байланышкан, тынымсыз өнүгүп турган системасын түзөт. Бул система курчап турган чындыктын кайсы бөлүгүн, материянын кыймылынын кайсы формасын изилдегенине жараша илимдин көп сандаган тармактарына бөлүнүп кетет. Таанымынын предмети жана методу боюнча табият таануу илимдерин (физика, химия,биология ж.б.), коомдук илимдерди (тарых, социология, саясат таануу, укук таануу ж.б.), таанavailableым же ойлом тууралуу илимдерди (логика, гносеология ж.б.) айырмалоого болот. Техникалык илимдерди да өзгөчө топ катары бөлүп алууга болот.

Илим коомдук турмушта үч фунцияны аткарат:

Маданий дүйнө таанымдык кызматы;

Өндүргүч күчтүк кызматы;

Социалдык күчтүк кызматы.

Маданий дүйнө таанымдык кызматы – илимдин бул функцияларын изилдөө менен илимдин тарыхы тууралуу терен таанышууга болот. Илим феодализмдин кризиси учурунда пайда болгон. Буржуазиялык коомдук мамилелердин келип чыгуу учурунда өзгөчө мааниге ээ болгон. Коперниктин

---

[52] Эдилова М.М., Алиева Г.К. Философия. Окуу китеби. -Б.,2008.124-б.

пикири боюнча илим дүйнөнүн негизин изилдейт, адамга дүйнө, алам жөнүндөгү билимдерди берет деп айткан. Ошондуктан илим коомдо өзгөчө социалдык институт катары келип чыгат. Илим коомдук өндүрүшкө түздөн-түз таасирин тийгизет.

2.Илим өндүргүч күчтүк да функция аткарат. Анткени бүгүнкү илимий техниканын өнүгүү мезгилинде коомду илимсиз элестетүүгө мумкун эмес. Илимдин алгачкы өндүрүштө өндүргүч күчкө айлануу учурун Марк анализдеген. Маркс коомдун өнүгүшүн илим, техника жана өндүрүштүн синтези түзөөрүн далилдөөгө аракет кылган.

3.Коомдун социалдык өнүгүшүн камсыз кылат. Илимдин негизинде коомдун экономикалык, социалдык программалры иштелип чыгып, турмушка ашырылат. Коомдук табигый техникалык илимдердин өнүгүшү адамдын денгээлинда, жашоо образын да жогорулатат.

Таанымдын жалпы илимий методдору экиге бөлүнөт:

1. Жалпы логикалык методдор:

а) анализ; б) синтез; в) индукция; г) дедукция; д) моделдештирүү; е) жалпылаштыруу;

- Анализ (грекчеден analisus- тклдоо, ажыратуу) обьекттин касиеттери менен алакаларынын системалуулугун аныктоо максатында аны ой аркылуу анны курамдык элементтерге бөлүү менен коштолгон тааным процедурасы
- Синтез (грекчеден sunthesis - бириктирем) изилденип жаткан обьекттин анализдин жүрүшүндө ажыраган элементтерди бириктирип изилдөө болуп саналат.
- Индукция (латынчадан induction-алып барып кошуу) жеке фактылардан жалпы жоболорго өтүүнүн мүмкүндүгүн камсыз кылган ой кортундусу
- Дедукция (deduction-,бөлүп чыгаруу) ойдун жалпыдан жекеге карай кыймылына, жалпыдан жекени бөлүп чыгарууга негизделген.

Таанымдын жогоруда аталган жалпы логикалык методдору илимде да кеңири колдонулат. Ошого карабастан, илимий таанымдын өздүк методдору төмөндөгүдөй эки топко бөлүп кароо максатка ылайык:

- Илимий таанымдын эмпирикалык методдору – ага

байкоо жүргүзүү, сүрөттө, өлчөө, эксперименттөө кирет

- Илимий таанымдын теориялык методдоруна идеализация, формализация, моделдештирүү, системалуу жобо, структуралык функционалдык анализ кирет.[53]

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Тааным деген эмне?
2. Сенсуализмди кандай түшүнөсүңөр?
3. Таанымдын кандай деңгээлдери бар?
4. Илимдин коомдогу орду жана кызматтары кандай?
5. Практика деген эмне жана адамдын жашоо турмушунда кандай роль ойнойт?
6. Акыйкатка кантип жетүүгө болот?
7. Акыйкаттын кандай түрлөрү бар?

Адабияттар:

1. Введение в философии т.2. М., 1989.
2. Солопов Е.Ф. Философия курс лекции. М., 1997.
3. Канке В.А. Философия курс лекции. М.,1998.
4. Человек и общества. Философский словарь. М.,1990.
5. Лариненко В.И. Философия курс лекций М., 1995.

[53] Эдилова М.М., Алиева Г.К. Философия. Окуу китеби. -Б.,2008.139-б.

**Лекция 12. Адам табияты жана жашоосунун маңызы.**

1. Адамдын келип чыгышы жана калыптанышы.

2. Адамдагы табияттыктын жана коомдуктун бирдиги.

3. Адамзаттын руханий тажрыйбасындагы жашоо жана дүйнөдөн кайтуу проблемасы.

**1.Адамдын келип чыгышы жана калыптанышы**

Адамдын келип чыгышын тууралуу маселе коюлганда жер планетада алгачкы тирүү клетканын келип чыгышын изилдөө зарылдыгы келип чыгат. Бул өтө татаал маселе, 200 жылдан ашык мезгилден бери окумуштуулар жашоонун табигый жол менен келип чыккандыгын изилдеп, бирок так жооп бере алышпай келе жатышат, б.а жашоонун келип чыгышын эксперименталдык жана факты жүзүндө далилдөөгө мүмкүнчүлүк жок. Ошондуктан, качан жана кантип тирүү клетканын пайда болгондугун эч ким билбейт. Бирок болжол менен 3млрд 600млн жыл мурда пайда болгон деген гипотезалар бар. Адамдын жан жашоонун эволюциялык жол менен келип чыккан деген көз караш да бүгүнкү күндө далилдене элек.[54]

- Инопланеталык же жердеги жандык эмес, ал башка планетадан келтирилген деген гипотеза бар. Бирок бул гипотеза космосто текшерилип жатат, космосто тирүү бир да клетка табылган эмес. Ошентсе да айрым окумуштуулар адам космикалык сезимдерге ээ деп, түш көрүүнү, интуицияны эсептешет. Байыркы грек окууларында адамдын келип чыгышы тууралуу космологиялык көз караштар үстөмдүк кылган. Милет мектебинин окумуштуулары адам өз курамында космостун, стихиянын элементтерин алып жүрөт деп эсептешкен. Демокрит кандайдыр

[54] Нижников С.А. Философия. Учебник. –М.,2009. 219-б.

бир ченде аалам макрокомос болсо, адам болсо микрокосмос болуп саналат деп белгилеген.[55]

- Табигый келип чыгууга карама-каршы (противоестественная)- же радиациялык гипотеза боюнча 15-5 млн жыл мурда жер бетинде техтоникалык жана вулкандык активдүүлүк күч алып, радиация күч алгандыктан, маймылдардын генетикалык структуралык түзүлүшүнө таасир тийгизгендиктен, натыйжада бир нече дефектилери менен жаралган маймылдар 2млн жыл ичинде адамга айланган деген көз караш бар.[56]
- XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып адам биологиялык эволюциянын продуктысы деген ой кеңири таралган. Эволюция терминин 1762-жылы швейцариялык окумуштуу Шарль Бонне илимге сунуштаган, ал эми англис окумуштуу натуралист Чарльз Дарвин аны өнүктүргөн. Алардын көз карашы боюнча эволюция убакытта жандуу жашоонун зарыл процессии катары каралат. Ушул убактан тартып, адамды башка бийик денгээлде түзүлгөн айбанаттардан айырмаланган өзгөчөлүктөрүн илимий жол аркылуу аныкталышы зарыл болгон талашсыз өзгөчөлүккө – маданият кирет.
- Инволюциялык (диний) гипотеза боюнча адам кудай тарабынан жаратылган деген пикирди жактап, эволюциялык окууга каршы чыгышат. Эволюциялык көз караш креационизмге (жаратуучулукка) дал келбейт, бирок ага баш ийиши зарыл деп эсептешет.[57]

Адамдын биологиялык жактан калыптанышы да бир нече этаптар менен ишке ашкан.

1. Эң алгачкы приматтар 70млн жыл мурда пайда болсо, алгачкы адам сымал маймылдар 34 млн жыл илгери жаралган деген пикир бар. Алгачкы

[55] Макаров А.В. Философия. Шпаргалки. –М.,2005. 47-б.

[56] Нижников С.А. Философия. Учебник. –М.,2009. 221-б.

[57] Нижников С.А. Философия. Учебник. –М.,2009. 223-б.

общиналык адамдарды-преантроптор деп аташса, андан кийинки адамдарды рамапитектер деп аташат, алар болжол менен 14 млн жыл мурда жашап өтүшкөн жана алар Калимантан, Суматра аралдарындагы токойлордо жашашкан, азыркы орангутангдарга окшош болушкан. Андан кийинки адамдын бабаларын дриопитектер даракта жашашкандар деп аташкан. Климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу жерге түшүп жашоого аргасыз болушкан. Алардын сөөгү 1856- жылы Франциядан табылган.

Ал эми австралопитектер (латынчадан austrajis- түштүк, pithekos- маймыл) мындан 5,5 -1,8 млн жыл мурда жашашкан. Алардын скелети 1922-жылы Түштүк Африкадан Раймонд Дарт тарабынан табылган. Алар түз басып жүрүшкөн деген пикирлер бар.

2. Хомо түрүндө жашаган-homo- латын тилинен которгондо адам дегенди түшүндүрөт.

Homo habilis- жасоочу адам (человек умелый) 2,5 млн жыл мурда жашашкан. Буга питекантроптор жана синантроптор кирет, алар 1028-1932-жылдары табылган. Мындан 460-230 миң жыл мурда жашаган, отту пайдаланышкан жана эмгек куралдарын жасай алышкан.

3. Акыл эстүү адам (Homo sapiens)- түрүнө неадарталь жана кроманьон адамы кирет. Неандартель адамы 200-3- миң жыл мурда жашаган, терилерден кийим кийишкен жан өлгөн адамдарын көмүшкөн деген маалыматтар бар.[58]

Жер бетинде keминде элүү мин жылдан бери адам катары калыптанып, пайда болгон. Адамдардын коому ошол убакыттан бери башка жандуулардын тобу менен айырмаланганда негизинен маданияты менен айырмаланат. Адамдарды коом катары бириктирген касиет бул биологиялык өзгөчөлүктөрү эмес, маданият эрежелеринин бирдиктүүлүгү. Ошентип, айбанаттардын кайсы топторунан болбосун адам коомун маданият ажыратып турат. Маданият жок жерде демек жеке адамдын жүрүш-турушун жөнгө

[58] Нижников С.А. Философия. Учебник. –М.,2009. 231-б.

салчу эрежелердин системасы болбосо, коом деген талапка толук жооп берген система да түзүлбөйт. Бирок, марксисттердин пикири боюнча маданият коомдун калыптанышынын себеби болуп эсептелбейт, аны себеп катары идеалисттер гана эсептешет. Алар маданият коомдун калыбы гана болот деген ойдо. Коомдун калыптанышынын негизги себеби – материалдык өндүрүштө, тажрыйбалуу кыймыл-аракетте. Ошондуктан адамдын өзгөчөлүгүн бир топ мындай сапаттар түзөт: рационалдуу ой жүгүртүү, өзүн-өзү түшүнүү жана ылгоого жөндөмдүүлүгү.

Бул жерде бир гана материалдык өндүрүштү негизги себеп катары белгилөө – бир жактуулук экендиги жогоруда маданияттын мааниси жөнүндө айтылган пикирге карама-каршы келиши көрүнүп турат.

Синатропту ачкан изилдөөчүлөрдүн бири, «Адам феномени» аттуу китептин автору Тейяр де Шарден киши сымалдар адам калыптанышы үчүн бир топ сезимдик сапаттарга жетишүүлөрү керек экендиги жөнүндө жазган. Алар төмөндөгүлөр:

- Мейкиндиктин учу-кыйрысыз экендигин сезүү;
- Убакыттын көз жеткис терендигин сезүү;
- Түрдүү материалдык элемнттердин көптүгүн сезүү;
- Өтө кичине менен абдан зорду бирине-бирин тендештирип айырмасын сезүү;
- Жаратылыштан билинбеген, көзгө урунбас кыймылды сезүү;
- Органикалык биримдикти, түзүлүштүк байкалыштарды сезүү.

Демек, адамдын калыптанышына биологиялык өзгөрүүлөр да өбөлгө болгон. Тейяр де Шардендин адамдын калыптанышына, анын өзгөчөлүгүнө болгон ойлорунун көп жактары материалисттик көз карашка дал келет. Мисалы, адамдын өзгөчөлүгү жөнүндө жазганда ал «акыл эс» бир гана адамдын эволюциялык энчиси болгондугун белгилеген.

Антропосоциогенез адамдын жана коомдун калыптанышы абдан татаал, жансыз нерседен жандуунун пайда болгонундай эле табышмактуу көрүнүш. Себеби, бир гана фактылардын жетишпегенинде эмес, анын ачылыштарында.

Алар улам-улам адамдардын калыптанып калган түшүнүктөрүнө дал келбей, же таптакыр эле аларга кас чыгып жаткандыгында. Ошондуктан адамдын калыптанышы жөнүндөгү азыркы учурдагы көз караштар негизинен гипотезаларга таянууда.

Антропосоциогенездин жалпы мазмунун түшүндүрүүдө Ф. Энгельстин «Маймыл адамга айлануу жараянында эмгектин мааниси» деген макаласында жазып кеткен эмгек жөнүндөгү кыялый болжоо чоң мааниге ээ. Бул кыялый болжоо адамдын калыптанышына материалисттик көз караште болгон көпчүлүк антропологдор тарабынан таанымал болгон.

Антрополог жана археологдордун далилдери боюнча эмгек куралдарды жасоо, гоминиддердин тили, аң сезимине караганда 1 – 1,5 мин жыл мурда башталган. Гоминид адамга таптакыр окшобогон. Архантроптор болсо – бул питекантроп, синантроп ж. б. тили менен, ой жүгүртүүсү менен бирге пайда болгон. Маркс менен Энгельс адам калыптанышында биологиялык факторлордо чон мааниге ээ болгондугун, бирок, социалдык факторлор аларга караганда үстөмдүк кылгандыгын баса көрсөтүшкөн. Адам жөнүндө реалдуу гана фактыларды келтиришкен.[59]

**2. Адамдагы табияттыктын жана коомдуктун бирдиги.**

Адам Маркстын мүнөздөмөсү боюнча коомдук мамилелердин жыйындысы катары социалдык жан. Ошол эле кезде адам табияттын бир бөлүгү. Адамдын өзү эки башаттан тургандыгын; айбанаттуулук жана саясаттык жан экендигин көрсөтүп, Аристотель өз убагында аны «саясий айбан» деп атаган.

Адамдардын арсындагы биологиялык шартталган айырмаларды кабылдоонун тарыхта бат жана чечкиндүү өзгөрүп кетишинин мүмкүндүгү жөнүндө мисал келтирели – эркектер жана аялдардын социалдык өз ара мамилелери жөнүндө. Адамдардын арасындагы эң эле негизги биологиялык

---

[59] Жоробекова Э.  Фалсафа негиздери. Онтология. Ош.,2004.86-б.

айырмалар катарындагы жыныстык айырма коомдун социалдык мамилелеринде жана маданиятында түркүн түрдө чагылдырылат. Көптөгөн кылымдар бою «жогорку» жана «төмөндүк» иреттеги категориялар аркылуу түшүнүлгөн. Аялдардын тендиги үчүн күрөштүн башталганына 100-150 жыл гана болду. Бул тарыхый ченем менен караганда абдан кыска мөөнөт. Бул татаал проблеманын чечилбеген жактары болгону менен, бүгүнкү күндү алсак аялдардын коомдук турмушка катышуусу бир топ активдүү жана көп тараптуу болгондугун байкабай коюуга болбойт. Эмнеси болсо да азыркы күндөгү коомдук пикирде жыныстык карама-каршылыктарды түшүнүүдө аларды «жогорку» жана «төмөнкү» сыяктуу карама-каршылыкта карабастан, бири-бирин толуктап тургандыгын жана адамдын табиятынын байлыгын камсыздоочу коп түркүмдүүлүгүнүн маанилүү башаты катары кароо көбүрөөк орун алууда.

Негизинен адамдын манызын түшүнүүдө биологиялык менен социалдык тараптарын ажыратып, биринин гана үстөмдүгүндө же, карама-каршылыкта караса, анда бир жактык болгон, гуманисттик көз караштан алыстап кеткен, ар-түрдүү зордук-зомбулуктук назарияттарды жактагандыкка алып келерин тарых далилдеп турат. Адамдын биологиялык түзүлүшү кандайдыр баалуу нерсе, ошондуктан социалдык максаттардын кандайы болбосун ага карата жасаган зордук-зомбулук мамилелерин эч качан аныктай албайт.

Азыркы учурда илимий-техникалык жетишкендиктери адамдын биологиялык негиздерин начарлатып, бузуп жаткан зыяндуу таасири түрдүү ооруларга дуушар кылчу ашыкча чымыркануулурды көбөйтүүдө. Абаны, сууну, жерди жана башканы булгап жаткан химиялык препараттар стресттик абалдардын «цивилизациянын оорусу» деп аталган жүрөк, психикалык ооруларды, иммундук системанын начарлашын күчөтөт. Ошондуктан адамды биологиялыктын түрү деп сактоо азыркы учурда жоболдуу маселелердин бири болгондугу кокусунан эмес. Мунун өзү адамдагы биологиялык жана социалдыктык өз ара байланышынын көп тараптарына кайрадан ой жүгүртүп бирдикте түшүнүүгө аргасыз кылат. Чындыгында адам

өзүнүн болмушунда коомдук мамилелердин жыйындысы же киши ошол мамилелерде турганда, аларды тынымсыз өздөштүргөндө гана чыныгы адамдык касиетке ээ болот. Ошондуктан философияда биологиялык жана социалдык белгилердин, жагдайлардын биримдиги катары анализденет. Адамдагы биологиялык сапаттарга төмөндөгүлөрдү кошууга болот:

- Кишилердин тиешелүү өмүр сүрүшү- төрөлүүсү, балалыгы, уландыгы, калыптанышы, улгайгандыгы, карылыгы.
- Аялдардын 15 жаштан 50 жашка чейин төрөй ала тургандыгы,
- Баланын табигый түрдө басышы, тамак издеши,
- Ар түрдүү тамак – ашты сиңирүү жөндөмү,
- Кээ бир адамда тубаса шыктын болушу,
- Адамдардагы расалык өзгөчөлүктөрү.

Адамдардын социалдык сапаттары төмөнкүлөр:

- Адамдын аң сезиминин жана тилинин калыптанышы,
- Реалдуулукту таанып билүүсү,
- Ойлоо дүйнөсү, акыл эси,
- Предметтик практикалык ишмердүүлүгү
- Социалдык мамилелердин жана коомдук турмуштун субьектиси жана обьктиси
- Маданиятты түзүүчүсү жана алып жүрүүчүсү катары жашоосу.[60]

Философияда адамдын биологиялык жана социалдык касиеттерин дайыма байланышта кароо менен бирге, бул эки жагдайды карама- каршы койгондорго, тигил же бул жагынын ролун көтөрүп же төмөндөтүп, чыныгы маанилерин түшүнүүдөн баш тарткан концепцияларга каршы турат.

[60] ТогузаковО.А.,ЖумагуловМ.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007. 156-б.

**3.Адамзаттын руханий тажрыйбасындагы жашоо жана дүйнөдөн кайтуу проблемасы.**

Адамдын өмүрү чексиз улана бербейт. Жандуулардын арасында жалгыз адам гана муну түшүнөт дагы бул жөнүндө ойлонот. Ар бир адам кайсыл бир курагында өзүнүн сөзсүз өлүшүн түшүнгөн соң эн алгачкы абалы – ички дүйнөсүн өтө терең козгогон терс сезимдер пайда болот да, келечекке ишенбестикке, же болбосо өзүн таптакыр жоготпостукка, үмүтсүздүктүн кайгысына батышы мүмкүн. Калган өмүрү бүткөнчө адам өзүнүн келечекте өлөрүн билип туруп жашайт. Көпчүлүк учурда бул билими аң-сезиминин терең катмарында сакталат да адамдын кийинки рухий өнүгүүсүндө негиздөөчү болуп кала берет. Адамдын рухийлик тажрыйбасында алдында турган жашоонун манызы жана максаты жөнүндөгү суроону көбүнчө мындай билимдин бар болгондугу аркылуу түшүнүүгө болот.

Бул суроого мифология, ар турдуу диний окуулар, искусство, философиянын коптогон агымдары жооп издеген жана издеп жатышат. Бирок, мифология, дин ар дайым адамга анын белгилуу чечимдерин озуно тануулап, айтып беруугo тырышса, философия эн абалы адамдын акыл-эсине кайрылат жана ал боюнча адам рухийлик кучуно таянып жоопту оз алдынча издеши керек. Философия болсо ушул сыяктуу изденүүлөрдөгү адамзаттын бар тажрыйбасын топтоп, сын менен карап, талдап, ага жардам берет.

Материалисттик философия адамдын өмүрү тууралуу чексиз, түгөнбөс процесс деп курулай ишендирбейт, бирок реалдуулук менен гумандуу көз караш түзгөн. Илимий гуманизм өлүм алдында турган адам үчүн адеп-ахлактык таяныч издеп, «дүйнөдөн кайтуу маданияты» жөнүндө ой жүгүртөт.Өлүм алдындагы катуу коркуу жана башка психикалык терс абалда болуу эмес, тескерисинче, сабырдуулук, ыймандуулук жолу менен дүйнөдөн өтүү, калыстык жана эрктүүлүк менен өз өмүрүнө мамиле жасоо бул реалдуу гуманизм чындыгы философиялык негиз. Анын түпкү – максаты биологиялык менен социалдыкты , учу-кыйрысыз менен түгөнүүчүнү жана өлүм менен түбөлүк жашоонун диалектикалык бирдиктүүлүгүн айкындап

туруу.[61] Бул өзү адамдын мазмунуна адамзаттын материалдык жана рухийлик маданиятындагы дал келиши. Адеп-ахлактык да анык милдети ушунда жеке адамдын жашоого жана өлүмгө болгон мамилесин жөнгө салууда. Адамдын гумандуулугу жана акыл-эсинин төбөлүк өлбөстүгү – бул адамзаттын түбөлүк өлбөстүгүнүн шарты деп билүүгө тийиш. Адамдын жана адамзаттын жоболдуу багышталышы, алардын биздин планетабызда өмүрдүн жана акылдын сакталышына жоопкерчилиги мына ушунда. Мунсуз акылсыздыктын жана гумандуулукка каршылык көрсөтүүнүн коркунучун женип чыгууга мүмкүнчүлүк болбойт.

Адамдын жашоосунун манызы жөнүндөгү суроонун башка тараптары да бар. Мисалы, адамзаттын реалдуу жана табигый-биологиялык түгөнбөстүгү жана анын акыл-эсинин өлбөстүгү, мындан сырткары турган башка цивилизациялардын бар болушунун мүмкүндүгү жөнүндө. Бул маселенин абдан кызыгарлык тарабы учурдун илимий жана философиялык адабияттарында кызуу талкууда.

Адамдын жашоосунун максаты жөнүндө ар түрдүү көз караштардын арасынан материалисттик философиялык көз караштын маанисин чагылдырып кетели. Адам коомдук жаныбар болгондуктан, анын өмүрүнүн бардык кубулуштары коомдук турмушту негиздөө болуп, анын бир көрүнүшүн түзөт. Турмуш жашоонун куралына айланып баратса адам аны менен канааттанбай жашоосун чыгармачылык түрдө өзгөртүүгө аракеттенет. Мына ошондуктан ар бир адамдын жашоосунун мааниси, анын милдети. Өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көп кырдаалда өнүктүрүү тарыхка, коомдун прогрессине, маданиятына инсандык салымын киргизүү.

Ар бир инсандын жашоо максаты мына ушунда, бул максатын ал коом аркылуу ишке ашырат. Коомдун, өзүнүн, адамзаттын да максаты, милдети да ушунда. Бул максаттар тарыхый доорго ылайыктуу түрдө ишке ашырылат.

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

---

[61] Жоробекова Э. Фалсафа негиздери. Онтология. Ош.,2004.92-б.

1. Адамдын келип чыгышы тууралуу кандай окуулар бар?
2. Адамдагы коомдук жана социалдык бирдиктер кайсылар?
3. Адамдын жашоосунун маңызы эмнеде?
4. Адамда өмүр жана өлбөстүк маселелери кандай чечилет?
5. Философиялык оптимисттик көз караш деген эмне?

Адабияттар:

1. Антология мировой философии. Т. 2. М. 1989.
2. Радугин А. А. Философия. Курс лекций. М. 1995.
6. Тогусаков О.А., Жумагулов М.Ж, Байбосунов Философия. Бишкек - 2007.
7. Асмус В.Ф. Античная философия .М.,1976
8. Вунт В. Введение в философию .М., 1998
9. Солопов Е.Ф. Философия курс лекций. М., 1997
10. Данильян О.Г., Тараненко В.М. Философия. Учебник.-М., 2005
11. Рычков А.К., Яшин Б.Л. Философия . Учебник .М., 2002

## Лекция 13. Коом.

1. Коомдун философиялык концепциялары.
2. Коомдун өнүгүшү жана материалдык шарты.
3. Коомдук аң сезим жана анын структурасы.

### Коомдун философиялык концепциялары.

Коом болмуштун жаратылыш менен рухтан кийинки формасы болуп саналат. Коом деп өз кызыкчылыктарын көздөгөн адамдардын тарыхый калыптанган биргелешкен жашоо-тиричилигинин чөйрөсүн аташат. Коом көп өнүттүү, көп кырдуу өтө татаал система болгондуктан, аны тарых менен экономикалык теориялар, этнография менен демография, политология менен социология ж.б. илимдер туш тараптан изилдешет. Алардан айырмаланып, философия коомдун жеке, айрым элементтерин эмес, коомдук болмуштун маңыздуу, жалпы негиздерин иликтейт.

Философтор коом адамдардын өз ара аракеттенишүүлөрүнөн куралган социалдык система, же "социалдык организм" деп эсептешет. Бирок, коомук системанын негизин эмне түзөт деген суроого келегенде, алардын пикири бирдей эмес. Айрымдар коомдун негизинде ишмердүүлүк менен адамдардын журум-турумунун рухий башаттары (алардын аң-сезими, рухий керектөөлөрү, рухий баалуулуктары ж.б) жатат десе, экинчилери коомдун негизин адамдардын материалдык керектөөлөрү жана алардын коомдук жашоо-тиричилигинин материалдык шарттары менен байланыштырышат.[62]

«Коом»- түшүнүгүн бир нече мааниде колдонсо болот. Анткени жогорку коом өз алдынча жашоо ыгы, баалуулукка ээ болгон адамдардын биримдигин түшүндүрсө, географиялык абалы боюнча «Америкалык коом», «Япон коому», «Кыргыз коому». Дини боюнча «Мусулман коому» ж.б. Кесиби боюнча «Окутуучулар коому» ж.б. деп колдонсо болот. Тар маанисинде коомду – конкреттүү кызыкчылыктары, ишмердүүлүктөрү же керектөөлөрү боюнча бириккен адамдардын өз ара түрдүү мамилелеринин жыйындысы. Кен маанисинде коом- адамзат ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жаралган реалдуулуктар (материалдык жана руханий баалуулуктар).

К.Маркс: Коом индивиддерден гана турбастан, алардын байланыштарынан жана мамилелеринин системасынан турат деп айткан.

Коом - адамдардын жыйындысы б.а. адамдардын аң-сезимдүү жалпылыгы болуп саналат. Коомдун негизин коомдук өндүрүштүк мамиле түзөт. Жаныбарлардан айырмаланып, адам баласы өзүнүн кызыкчылыгына, керектөөсүнө жараша чөйрөнү, жаратылышты өзгөртүп кайра түзүү мүмкүнчүлүгүно ээ. Таш куралдан бүгүнкү автоматташтырылган денгээлге чейин өсүп жетилди.

**2. Коомдун өнүгүшү жана материалдык шарты.**

Коом адамдардын бири-бири менен байланышта жашоосу, жашоого керек болгон керектөөлөрүн бири-бири аркылуу мамиледе болуу менен

[62] Эдилова М.М., Алиева Г.К. Философия. Окуу китеби. -Б.,2008.173-б.

канааттандырган система. Анын негизинде негизги турмуштук мамилелер пайда болот. Коомдун жашоосуна жана өнүгүшүнө шарт түзүүчү факторлор болуп:

а) адамдардын ишмердүүлүгү. Социалдык группалардын жана инсандардын ишмердүүлүгү.

б) алардын коомдук мамилелери.

Алардын бирге аракет этүүсү коомдук болмушту түзөт. Коомдук болмушка – өндүрүштүк мамиле, үй-бүлө- турмуш тиричилик, саясий мамилелер, укуктук, адеп-ахлактык, этикалык, диний ж.б. ишмердүүлүктөр түзүп турат. Коомдук болмуштун обьективдүү жана субьективдүү жактары бар.

а) обьективдүү жагы бул адамдын аң-сезиминен жана эркинен көз карандысыз. Буларга: жаратылыш шарттары, тукум уланышы, материалдык өндүрүштүн абалы, социалдык структуралар, коомдук саясий система, адамдар обөективдүү жагын өзгөртүүгө аракет кылат.

б) коомдун субөективдүү жагы адамдын аң-сезими жана эрки кирет. Анткени адамдын аң-сезими жана эрки коомду өзгөртө алат, өнүктүрөт, прогресс жана регресс.

Коомдук өнүгүүнүн негизин материалдык өндүрүш түзөт. Материалдык өндүрүш болгондуктан коом өнүгүп бардык проблемаларын чечүүгө шарт түзөт. Материалдык өндуруштун өнүгүшү менен коомдун социалдык структурасы өзгөрөт, таптар, катмарлар пайда болот. Ошондуктан адамдар кесиптик жана социалдык группаларга бөлүнөт.

Коомдун материалдык өндүрүшү социалдык структуралар аркылуу коомдогу саясий процесстерди жөнгө салат. Коомдук өндүрүштүк мамиле коомдун руханий чөйрөсүнө да өз таасирин тийгизет. М: театр, библиотека ж.б. Материалдык өндүрүш коомдун бардык жагына өз таасирин тийгизет ошондуктан материалдык өндүрүшсүз коом жашай албайт.

Өндүрүш жолунун 2 жагы бар: 1. өндүрүштүк мамиле - адамдар ортосундагы мамиле, куралдарга болгон мамиле; 2. Өндүрүш- анткени коомдун өнүгүшү учун материалдык шарттардын болушу зарыл. Адам өзүнүн жашоосун,

керектөөсүн канааттандыруу максатында өндүрүшкө катышат да, коомдун өнүгүшүно шарт түзөт. Ошондуктан группалар, институттар пайда болуп, ал коомдун мамилесинин өнүгүшү болуп саналат. Коом жалан коомдук мамилелерден турат, коомдук мамиле ишмердүүлүктөн бөлүнбөс бири-бирисиз жашай албайт. Коомдук ишмердүүлүктөн коомдук мамиле келип чыгат.

Материалдык өндүрүш эки жактуу процесс: 1.Өндүргүч күч 2.Өндүрүштүк мамиле Өндүргүч күчкө – адам жана алардын билими, өндүрүш каржаттар, эмгек куралдары, сырье, материалдар, транспорт кирет. Өндүрүштүк мамиле – өндүрүш учурундагы адамдардын бири-бири менен өндүрүш каражаттарынын негизинде болгон мамилелер. Өндүрүштүк мамиле адамдардын керектөөлөрүнүн негизинде ишке ашат. Ишмердүүлүк адамды коомдук жандык катары тарбиялайт да, коом коомдук группалар менен мамилелешүүгө түрткү берет. Ушул жыйынтыктын негизинен инсан калыптанат.

Маркс коомдун экономикалык түзүлүшүн аныктаган. Коомдук мамилелер ичине камтыган процесс базис деп аталат. Надстройка – коомдук аң-сезим. Коомдук мамиленин 2 түрү бар. 1. Материалдык

2. Идеологиялык.

Идеологиялык мамиле – материалдык мамиленин негизинде пайда болуп, коомдук аң-сезимден көз каранды.[63]

Тарыхый жараяндын субьектилери болуп коомдук класстар, таптар эсептелет. Таптардын ортосундагы карама-каршылыктар коомдун өнүгүшүнө шарт түзөт.

Коомдун өнүгүшүнүн төмөндөгүдөй түрлөрү белгиленген.

Эволюциялык жана революциялык

Прогрессивдүү жана регрессивдүү

---

[63] Эдилова М.М., Алиева Г.К. Философия. Окуу китеби. -Б.,2008.181-б.

а) эволюциялык өнүгүү, жай, сандык өзгөрүү, эволюциялык закон ченемдүүлүктөрдүн негизинде коомду өзгөртүү.

б) революциялык өнүгүү секирик сымал же радикалдуу тез сапаттык өзгөрүүнү жүргүзүү.

Коомдун социалдык түзүлүшү жашоо мүмкүнчүлүгү коомдогу бүткүл кубулуштарды изилдейт. Механика ж.б. коом жөнүдөгү проблемаларда адам тарыхтын продуктысы, ал эми адамзаттын тарыхы адамзаттын ишмердүүлүгүн натыйжасы деп эсептелсе буга карам-каршы Маркс, Энгельс коом жонундо жаны түшүнүктү беришет. Маркс: Адам бул табигый жандык гана эмес коомдук дагы жандык. Маркс «Капитал» эмгегинин 3- томунда адамдын жаратылыш менен, адамдын адамдар менен аракеттенүүсүнүн негизинде коом жаралган деген пикирди айткан. Ошентип коом адамдардын жыйындысынан гана турбастан алардын жаратылыш менен жана бири-бири менен болгон байланыштарынын жыйындысынан турат. Анткени коомдун өнүгүшү учун адамдын жаратылыш менен байланышы үзүлбөш керек. Коомдун негизин адамдар аралык жана жаратылыш менен биргеликте экономикалык мамилелер түзөт.

**3. Коомдук аң сезим жана анын структурасы.**

Коом өзүнүн жашоосунда бир нече социалдык структуралардан турат. Структура – француз тилинен которгондо түзүлүш дегенди берет. Марксиздик окуу боюнча коом эки областтан турат.

Реалдуу базис (коомдун экономикалык түзүлүшү)

Коомдук надстройка. Азыркы учурда юридикалык, саясий надстройка жана коомдукан-сезимдин формалары (философия илим, дин) бул эки түзүлүш бири-бирисиз жашай албайт. Экономикалык базиске коомдук өндүрүштүн сферасы, эмгек каражаттары жана өндүрүштүк мамилелер түзөт Ал эми надстройканы социалдык саясий жана юридикалык саясий коомдук аң-сезимдин формалары түзүп турат. Коомдун негизги элементтери катары социалдык таптык, социалдык кесиптик, социалдык териториялык жана социалдык демографиялык жалпылыктар кирет. Коомдук аң-сезим деген

термин конкреттүү коомдун реалдуу аң-сезимин мүнөздөйт. Коомду чагылдырган жана түшүндүргөн идеялардын, көз караштардын, жоболордун, окуулардын жыйындысын коомдук аң-сезим  деп аташат. Эгерде жеке аң-сезим мээнин касиети же функциясы болуп саналса, коомдук аң-сезим мээнин касиети же функциясы болуп саналса, коомдук аң-сезимдин материалдуу негизин коомдук болмуш түзөт. Демек, коомдук болмушка караганда коомдук аң-сезим экинчи орунда турат. Ошого крабастан, коомдук аң-сезим коомдук болмушка карата белгилүү бир даражада көз каранды эмес.

Экономикалык базис надстройканы аныктап турат.     Биринчиден, массалык аң-сезимди аныктайт, б. а. белгилүү бир топ же группалардын коомдук кызыкчылыктарын көз караш же пикирлерин билдирет. Экинчиден, коомдун рухий турмушунун пикирин билдирет б. а. ал коомдун проблемаларын, пикирлерин кызыкчылыктарын өз ичине камтыйт. Коомдук аң-сезимдин төмөндөгүдөй денгээлдери бар:

1.Турмуштук аң-сезим;

2.Коомдук психология жана идеология;

Турмуштук аң-сезим адамдардын күндөлүк практикасынын негизинде келип чыгат. Теориялык аң-сезим ошол аң-сезимдин закон-ченемдүүлүктөр менен байланышынын негизинде илимге ж. б. аң-сезимдин формаларында чагылышы эсептелет. М: Балада турмуштук аң-сезим күндөлүк турмушта калыптанып барат. Турмуштук аң-сезим менен теориялык аң-сезим тыгыз байланышта болот.

Идеология жана коомдук психология да күндөлүк турмушта калыптанат. Коомдун илимге методика болгон деңгээлин белгилейт. Турмуштук аң-сезим менен коомдук психология бирдей денгээлде болот, бири-бири менен тыгыз байланышта. Коомдук психология коомдогу адамдардын көңүлүн, көз карашын прогноздойт. Идеология – бул татаал коомдук рухий билим, массага стимул беруучу куч катары өзүнүн теориялык негизи болот. Элдин көз карашы же урааны катары төмөндөгүдөй белгилерге болсо болот:

Идеология: 1. Прогрессивдүү, консервативдүү, реакциячыл.

2.Чыныгы (салыштырма) илимий, газеталардын урааны, илимий эмес.

Коомдук аң-сезимдин формалары:

Саясий идеология;

Укуктук аң-сезим;

Мораль, дин, искусство, илим жана философия.

Бул формалар бири-биринен чагылдыруу предметтери боюнча айырмаланып турат.[64]

Алар чагылдыруунун формалары аркылуу айырмаланат; М илим теория гипотезаларда чагылдырса, искусство көркөм образдарда чагылдырат. Өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат.Аткарган социалдык функциялары менен айырмаланат.

**Студенттердин билимин баалоо үчүн суроолор:**

1. Коом жана коомдук аң сезим деген эмне?




**Схема 10.** Коомдун социалдык курамы

[64] Эдилова М.М., Алиева Г.К. Философия. Окуу китеби. -Б.,2008.178-б.

2. Коомдун материалдык шартынын негизи эмнеде?
3. Коомду кантип өзгөртүүгө болот?
4. Коом кандай социалдык катмарларга бөлүнөт?

Адабияттар:

1. Солопов Е.Ф. Философия курс лекции. М., 1997.

2. Канке В.А. Философия курс лекции. М.,1998.

3. Лариненко В.И. Философия  курс лекций М., 1995.

5. Тогусаков О.А., Жумагулов М.Ж, Байбосунов Философия. Бишкек - 2007.
6. Асмус В.Ф. Античная философия .М.,1976
7. Данильян О.Г., Тараненко В.М. Философия. Учебник.-М., 2005
8. Рычков А.К., Яшин Б.Л. Философия . Учебник .М., 2002

**Лекция 14. Баалуулуктар системасы жана маданияттардын диалогу.**

1. Коомдун руханий турмушундагы баалуулуктар системасы
2. Маданият жана цивилизация түшүнүктөрүнүн өз ара байланыштары.
3. Маданияттын диалогдук мүнөзү: Батыш жана Чыгыш.

## 1. Коомдун руханий турмушундагы баалуулуктар системасы

Антикалык коомдо эле маданиятты изилдөө башталган. Софист Протогор-материалдык маданияттын жаралышы менен адам кудайга көз каранды баалуулуктар эркиндикке умтулган грек атуулунун пайда болуусу, адам бардык нерсенин чегине жеткиген деп атайт. Аристотелдин пикири боюнча адам табияттан кул же эркин болуп төрөлөт деп айтат. Грецияда Прметей, Аполон, Дионис ж.б. улуу маданий мифтерди жаратышкан. Европа өлкөлөрүндө илимдин, техниканын өнүгүшүнө шарт түзгөн.

Рим тарыхчысы Цицерон иштетилбеген жерге түшүм болбогондой эле, философиясыз рухий дүйнө болбойт, ички дүйнөнү байытуу зарыл деп эсептейт. Рим жана римдин атуулдары гана маданияттын үлгүсү болушу зарыл деп эсептейт. Маданият илимдин техниканын жүрүш-туруштун жогорку фомасы деп аталат. Цицерон алгачкылардан болуп, маданияттын теориялык негизин түзгөн. Философиянын баалуулуктарды окутуучу бөлүгү акцеология деп аталат. Акцеология - англ. Тил. «баалуу» дегенди түшүндүрөт. Бүткүл адамзаттык баалуулуктарды жеке адамдык баалуулуктар жана инсандык баалуулуктар түзүп турат. Алар төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнөт.

Жашоонун манызын түзүп турган баалуулуктар – боорукердик, таш боордук, бакыт, максат жана жашоонун маңызы.

Универсалдуу баалуулуктар – ден соолук, өздүк сактык, үй-бүлө, тууганчылык.

Коом тарабынан жактырылган баалуулуктар: эмгекчилдик, социалдык абал, камсыздоо.

Инсандар аралык баарлашуудагы баалуулуктар – чынчылдык, бой көтөрбөстүк, кен пейилдүүлүк, туруктуулук.

Демократиялык баалуулуктар – сөз эркиндиги, басма сөз эркиндиги, улуттук көз карандысыздык ж.б.

Акыркы учурдагы либералдык традициялык баалуулуктар системасы өз ара аракеттенишүү сферасында кызматташуу, кичи ишканалардын кызматтары. Либералдык цивилизация ТЕХНОГЕНДИК деп аталат. Немец социологу Макс Вебер «Протестанская этика и дух капитализма» деген эмгегинде либералдык цивилизацияга таандык мүнөздүү белгилерди болуп көрсөтөт;

Жеке менчикти сыйлоо.

Жанылыкты киргизүүгө умтулуу.

Рационалдуулук.

Инсандын жеке кадыр баркын сыйлоо.

Эркиндик тендик идеаларын туу тутуу.

Жалпы адам заттык баалуулуктар; улуттук, этникалык, социалдык топтордун суб маданияттары аркылуу өзүн көрсөтөт. Суб маданият- тигил же бул социалдык топ тарабынан ишке ашырылган баалуулуктардын, жүрүш-туруш эрежелеринин жыйындысы. Акыркы учурларда төмөндөгүдөй субмаданияттар бар;улуттук субмаданият, конфессиалык кесиптик, уюмдардын-коомдордун субмаданияты элиталык, криминогендик түрлөрүн белгилөөгө болот.

Үрп-адат- символикалык коллективдүү иш аракеттин жыйындысы ал өз ичине ишенимдерди, баалуулуктарды камтып, белгилүү бир сезимдер пайда кылган адамдын эмоциясына, психологиясына таасир этэт. Каада – салт адамдардын мурункудан кабылданып, социалдык ишмердүүлүгүн жана мамилелерин жонго салган тигил же бул социалдык топ катарына айланган урп-адат, ыкмалар.Салт- узак убакыттар бою муунда-муунга берилип, сакталып келе жаткан социалдык жана маданий мурастарды элементтери.Салттан баш тартуу идеалдуулукту бузат. Салтка бир отоло ишенүү консерватизмди жаратат.

## 2 Маданият жана цивилизация түшүнүктөрүнүн өз ара байланыштары.

Маданият кубулушун социотабигый, коомдук жана адам бытиелеринен ажыратып, өз алдынча кароого мүмкүн эмес, себеби маданияттын маңызы, мазмуну, функцияланышы, конкреттүү тарыхый мүнөзү кишилердин болмушу, алардын предметтик-практикалык ишмердиги, сойиалдык чөйрөнүн, анын түрдүү сфераларынын эволюциясы аркылуу гана даана ачылып берилет. Маданияттын ар кыл аспектилери тигил же бул жеке илимдер тарабынан иликтелээри белгилүү (маселен, археология, этнография, тарых, социология педагогика, этика, эстетика ж.б.). Булар өзүлөрүнүн теориялык жоболоруна, түшүнүктөр системасына ылайык маданият кубулушунун айрым жактары жөнүндө абстрактуу маалиматтарды беришет.

Философия курсунда маданият менен философия бирдей денгээлде каралат. Бирок цивилизация төмөндөгү учурларды көрсөтөт.

Ар элдин, региондун маданиятынын өнүгүүсүн эң жогорку деңгээли катары (Тойнби,.Сорокин)

Цивилизация коомдук тарыхый өнүгүүнүн конкреттүү этабы катары : 1.жапайычылык 2. Варварчылык 3. Цивилизация (Морган, Энгельс).

Цивилизация бардык маданияттардын, баалуулуктардын жыйындысы катары б.а. жалпы адамзаттык баалуулуктар катары колдонулат (Ясперс).

Цивилизация маданияттын акыркы чеги (Шпенглер).

Адамдардын материалдык ишмердүүлүгү: эмгек куралдары, экономикалык саясий мамилелери (Бердяев).

Азыркы күндөгү негизги проблемалардын бири батыш жана чыгыш маданияты жана цивилизацияларынын карым-катнаштары. Бүгүнку күнд бул пролеманы атайын философтор, социлогдор изилдеп, монографиялар, статьялар жарык көрүүдө. 1992-жылы «Вопрос философии» журналы тегерек стол өткөргөн. Темасы: Россия жана Батыш. Батыш жана Чыгыш георгафиялык, социалдык, маданий жактан болуу болуп эсептелет. В.С,Степин Батыш дегенде цивилизациялык жана маданий өнүгүүнүн өзгөчө

тибин түшүнөт. Ал Европада 17- кылымда калыптанган. Цивилизациянын бул тибин техногендуу деп атайбыз. Мүнөздүү белгилери техниканын тез өзгөрүшү, илимий билимдерди жана технологияны ситемалуу түрдө пайдалангандык.

**3. Маданияттын диалогдук мүнөзү: Батыш жана Чыгыш.**

Батыш жана Чыгыш маданиятынын жетишкендиктерин баалоо, аны терен изилдоого дүйнөлүк окумуштуулар өзгөчө көңүл буруууда. Батыш жана Чыгыш маданияттарын географиялык эмес геосоциомаданий жактан изилдөөгө алуу талапка жооп берет. Ошондуктан бул маселеге карата ар түрдүү эл аралык цимпозиумдар, коференциялар өтүүдө.

Чыгыш маданияты традициялуу коомдук өзгөчөлүккө ээ. Геосаясий жактан ал – Байыркы Индия, Кытай, Вавилон, Байыркы Египеттин жана мусулман дүйнөнүн улуттук мамлекеттик түзүлүштөрүнүн маданий жетишкендиктеринин ситезинен турат. Бул маданияттар бири-бири менен айырмаланып турганы менен аларды жалпылаштырып турган маданий сапаттар традициялуулук, чексиз руханий баалуулукту даңазалоо, деспотиялык коомдук түзүлүштөр жашайт. Чыгыш маданиятынын негизинде тереӊ философиялык акылмандуулук камтылып турат. Бул Чыгыштагы өтө баалуу сапаттардын системасы менен коштолот. Римдиктер белнгилегендей «Свет с востока» же жашоо нуру чыгышта жаралып анан башка аймактарга тараган Б.а. б.з.ч. 4-3-мин жылыдктарда эле чыгышта адам коомдору түзүлүп, жашоо, маданият, илим билимдин жана диндин мекенине айланат. Бул максатта төмөндөгү мисалдарды чечмелей кетсек: Индия маданияты б.з.ч. 2-мин жылдыкка таандык ири философиялык мектептер ачылып, бул деген аалам-жаратылыш-адам проблемаларын изилдөө иликтөө башталган деп айтууга болот. Ушул Индия маданиятынын өзгөчөлүгүн Гегель төмөндөгүдөй белгилеген» Биз философияда илзилдөөгө алган алардын дини менен илими, маданияты бекем ажыралгыс байланышта.

Алгачкы цивилизациянын борборун түзгөн Индия, Кытай, Египет, Вавилондун маданияттарынын дүйнөлүк цивилизацияда мааниси зор.

Андагы ар бир эстелик, ар бир традиция ата-бабаларыбыздын зор маданиятынан, татаал тарыхый турмушунан кабар берет. Биз чыгыш маданиятынын традициялуулугун өзгөчө белгилегенибиз менен Кытай медицинасынын, рационалдуу этикалык саясий мектептердин коомдогу ордун туура баалоого тийишпиз.

Анткени Кытайда дин кызматкерлерине караганда билим берген окутуучулардын кадыр баркы жогору болгон. Айрыкча жараштылышка сыйынуу, жаратылышты ыйык тутуу маданиятына чакырат. Кытай маданиятында акылмандуулук, гумандуулук даңазаланат. Чынынгы Кытай адамы 3 нерсени ыйык тутат: Асманды, Акылман улуу адамдарды, Акылман сөздү. Кытай акылмандуулугу аркылуу  Чыгышты өзгөчо мекенди, эли, жерди сүйүүгө чыдамкай туруктуулукка тарбияласак болот.

Аль Фарабинин бир эскерүүсүндө «Философия чыгышта өнүктүрүлгөн. Бул илимди  Халдей уруулары колдонушкан. Ал термин акылмандуулукту сүйүү эмес, акылмандуулукту урматтоо болуш керек эле» деп белгилеген.  Халдей уруулары жоголуп башка этносторго синип кеткен соң, философия терминин гректер колдоно башташкан. Ошентип философиянын борбору Греция болуп калды деп эскерген. Батыш деген терминдин ичинде цивилизациялык маданий өнүгүүнүн өзгөчө тиби жатат. Маданияттын бул тибин техногендуу цивилизация деп атоого болот. Батыш маданияты орто кылымда түптөлгөн. Агартуучулук доорунда технологиялык цивилизациянын дүйнө таанымдык негиздери, эрежелери калыптанып бүткөн. Бул эрежелердин негизинде илим жана техника баалуулук катары өнүккөн. Немец социолог-философу  Макс Вебердин «Протестантская этика и дух капитализма» деген эмгегинде техногендик цивилизацияга таандык баалуулуктарды ачып көрсөтөт:

Динамикалуулук, жаңылыкка багыт алуу.

Адамдын инсандык сапатын баалоочулук.

Индивидуализм-инсандын автономиясынын бекемделиши.

Рационалдуулук

Эркиндик, тең укуктуулук, чыдамкайлык идеялары.

Жеке менчикти сыйлоо.

Батыш маданиятында рационалдуулук менен радикалдуулук үстөмдүк кылат. Батыш жана чыгыш маданияттарынын карама-каршы коюлушу (С.Каспеннин) пикири боюнча тарыхтын атасы аталган Геродот доорунан эле башталган. 1922-жылы П.М.Бицили: «Батыш жана Чыгыш маданияттарынын сын пикири б.з.ч. эле доордо башталган» деген. Маданияттын бул эки түрү бири-бири менен диалог катары өнүктү. Мисалы:

Б.з.ч. 2-3-мин жылдыкта Индия, Кытай, Египет.

Б.з.ч. 1-мин жыдык б.з. башында Антикалык маданият.

Б.з. 9-13-кылым чыгыш ренесансы.

Б.з. 15-17-к. Батыш Европадагы маданий өнүгүү.

20-21-к. Чыгыштын өнүгүшү.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй Батыш жана Чыгыш маданияттары бири – биринин жетишкендиктерин пайдалануу аркылуу өнүгүп келишет.

Данилевский «Россия и Европа» деген эмгегинде маданияттар бири-бири менен тыгыз байланышта өнүгөт. Бирок бир аймактын өсүмдүгү экинчи бир аймакка өсө албагандай эле маданиятты да бир аймактан экинчи бир аймакка көчүрүүгө мүмкүн эмес, дарак сыяктуу жаралуу, гүлдөө, кыйроо этаптарын басат.

Ошондуктан Чыгыш жана Батыш маданияттарын теңдөө окшоштуруу мүмкүн эмес.

Чыгыш-традициялуу, концервативдүү түзүлүш.

Батыш-радикалдуу маданий түрү.

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Маданият деген эмне?
2. Маданият кандай субмаданияттарга бөлүнөт?
3. Маданият менен цивилизация кандай байланышат?
4. Батыш маданиятына кандай белгилер мүнөздүү?
5. Чыгыш маданиятынын өзгөчөлүктөрү кайсылар?

Адабияттар:

1.Введение в философии т.2. М., 1989.

2.Солопов Е.Ф. Философия курс лекции. М., 1997.

3.Канке В.А. Философия курс лекции. М.,1998.

4.Человек и общества. Философский словарь. М.,1990.

5.Лавриненко В.И. Философия  курс лекций М., 1995

**Лекция 15. Тема: Инсан жана эркиндик.**

1. «Адам», «индивид» жана «инсан» түшүнүктөрүнүн өз ара байланышы.

2. Инсандын коомдук сапаттары

**1.«Адам», «индивид» жана «инсан» түшүнүктөрүнүн өз ара байланышы**.

Адам түшүнүгүн тереңирээк чечмелөө үчүн ага байланыштуу, мазмуну шайкеш, жакын түшүнүктөргө токтоло кетүү талапка ылайык. Алардын катарына “индивид”, “индивидуалдуулук” жана “инсан” түшүнүктөрү кирет. Индивид-адамзат тукумунун жеке өкүлү, социалдык топтун, катмарлардын, коллективдин ажырагыс мүчөсү, көптүктөгү бир киши. Индивиддердеги сапаттык айырмачылыктар түрдүү коллективдерде болуу менен алардын касиеттерин, белгилерин сиңирүү, ошондой эле тигил же бул коллективдеги өзгөчөлүктөрдү, мүнөздүү жагдайларды өздөштүрүү аркылуу көрүнөт. Индивид коомдо жашайт, социалдык мамилелердин алкагында туруп, алардын жыйындысы, продуктысы.

Адамдардын маңызын ачууда “индивид” түшүнүгү жетишсиз, ошого байланыштуу “индивидуалдуулук” жана “инсан” категорияларына токтолобуз. Бул эки түшүнүктү үстүртөн караганда маңызы, мазмуну жагынан абдан жакын, окшош келишет, алар адамдардын коомдук турмуштун, социалдык мамилелердин обьектиси жана субьектиси экендиктерин туюнтушат, кишилерге таандык социалдык маанилүү сапаттар, баалуулуктар системасы боло тургандыгын билдиришет. Ошондой болсо да “индивидуалдуулук” жана “инсан” категорияларын бири биринен ажыратып кароо зарыл.

Адам коому бул-индивидуалдуу адамдардын көп түрдүү мамилесинен, ишмердүүлүгүнөн турган процесс. Адам гана тарыхый өнүгүүнүн, маданияттын негизин түзөт.

Философияда адамды индивидуалдуу феномен катары карап- социалдык-философиялык изилдөөгө алат. Инсан проблемасынын башаты кайра жаралуу доорунан башталат. Адамды жеке феномен катары карап, илимде




индивид, жекелик (индивидуальность) жана личность (инсан)деген терминдер колдонулат.[65]

**Схема 11**. “Адам”, “Индивид”, “Индивидуалдуулук ”, “Инсан” түшүнүктөрүнүн өз ара карым катнаштары.

Индивид» деген термин адам уруусунан алынган биринчи адам үчүн колдонулат. Философияда индивид адамдын бир өкүлү катары каралып, алардын саны көп экендигин эсле алат.

Ал индивиддер ар түрдүү социалдык группалары менен айырмаланып турат. Индивид коомдук мамилелердин продуктысыкатары өзүн-өзү сезе баштайт. Өзүнө баа берүү, өзүн-өзү сындоо менен өнүгүүгө аракет кыла баштайт. Коомдо индивиддердин негизги касиеттери өнүгүп, личнотту, индивидуалностту пайда кылат.

Карл Маркс личносттун манызы анын канында эмес, абсолюттуу физикалык жаратылышында эмес, анын социалдык сапаттарында деп белгилеген. Инсанда төмөндөгүдөй социалдык сапаттар болушу керек:

- Оратор - чечен болушу керек;
- Гумандуу патриот болушу керек;
- Коомдогу бүткүл шартка ынгайлашып кете тургандай болушу керек;

Индивид коомдогу адамзаттын бир бөлүгү катары кызмат аткарат.

Инсан индивидуалдуу деген термин экөө бири-бирин коштоп турат.

---

[65] ТогузаковО.А.,ЖумагуловМ.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007. 157-б.

**2.Инсандын коомдук сапаттары.**

"Инсан" категориясы бул түшүнүктөн айырмаланып, ар бир адамдын өзүндөгү акыл-эстик, аң-сезимдүү-эрктик башталмалардын боло тургандыгын, атуулдардын Ата-Мекенини, өлкөнүн, мамлекеттин жана элинин алдындагы жоопкерчилигин, милдетин кандайча аткара тургандыгын билдирет. Демек киши инсан болуп калыптанышы үчүн эрктүү, социалдык мамилелердин системасындагы алган ордун, ролун сезе билиши керек.

Инсандын өнүгүшүнө бир нече факторлолор таасир этет:

- Тукум куучулук, баланын активдүүлүгү;
- Тарбия;
- Социалдык чөйрө – үй-бүлө, коом, өзүнүн чөйрөсү таасир этет. М: Л. да Винчи - улуу художник гана болбостон улуу математик, механик, инженер ж. б. болгон.

Личность деген сөз антикалык доордо – personal антикалык театрга актерлор кийип кирген маска аталган. Андан королдук ролду, актерду – персонаж деп атай башташкан. Римдиктер – атанын личносту, падышанын личносту деп аташкан. Өтө жогорку жоопкерчилик деп эсептелет.

Личность – бул турмуштук окуялардын демилгечиси.

Аристотель адам – бул саясий айбан деп атаган, саясий жагы адам аң-сезимдүү коомду түзөт, биологиялык жагы адам тирүү жандык.

Кант өзүн-өзү контролдоо, өзүн-өзү тарбиялоо, өзүн-өзү кожоюн болууга үйрөнүү.

А. С. Пушкин өзүнөргө өзүнөр бийлик жүргүзүүгө үйрөнгүлө деген.

Личность – бул автономия б. а.

Эч нерседен көз карандысыз болуучу;

Өзүнө-өзү закон чыгаруучу;

В. И. Ленин эркиндиктин анархисттик, индивидуалдык концепцияларын четке кагып: "Коомдо жашап туруп, коомдон эркин болуу мүмкүн эмес" деп айткан. Инсандын эркиндиги жалпы коомго тиешелүү эркиндиктин бир бөлүгү. Коомдун бардык тарыхый өнүгүүсүндө адам өзүнүн коомчулугу

менен биргеликте эркиндикке умтулуп келген. Буржуазиялык демократия инсандын эркиндигин ишке ашыруунун конкреттүү тарыхый формасы болуп эсептелет. Бул доордо адам таптык сословиеден, чектелген тартиптен бошонуп, закон алдында формалдуу эркиндиги жарыяланган. Бирок бул кандайдыр бир жолдор, закондор менен чектелип турган. Коомдо бүткүл саясий бийлик экономиканы өз колуна топтогон гана адамда болгон.

Коомдук ой жүгүртүүлөрдүн тарыхынын өнүгүшүндө эркиндик традициялык зарылчылык катары каралат. Кээде эркиндик тагдыр деген мааниде да колдонулган.

Г. В. Плеханов: "Эркиндик жана зарылчылык 19-кылымда идеалисттердин алдындагы чоң маселе катары пайда болгон. Бул бүткүл философторду болмуштун ойлоого болгон катышындай эле чоң маселе катары бүткүл миндеген жылдар ичиндеги философторду кызыктырып келген. Ал сфинксге окшоп, ошол сыяктуу ойчулдардын баарына: "Мени тап же, мен сенин бүткүл системанды жок кылам" – деп айтып жаткандай сезилет" деген.

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Инсан деген алгачкы доордо эмнени түшүндүргөн?
2. Инсан адамдан эмнеси менен айырмаланат?
3. Инсандык сапаттар кайсылар?
4. Инсанды тарбиялоого болобу?
5. Инсан менен эркиндиктин байланышы барбы?

Адабияттар:

1.Мир философии в 2-х ч. М.,1991.

2. Введение в философию т.2. М., 1989

3. Жоробекова Э.Ж. Фалсафа негиздери Онтология. Ош-1994.

4. Вунд В. Введение в философию. М., 1997.

6. Канке В.А. Философия. М.,1998.

**Лекция 15. Адамзаттын глобалдуу проблемалары**

1.Азыркы глобалдуу проблемалардын маңызы, негизги критерийлери жана мүнөздүү белгилери.

2. Глобалдуу проблемалардын көп түрдүүлүгү.

3. Глобалдуу проблемаларды чечүү маселеси жана адамзат келечеги.

**1.Азыркы глобалдуу проблемалардын маңызы, негизги критерийлери жана мүнөздүү белгилери.**

Азыркы учурдагы дүйнөлүк социалдык өнүгүүнүн олуттуу өзгөчөлүгү экономикалык, саясый, руханий сфералардагы процесстердин масштабынын кеңейиши, алардын глобалдык кубулуштарга айланышы менен мүнөздөлөт. Глобалдуу проблемалар өзүлөрүнө адамзат цивилизациясынын диалектикасындагы түрдүү карама- каршылыктарды камтуу менен баардык калктарга, элдерге, этносторго тиешелүү, б.а мындай проблемалардын таасиринен сырткары болгон социумду, атуулдарды табууга мүмкүн эмес.

Глобалдуу проблемаларды кээ бирде жалпы элдик проблемалар деп аташкандыгынын да жөнү бар(Француздча global термин латынча globus сөзүнөн алынып, бүтүндөй жер шары дегенди түшүндүрөт), өткөн кылымдын 60-жылдарынан баштап азыркы доордун жалпы планетардык маселелерин камтыган кеңири терминге айланды. Глобалдашуу (ааламдашуу) деген процесс да ушул терминге байланыштуу глобалдык маселелер менен социалдык прогресс төмөнкү өз ара байланыштар менен туюнтулат.

- Термоядролук согушту болтурбоо, Жер үстүндө зомбулуксуз мамилелерди орнотуу, мамлекеттердин арасында өз ара ишенимди чыңдоо.;
- Батыш жана башка континеттердеги мамлекеттердин ортосундагы технологиялык, экономикалык жана социалдык айырмачылыктарды азайтып, ачкачылыкты, жардылыкты, кат- сабатсыздыктарды жоюу:

- Табияттын кайтарылгыс жана кайтарылуучу булактарын ыктуу пайдалануу менен, чийки заттарды рационалдуу иштетип, энергетика, азык- түлүктөр менен камсыздоону мүмкүн болушунча туура бөлүштүрүү;




**Схема 12.** Глобалдуу проблемалардын критерийлери.

- Экологиялык кризисти азайтуу, адамдын экономикалык пайда үчүн жаратылышка каршы жасаган аракеттеринин залалдарын токтотуу;
- Өнүгүп жаткан элдин саны көп өлкөлөрдө калктын токтоосуз өсүүсү азык- түлүк жана экономикалык башка оорчулуктарды жаратып жаткандыктан, төрөлүү процесстерин азайтуу менен, айрым демографиялык кризистеги, калкы азайып жаткан мамлекеттерде калктын картаюусу мене катар азаюусу болуп жатканда, муун алмашуу процесстери басаңдап, чоң социалдык кризисти пайда кылуучу факторлорду жеңилдетүү;

- Илимий- техникалык революциянын терс залалдарын өз убагында көрө билип, илим менен техниканын жетишкендиктерин рационалдуу пайдалануу менен, коом менен инсандын өнүгүшүнө багыттоо;
- Өнүккөн мамлекеттер менен экономикалык жактан артта калган өлкөлөрдүн ортосундагы айырмачылыктан келип чыккан карама-каршылыктардын аладын алуу, терроризм жана бангичилик ортосундагы кырсыктуу байланыштардын алдын алуу, аркандай оору-сыркоолорго каршы бирдиктүү күрөш жүргүзүү, диний жана цивилизациялык карама- каршылыктарды токтотуу.[66]

Азыркы доордун ушундай карама –каршылыктары, алардын тамыры жана таржымалдары учурдагы философиялык ой жүгүтүүлөр менен илмий изилдөөлөрдүн чордонунда болуп, келечектин негизги проблемаларын бир багытта изилдөө менен тыгыз байланышкан.

“Глобалдык проблемалар” деген терминдин өзү 60-жылдарда Батышта алгач колдонулуп, футурологдор чогулган Рим клубу тарабынан өнүктүрүлүп, азыркы учурда дүйнө жүзүнө кенири белгилүү болду. Арийне көптөгөн глобалдык проблемалар XX кылымдын башында эле Э. Леруа, П.Тейяр де Шарден, В.И.Вернадский сыяктуу аалымдар тарабынан айтылган болчу. 70-жылдарда алар көптөгөн ноосфера, же планетардык эс-акыл тутуму атайын философиялык проблема катары коюлуп, ар кандай илимий тармактардын жаны жетишкендиктери изилдөө иштеринде кенири колдонулууда. Ноосфералык ой жүгүртүү –заманбап философиялык илимдин негизи болуп калды.

“Глобалдуу проблемалар” термини жер шарын, адамдардын турмушун, жандуу дүйнөнү , алар жашаган чөйрөнү камтыган, бардык элдер, ар бир киши үчүн опурталдуу кубулушту туюнтат. Глобалдуу проблемалар адамзаттын жашоосунун түпкү, негизги маселелри болот да бүтүндөй планетардык, регионалдык жана улуттук масштабдагы карама –

[66] ТогузаковО.А.,ЖумагуловМ.Ж. Философия.,Окуу куралы. Б.,2007. 172-б.

каршылыктардын, чечүүнү талап кылган милдеттерди интегралдуу синтези. Ушул өнүттөн алганда " глобалдуу проблемалар" түшүнүгү жалпы адамзаттын кызыкчылыгы менен байланышкан, дүйнөнү камтыган маеселелерди, аларды чечеилишинен жердеги турмуштун, цивилизациянын тагдыры көз каранды экендигин көрсөтөт. Негизинен азыркы глобалдуу проблемалар дегенибиз адамзатка тиешеси бар, эн маанилүү , жалпы планеталык коомдук тарыхый милдеттер, буларды өз убагында, туура чечилбеши адам коомунун өнүгүшүнө, функцияланышына коркунуч туудура тургандыгын билдирет.

Глобалдуу проблемалардын сапаттык өзгөчөлүгүн, манызы теренирээк өздөштүрүү үчүн мындай проблемалардын критерийлерин белгилеп көрсөтүү зарыл.

- Биринчиден, глобалдык дегендик мазмунга жооп берүү үчүн проблемалар дүйнө калктарынын, дегеле келечектеги адамзаттын кызыкчылыктары, мүдөөсү менен ажырагыс байланышта болушу жакшы көрүнүш. Мындай жагдайда глобалдуу пролемалар жалпы адамзаттык мүнөзгө ээ, адам цивилизациясынын тагдыры менен "шайкеш" , чырмалышкан, ар бир эл , этнос, алгана тургай жеке адам үчүн да түздөн –түз маанилүү.
- Экинчиден, глобалдуу проблемалар дүйнөлүк ченемде болуп, коомдук өнүгүүнүн обьективдүү фактору катары байкалат, б.а. социо-маданий процесстердин кубулуштардын уламдан-улам глобализацияланышы, интернацияланышы алар менен шартталган глобалдуулугун көрсөтөт. Глобалдык проблемалардын чечмелениши коомдун, ар түрдүү өлкөлөрдүн ырааттуу өнүгүшүнө зор өбөлгөөлөрдү түзөт.
- Үчүнчүдөн, глобалдык проблемалардын өз учурунда чечилбеши адамзат, анын келечеги үчүн күтүлбөгөн коркунучтарды туудурат, социалдык- экономикалык прогресске кедерги болот. Баардык мамлекеттердин, элдердин, этностордун ички маңызына, мазмунуна сиңирилген ындай проблемалардын чечилишинин татаалдыгы жана

кечиктирилиши, азаркы цивилизация үчүн болуп көрбөгөндөй катастрофалык натыйжаларга алып келүүсү мүмкүн.

- Төртүнчүдөн, глобалдык проблемаларга кире турган табигый- илимий, илимий- техникалык, социалдык – экономикалык жана руханий- саясый маселелерди чечүү жалпы адамзаттын биримдиктүү иш- аракетин талап кылат. Себеби мындай проблемаларды бир же бир енче мамлекеттик күчү менен чечүүгө мүмкүн эмэс, дүйнө өлкөлөрүнүн конструктивдүү өз аракеттинишүүсүз натыйжа чыкпайт. Жогоруда белгиленген глобалдуу проблемалардын негизги критерийлери менен бирге эле аларга таандык мүнөздүү белгилер бар экендигн эске салуу зарыл. Глобалдуу проблемалардын маанилүү белгилерине төмөндөгүлөрдү кошууга болот: курчтуулук, динамизм, комплекстүүлүк, бири – бири менен байланышкандык, убакыт боюнча өзгөрүүчүлүк себептик- натыйжалык мамилелердин татаалдыгы ж.б.

XX экинчи жарымынан тартып, XXI к башында жалпы адамзаттык проблемалардын өтө курчтугу, социалдык- экономикалык, маданий – саясий өнүгүүнүн контексинде жаңы приоритеттүү милдеттерге айлануусу байкалууда. Алардын курчтуулугу, татаалдыгы, көрүнүштөрү ар түрдүү деңгээлде, мүнөздө болгондукта, бул маселелерди чечүү да системдүү практикалык иш аракеттерди б.а. эл аралык, улуттук регионалдык масштабдагы программаларды, проектерди ишке ашырууну талап кылат.

Глобалдуу проблемалар бири – бири менен тыгыз байланышкан өз ара аракеттенишүүлөрдө, мамилелерде детерминацияланууда турушат (дегеле диалектиканын жалпы байланыш принцибине таянсак изоляцияланган, обочолонгон, карым катышта болбогон планетардык масштабдагы маселелрди табууга мүмкүн эмэс). Чындыгында мындай проблемалардын комплекстүү системдүүлүгү, алардын генезисин жана эволюциясын шарттаган экономикалык техникалык, табигый – социалдык, социалдык – маданий, руханий - саясий процесстердин ажырагыс биримдиги менен мүнөздөлөт. Глобалдуу проблемаларда татаал себептик –натыйжалык

мамилелердин боло тургандыгын да эске алуу зарыл б.а. түз, кыйыр, негизгиси эмес, алыскы, жакынкы, таанылган, али таанылa элек себептик-натыйжалык байланыштар өкүм сүрөт. Буларды терең өздөштүрүү аркылуу гана адамзат цивилизациясынын өнүгүүсүнү обөективдүү өбөлгөлөрү болуучу маселелрди чечүүгө мүмкүн ачылат.

Азыркы глобалдуу проблемалардын дагы бир өзгөчө белигиси динамизм болуп саналат, алардын мейкиндик –убакыттык континумунда келип чыгат, татаалданат, курчтуугу күчөйт, сандай сапаттык өзгөрүүлөргө, таанууга , таанылууга дуушар болушат, өзүлөрүнүн манызын , мазмунун, структурасын, аракет кылуу , таасир берүү сфераларын өзгөртүшө. Ошону менен бирге эле айрым проблемалардын курчтуугунун конфиликтик абалынын өзгөрүшү байкалат. Ушуга байланыштуу планетардык масштабдагы маселердин, убакыттын өтүшү менен коомдук мамилелердин системасындагы алган орду цивилизациялык өнүгүүдөгү ролу , приоритеттүүлүгү чечмеленүү эволюсисынын ар түрдүү болушу мыйзамдуу көрүнүш. Алсак, XXкылымдын 80-жылдарында глобалдуу эсептелинген проблемалар аздыр- көптүр чечилип, бүгүнкү күндө бара –бара регионалдык же этностук маселерге айланышы мүмүн( Маселен, ядролук куралдарды сыноо). XXIк.дүйнө өлкөлөрүнүн социалдык – экономикалык, маданий, саясий, илимий-техникалык, демографиялык өзгөрүүлөрү байланыштуу дегеле башка структардагы, мүнөздөгү глобалдуу проблемаларды системасы пайда болушу ыктымал.

Глобалдуу проблемардын сапаттык өзгөчөлүктөрүн мүнөздөөчү негизги критерийлер жана белгилер ( ушулар аркылуу илимдин өнүгүшү, туризм, соода жүрүүшүнө, ж.б. дээрлик бардык өлкөлөрдө болсо да, алар глобалдуу проблемаларга кирбейт) планетардык маселердин (милдеттердин ) көп түрдүүлүгүнө таандык.

## 2. Глобалдуу проблемалардын көп түрдүүлүгү.

Глобалдуу проблемалар татаал, өнүгүп туруучу структаралуу система болсо да, аларды салыштырмалуу үч топко бөлүп кароо зарыл. Биринчиден,

коомдук өнүгүүнүн социалдык –экономикалык , маданий-саясый шарттарынын келип чыгуучу проблемалар. Аларга төмөнкүлөр кирет: тынчтык жана согуш маселелери, термоядролук урушту болтурбоо, ядролук сыноо коркунучуу болбогон дүйнөнү түзүү, социалдык -экономикалык артта калычуулукту, жакырчылыкты, кедейчиликти , ачкачылыкты, илимий – техникалык жактан жетишсиз өнүккөндүктү жоюу; Батыштагы индустриялдуу өнүккөн өлкөлөр менен Азиядагы, Африкадагы, Латын Америкасында өнүгүп жаткан мамлекеттин ортосундагы экономикалык , маданий денгээлдеринин айырмачылыктарын кыскартуу; бардык элдердин кызыкчылыгына, өз ара ишенимине жана шериктештигине ылайыктуу коомдук процесс үчүн тынчтык шарттарды түзүү;

Эл аралык терроризм , илимий техникалык прогресстин ар түрдүү терс жактарын, натыйжаларын өз убагында көрүп, андан кутулуу , ал эми анын жакшы жагы коом менен адардардын кызыкчылыгы , келечеги үчүн рацианалдуу жана эффективдүү пайдалануу ж.б.

Экинчиден, коом менен табияттын байланыштарынын, карым – катнаштарынын уламдан – улам татаалданууларынын натыйжасы катары көп кырдуу маселелерин ар кандай маңызда, мазмунда байкалууда. Алсак табияттык чөйрөнүн, б.а. суунун, абанын булганышы, экологиялык системалардын, өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жок боло башташы жаратылыштын өндүрүмдүүлүгүнүн начарлашы жердин жашыл тону токойлордун кескин кыскаруусу, кыртыштын эрозияга учурашы жана мындан ары адазаттын экономикалык өнүгүшүнүн керектүү азык түлүк, сырье, энергия менен камсыз кылуу; экологиялык кризистерди катастрофаларды (маселен парниктик эффектик, климаттын өзгөрүшү же планетадагы температуранын жогорулашы баланстын бузулушу, атмосферадав озон тешикчелеринин пайда болушу) алдын – алуу, болтурбоо ж.б.

Үчүнчүдөн, кишинин өзүнүн өнүгүшүнөн, наын коомдук мамилелер процесстер менен байланыштарынан келип чыгуучу глобалдуу

проблемалардын системасы да сандык – сапаттык аныктыктарда көрүнүүдө. Буларга төмөнкүлөрдү кошууга болот: кишитлердин, жалпы адамзаттын мейкиндик убакыттык тутумдукта ырааттуу, комплекстүү туруктуу өнүгүшү; демографиялык кризис б.а. өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү өтө ылдамдык менен өсүп жаткан калктын санын стабилдештирүү, ал эми өтө өнүккөн мамлекеттердеги баланын аз төрөлүшүн сактоо; коркунучтуу илдеттерин( наркомания, алкоголизм, СПИД) таралышы, аларды жою, эл агартуу, камсыздандыруу, адептүүлүк, экологиялык жүрүм- турумдун, рухийлүүлүктүн калыптанышы ж.б.

Глобалдуу проблемалардын үч тобундагы ар түрдүү көрүнүштөрү бири- бири менен тыгыз байланышып диалектикалык карым катнаштарда, иерархиялык жалгашууларда детерминацияларда болушат да органикалык бир бүтүндөй системаны түзүшөт. Мындай система болуп көрбөгөндөй татаалдыгы көп факторлуулугу функцияланышынын түрдүү тенденциялары, анын элементтеринин тигил же бул планетардык, адамзаттык маселелеринин приоритеттетүүлүгү, коомдук өнүгүү үчүн маанилүүлүгү менен мүнөздөлөт. Глобалдуу проблемалардын чиеленишкендигин, чырмалышкандыгын чексиз көрүнүштөрүн, себептик- натыйжалык, иерархиялык мамилелерде болушун, генезисин, эволюциясын аныктоо аркылуу гана алардын бай маңызын, терең мазмунун социо- маданий өнүгүүнүн контексинде илимий түшүнүүгө болот. Азыркы глобалдуу проблемалар коомдук прогресстин ушул күнгө чейинки жыйынтыгы болгону менен жаңы геосаясий шарттардагы бирдей эмес экономикалык социалдык, саясый, илимий- техникалык, демографиялык, маданий, руханий, экологиялык өнүгүүнүн өтө курчушунун натыйжасы. Дегеле бул проблемалар социо-маданий, социо- табигый, адам бытиелеринин ички өнүгүү логикасын камсыз кылууга багытталган коомдук процесстеридеги, кишилердин табиятка, социалдык мамилелерге, жалпы адамзатка карата карым катнаштарындагы, адам цивилизациясынын жаратуучулук күчү, интелектуалдык илимий техникалык потенциалы аркылуу ишке ашырылуучу олуттуу милдеттерди чечүү менен байланышкан.

**3.Глобалдуу проблемаларды чечүү маселеси жана адамзат келечеги.**

Глобалдуу проблемалардын чечилиши дүйнөлүк масштабда социалдык – экономикалык мамилелерди түп тамырынан бери өзгөртүүнү талап кылат, коомдук прогресске кызыккан баардык социалдык реалдуулуктагы күчтөрдү, ресурстарды, адамзаттын предметтин практикалык ишмердигин активдүүлүгүн өздүк реализациясын бириктирип, руханий, саясий илимий- техникалык, табияттын байлыгын пайдалануу жактан эл аралык шериктештикте, биримдикте уюштуруу зарыл. Мындай проблемалар кандай көп кырдуу болсо, аларды чечүүнүн жолдору, багыттары да ошондой эле ар түрдүү. Алсак, согушту болтурбай, тынчтыкты сактоо үчүн баардык мамлекеттер коомдук түзүлүштүн айырмачылыктарына карабай биргелешип, чогу жашашып, талаш – тартыш маселелерди сүйлөшүү, өлкөнүнүн бүтүндүгүн суверенитетин сактоо макулдашуу, шериктеш болуу менен чечүүсү абзел. Ал эми экологиялык проблемаларды чечүүдө адамдардын табиятка кылган антропегендик таасирин биосферанын андагы экосистемалардын мүмкүндүктөрү менен айкалыштыруу керек, кишилер менен табияттык чөйрөнүн ортосундагы заттык энергиялык айлантмаларды регуляциялоо зарыл.

Глобалдуу маселелерди чечүү үчүн алардын тамыры качан жана кантип башталгандыгын билүү зарыл. Бизге белгилүү болгондой байыркы цивилизациялар өнүгө башталган мезгилден б.з.ч. 3500 жыл мурдатан баштап XXкылымга чейин адам баласы 14530 согушту башынан өткөрүп, ошонун ичинде 292 жыл гана согушсуз жашаган. Эгер XIXкылымда согуштун кесепетинен 16млн адам жок болсо, XXкылымда 70млндон ашык адам кырылган. Бүгүнкү күндөгү жарылуучу заттардын суммалык эквиваленттик күчү 18млрд тоннаны түзөт, бул деген жер планетасында жашаган ар бир адамга 3,6т тротил туура келет дегенди билдирет. Эгер ошол жарылуучу заттардын 1гана пайызы жарылып кетсе, жер планетасында

ядролук кыш орнойт, адамды гана жок кылбастан бүткүл жандуу биосфераны жок кылышы мүмкүн.[67]

Ал эми демография проблемасы азыркы учурдун эң жоболдуу маселелерин түзүүдө. Демография термини 1855-жылы А.Гийяр тарабынан киргизилген. Жер планетасындагы адамдардын көбөйүү динамикасын карап көрүүгө болот:

Алгачкы палеолитте- 100- 200- миң адам, неолиттин аягында – 50 млн, биздин эранын башында – 230 млн, XIX кылымдын башында – 1млрд, 1930 – жылы 2 млрд, 1961 – жылы – 3 млрд, 1976-жылдын башында – 4 млрд, 1980-жылы – 4,4 млрд, 1988-жылга карата-4,9 млрддан жогору, 2010-жылга карата- 7 млрд бул жыл сайын 2 пайызга жакын адам көбөйүп жатат дегенди билдирет, ушундай жол менен адам саны өсүп отурса, XXI кылыдын аягына чейин эле 11-12 млрд адам болот, бул демографиялык жарылууга алып келиши мүмкүн деген пикирлер бар.

XX кылымдын чумасы аталган СПИД оорусу биринчи жолу 1981-жылы АКШда катталып, тездик менен бүт планетаны каптап келе жатат.
2001-жылы дүйнө жүзү боюнча 40 млн СПИД менен ооруган жаран катталса, алардын 16 млну бул дүйнө менен кош айтышкан. Бүгүнкү күндө Россияда 500 миң, Кыргызстанда 16 миң адам бул оору менен каттоодо турат. Андан да өкүнүчтүүсү бул оору менен ооругандардын жашы жашарган, б.а.азыр 15-30 жаштагылар каттоодо турат.[68]
Бул жоболдуу маселелерди чечүү адамдардын адеп- ахлагына, тарбиясына жана билимине көз каранды. Жаш муундарга билим берүү менен гана чектелбестен, аларга гуманитардык илимдердин бир тармагы болгон этика эстетика преметтерин терең окутуу зарылчылыгы келип чыгууда. Анткени көп түрдүү оорулардын, экологиялык проблемалардын келип чыгышы, коомубуздагы адеп- ахлак нормаларынын, таалим- тарбиянын жана ошол

[67] Нижников С.А. Философия. Учебник.-М.2009.372-б.
[68] Нижников С.А. Философия. Учебник.-М.2009.379-б.

проблемалар тууралсында билимдин тайкылыгынан жаралууда деген пикирдебиз.

**Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор:**

1. Глобалдуу маселелер дегенди кандай түшүнөсүңөр?
2. Глобалдуу маселелерди чечүүнүн жолдорун билесиңерби?
3. Глобалдуу проблемалардын кандай түрлөрү бар?
4. Адеп-ахлак жоболдуу маселелерди жаратууда кандай роль ойнойт?
5. Өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин да ролу барбы?
6. Адамдын келечеги жөнүндө кандай пикирлер бар?

Адабият:


1. Антология мировой философии. Том 1 М., 1989.
2. Введение в фолософию М.,1989. Ч. 1.
3. Тогусаков О.А., Жумагулов М.Ж, Байбосунов Философия. Бишкек - 2007.
4. Асмус В.Ф. Античная философия .М.,1976
5. Вунт В. Введение в философию .М., 1998
6. Солопов Е.Ф. Философия курс лекций. М., 1997
7. Данильян О.Г., Тараненко В.М. Философия. Учебник.-М., 2005
8. Рычков А.К., Яшин Б.Л. Философия . Учебник .М., 2002
9. Нижников С.А. Философия. Учебник. -М.2009.

**Мазмуну:**

Киришүү …………………………………………………………..… 3

1. Философиянын адамдын жана коомдун турмушундагы мааниси……………
………………………………………………..……………………5

2. Байыркы дүйнөнүн философиясы……………………………………19

3.Мусулман Чыгыш философиясы…………………………………… . 32

4. Кыргыз философиялык ойлорунун өнүгүшү………………………..40

5. Батыш Европа философиясы………………………………………… 50

6. 20 кылымдын философиялык агымдары...........................................58

7. Болмуш……………………………………………………………… 66

8. Материя………………………………………………………………76

9. Диалектика………………………………………………………....83

10. Ан-сезимдин философиялык проблемалары…………………… … 91

11. Тааным. Практика. Илим……………………………………………..100

12. Адам табияты жана жашоосунун манызы…………………………..109

13.Коом…………………………………………………………………118

14. Баалуулуктар. Маданияттын өз-ара карым-катнаштары…………..125

15. Инсан. Эркиндик…………………………………………………..131

16. Азыркы замандын жоболдуу маселелери.......................................135